А. МУХАММАДЖАНОВ

# ӨЗБЕКСТАН ТАРЫХЫ

**(IV КЫЛЫМДАН XVI КЫЛЫМГА ЧЕЙИН)**

## 7-КЛАСС

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тастыктаган*

Кайра иштелген үчүнчү басылышы



"SHARQ" БАСМА-ПОЛИГРАФИЯЛЫК
АКЦИОНЕРДИК КОМПАНИЯСЫНЫН
БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ
ТАШКЕНТ – 2017

UO‘K: 94(575.1)(075)
KBK 63.(5O‘)
M–3

Окуу китеби 2017-жылда **Ф. Султанов тарабынан** бардык темалар кайра иштелген болуп, 21,22,23,34,35,40-темалар жаңыдан жазылды.

Жооптуу редактор **А.Т. Заманов**
Окуу китебинин методикалык курулмасы
**Ф. Султанов тарабынан** иштелген

Рецензенттер:

***А.М. Атахожаев*** – ӨзРИА Тарых институтунун бөлүм башчысы, тарых илимдеринин доктору;
***А.Ж. Яхшиев*** – Салык академиясынын Тарых кафедрасынын жетекчиси, тарых илимдеринин кандидаты;
***Н. Нарзиев*** – ТШЭББККДИӨИ ага окутуучусу;
***Ш. Сафарова*** – Республикалык билим берүү **борбору** социалдык илимдер бөлүмү башкы методисти;
***З. Жуманова*** – Ташкент шаар, Чиланзар район 162-мектептин тарых предметинин мугалими.

**Окуу китебин окуу жараянында Сага жардам берүүчү белгилер:**



**Маанилүү тарыхый окуяларды эсте тутууну талап кылат.**



**Текстте кездешүүчү термин жана негизги түшүнүктөрдүн мазмунун билип ал.**



**Тема боюнча берилген суроолорго жооп бер, тапшырмаларды аткар.**

M–3 **Мухаммаджанов, Абулахад.**
Өзбекстан тарыхы: 7-класс үчүн окуу китеби. Кайра иштелген үчүнчү басылышы / Автор. А. Мухаммаджанов. – Т.: “Sharq”, 2017. – 160 б.

**UO‘K: 94(575.1)(075)**
**KBK 63.(5O‘)**

**ISBN 978-9943-26-686-5**

**Республика максаттуу китеп фонду каржаттары.**

© А. Мухаммаджанов, 2009, 2013, 2017
© “Sharq” NMAK Bosh tahririyati, 2009, 2013, 2017

# КИРИШҮҮ

Ардактуу окуучу!

Мекенибиз бай жана байыркы тарыхка ээ. Туран, Түркстан, Мавараузннахр деген аттары менен даңкы чыккан бул мамлекеттин жана өз эмгеги аны абат кылган өзбек элинин өтмүшү өтө кызыктуу да, үлгүлүү да болуп саналат.

Сен бул окуу китебинде IV–XV кылымдарда Мекенибиздин тарыхында болуп өткөн окуялар жөнүндө билип аласың. Бул тарыхый баскычта, «өзбий» жана «өзбек» терминдери менен даңкталган өзбек эли калыптанды.

## ”Өзбек”---уруу беги, өкүмдар

IV–XV кылымдарда алгач Харезм, Хионийлер, Кидарийлер, Эфталдар, Түрк каганаты, кийинчерээк Саманийлер, Караханийлер, Харезмшахтар, Амир Темур өкүмдарлык кылган ири мамлекеттер бийлик жүргүзгөн. Ушул мамлекеттер бул аймактын калкынын социалдык-саясий, экономикалык жана руханий турмушунун өнүгүүсүнө таасир көрсөткөн. Алгачкы орто кылымдарда «кыштактын акими» деп аталган чоң жер ээси – «дыйкан»дар жана алардын эгинзарларында иштөөчү жерсиз «кадивар»лар калыптанды. Жерде иштөө тартиптеринин түптөн өзгөрүшү калк арасында катмарланууну ого бетер курчутту.

VIII кылымдын баштарына келип өлкөбүздө Араб халифаты орнотулду, араб маданиятынын таасири күчөдү. Халифаттык бийлигинен соң, илим-билим, агартуучулуктун өнүгүүсү үчүн шарт пайда болду. Өлкөбүздөн дүйнөлүк илимдин өнүгүшүнө салым кошкон **Мухаммад ибн Муса ал-Харезмий, Ахмад ал-Ферганий, Абу Райхан Беруний, Ибн Сина, Улукбек жана Алишер Наваий** сыяктуу улуу даанышмандар жетишип чыкты. Орто кылымдарда жашап эмгектенген **Имам Бухарий, Имам ат-Термезий, Махмуд аз-Замахшарий, Ахмад Яссавий, Нажмиддин Кубра, Бахауддин Накшбанд жана Хожа Ахрар Валий** сыяктуу атактуу уламалардын Ислам дини жана оку-

усуна тиешелүү чыгармалары бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпогон. Улуу ойчул жана даанышмандардын илимий мурасы жана анын заманбап цивилизация тарыхында туткан орду жана ролуна арналып **2014-жылдын 15-16-май күндөрү** Самаркандда эларалык конференция өткөрүлдү. Конференцияда элүүгө жакын мамлекеттерден чыгыш таануучу аалымдар, абийирлүү эл аралык уюмдун өкүлдөрү, илимий борборлордун адистери катышты.

Ардактуу окуучу! Биз өлкөбүздөн жетишип чыккан, дүйнө тан алган улуу даанышман жана атактуу уламалардын муундарыбыз. "Дүйнө кабыл алган улуу даанышмандарыбыз жана атактуу уламаларыбызга татыктуу болуу" дегенде эмнени түшүнөсүң? Пикириңди баянда. Ал үчүн сенден эмне талап кылынат?

***«Изилдөөчү-аалымдардын пикиринче, Чыгыш, анын ичинде, Борбордук Азия региону IX–XII жана XIV–XV кылымдарда кудум ташкындай атылып чыккан эки кудуреттүү илимий-маданий өнүгүүнүн булагы эсептелип, дүйнөнүн башка региондорундагы Ренессанс жараяндарына оң таасир көрсөткөн Чыгыш кайра жаралуу доору – Чыгыш Ренессансы катарында дүйнө илмий жамаатчылыгы тарабынан татыктуу түрдө кабыл алынган».***

Ислам Каримов

Окуу китебин окуу жараянында Ата Мекен коргоосу жолунда эрдик көрсөткөн ***Жалалиддин Мангуберди, Темур Малик, Шайх Нажмиддин Кубра, Махмуд Тарабий, Амир Темур*** сыяктуу мекенди сүйүүчүлөрдүн эрдиги менен таанышасың.

Байыркы Туран аймактарында эзелтеден отурак өзбек, тажик, кыргыз, казак, каракалпак жана түркмөндөр жашап келген. Ошондуктан, өзбек элинин өтмүшү этникалык жактан жакын болгон боордош элдердин тарыхы менен тыгыз байланышта айкалышкан. Алар көпчүлүк учурларда бирдиктүү мамлекеттин жалпы жараны болуп жашашкан, эл-журтту абат кылууда активдүү катышышкан.

Окуу китебинде берилген окуялар менен таанышып барып, анда элибизди жаратуучулукка, илим жана агартууга умтулуп жашашын билип аласың. Илим жана агартууга умтулуу аркылуу гана жеткилеңдикке жетишүү мүмкүндүгүн түшүнөсүң. Жет-

килеңдик болсо тынымсыз эмгекти талап кылат. Сен өз үстүңдө тынымсыз иштөө, билимиңерди чыңдоо, ашырып баруу аркылуу патриоттугуңду көрсөтөсүң. Бул сенин руханий эрдигиң болуп калат.

1. Өзбекстан Республикасынын биринчи Президенти Ислам Каримовдун төмөнкү пикирлерин оку жана андагы «... өзүбүз да, дал ошолор сыяктуу, мына ушул баа жеткис мураска өз салымыбызды кошолу!» деген пикирине мамилеңди билдир. Сен кандай салым кошо аласың?

***Мен жаштарыбызга кайрылып, аларга дайыма: «Биз улуу бабаларыбыз менен сыймыктанышыбыз керек», деп айтамын. Ошол эле маалда «Жалаң сыймыктануунун өзү жетерлүү эмес, келгиле, өзүбүз да, ошолор сыяктуу, мына ушул баалуу мураска өз салымыбызды кошолу!» деп кайталаймын».***

2. Эстеп көрчү, байыркы доордо Өзбекстан аймагында кандай мамлекеттер болгон?
3. Текстте келтирилген «...ушул аймактын калкынын социалдык-саясий, экономикалык жана руханий турмушунун өнүгүүсүнө таасир көрсөткөн» дегенде кандай таасирлер жөнүндө сөз жүрүп жатат? Социалдык-саясий, экономикалык жана руханий таасир дегенде эмнени түшүнөсүң?
4. Айтчы, орто кылымдарда Мекенибиз тарыхынын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүгү эмнеден турат экен?
5. Орто кылымдарда журтубуздан жетишип чыккан улуу данышмандар жана атактуу уламалардын кайсы чыгармаларын билесиң?
6. Сен журтубуз тарыхына арналган эларалык конференцияда катышканыңда, эмнелер жөнүндө айткан болот элең?

# I БӨЛҮМ. ОРТО КЫЛЫМДАРДА ЖЕРГЕ ЭЭЛИК КЫЛУУ МАМИЛЕЛЕРИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

## 1-§. КООМДУК-САЯСИЙ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

**Таяныч түшүнүктөр:** ***дыйкан, кашаварз, кадивар; чоокер.***

**Коомдук-саясий өзгөрүүлөр.** Өз заманынын улуу мамлекетттеринен болгон Канг өлкөсү жана Кушан падышачылыгы доорунда Байыркы Туран жергеси өнүгө баштаган. Бул өзгөрүүлөр натыйжасында мамлекет элинин коомдук-саясий, маданий жана саясий турмушунда маанилүү өзгөрүштөр болду. Шаарлардын саны көбөйдү жана аянттары кеңейди. Шаар баштапкы орто кылымдарда кол өнөрчүлүк, соода-сатык жана маданий турмуштун борборуна айланды. Өрөөндөрдө ири сугаруу тармактары казылып, сугарма дыйканчылык аянттары кеңейди. Суу тегирмени, чыгыр жана **чаркпалек** сыяктуу суу курулмалары ойлоп табылды.

Эгин майдандарын сугаруу жана иштөө берүүнүн өнүгүшүнөн адамдар дыйканчылыктан мол түшүм алган. Шаарларда адамдардын көбөйүп барышы, кол өнөрчүлүк, ички жана тышкы сооданын өнүгүп барышы менен айыл чарба түшүмдөрүнө болгон талап ашып барган. Натыйжада мамлекеттин экономикалык турмушунда чийки заттарды даярдап бере турган айыл-кыштактардын ролу өстү. Бир жактан жерге, дыйканчылык аянттарына болгон мамилелер, аларга ээлик кылуу түрү акырындык менен өзгөрө баштады. Ал эми экинчи жактан, отурукташкан элдер менен чарбачыл уруулардын ортосундагы мамилелер өнүктү. Натыйжада дыйканчылыкка жарамдуу жерлерге болгон талап барган сайын өсүп, дың жана бош жерлерге суу чыгарылып, чоң эгин аянттары ачылды. Мындай өздөштүрүү иштерин аткарууда эл-журттун коомдук турмушунда чоң беделге ээ болгон мүлк ээлеринин өкүлдөрү, айыл-кыштак аксакалдары жана уруу башчылары иш баштоочу катары активдүү катышышкан. Дың жерлерде ачылган жаңы жер аянттарынын белгилүү бир үлүшү алардын колуна өткөн жана мурастык мүлкүнө айланган. Ошентип, жер ээлөөчүлүккө негизделген мүлк ээлеринин чоң катмары калыптанган.

**Дыйкандар жана алардын чарбачылыгындагы турмуш.** Эл башчылары өздөрүнө тиешелүү болгон жерлерди сугаруу тармактарынын жогорку бөлүгүнөн, айрыкча суу башынан бөлүп алышкан. Бул жол менен алар дыйканчылыкта сууну кеңири пайдалануу, суу бөлүштүрүүнү көзөмөлгө алып, кыштак элинин үстүнөн өз таасирин өткөрүү укугуна ээ болгон. Ошентип, алар эмгекчил элдин үстүнөн өкүмдарлык кыла баштайт. Ошол мезгилде алар **дыйкандар** деп аталган.

Дыйкандар шаарларда заңгыраган кооз чеп жана сарайларга, соода жана кол өнөрчүлүк дүкөндөрүнөн турган түйүндөргө да ээлик кылышкан. Ал эми кыштактарда болсо эгин талааларынан сырткары, алардын гүл бактарга айланган коргондору, **суу жуваз, май жуваз** жана тегирмендери болгон. Кул, күңдөр жана көптөгөн кызматкерлер дыйкандардын чарбасында жайы-кышын иштешкен. Алардан сырткары, ар бир чоң жер ээсинин 30–40, 50–100 жана андан ашуун куралданган аскердик топтору – **чоокерлери** болгон.

Кыштактарда дыйкандардын бедели артып, чоң-чоң аянттарга ээ болуп алышты. Бул өз кезегинде мамлекеттин социалдык турмушуна таасир кылды. Жерге ээлик кылуунун калыптануусу менен мамлекеттин коомдук турмушунда кескин өзгөрүүлөр болду. Бул өзгөрүүлөр, айрыкча кыштактарда сезилерлүү болду. Кыштак жамаалары жер ээси болгон **дыйкан** жана ага көз каранды болгон жерсиз жана эрксиз **кадивар**ларга ажыралып барды. Кыштак жамааларынын жерлеринде жашап, жер-суудан турган жалпы менчик мүлкүнө ээ болгон эркин эгин эгүүчүлөрдүн катмары **кашаварз**дар деп аталган. Алардын айрым бир бөлүгү жамааттагы жерлеринен ажырап, бара-бара кадиварларга айланган. Айрым дыйканчылык өрөөндөрдүн чоң жерлерине ээ болгон дыйкандар өз аймактарынын эркин акими да болуп алышкан.

**V кылымдын ортолоруна** келип, эгин талааларынын белгилүү бир бөлүгү мүлктүү дыйкандардын кол астында болсо

***Дыйкан кыштак акими – алгачкы орто кылымдарда мүлкдар катмар**
***Кашаварз – эгин эгүүчү кошчу**
***Кадивар – кыштактын дыйкандарга көз карандылыгы**
***Чоокер – дыйкандын мүлкүн кайтаруучу аскер.**

да, бирок дыйканчылык өрөөндөрдөгү сугат жерлердин негизги бөлүгү алиге чейин кыштак жамааларына тиешелүү болгон.

**1.** Эмнеге алгачкы орто кылымдар доорунда өнүгүү башталган? Бул өнүгүү убагында кандай өзгөрүүлөр болду?
**2.** Айтчы кандай факторлор кыштактын ролунун өсүшүнө себеп болгон?
**3.** Неге дың жана бош жерлерди өздөштүрүүдө мүлк ээлеринин өкүлдөрү, айыл-кыштак аксакалдары жана уруу башчылары иш баштоочу катары активдүү катышышкан?
**4.** Алгач орто кылымдарда айыл-кыштак жамааларынын кандай катмарларынан түзүлгөн эле?
**5.** Ойлоп көр, эмне үчүн өрөөндөрдөгү сугат жерлердин негизги бөлүгү кыштак жамааларынын карамагында болгон?

## 2-§. АЛГАЧКЫ ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ ХАРЕЗМ, ХИЯНИЙЛЕР, КИДАРИЙЛЕР МАМЛЕКЕТТЕРИ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***афригийлер, хиянийлер, кидарийлер.***

**Харезм мамлекетинин түзүлүшү.** Алсызданып бараткан Канг мамлекетинен биринчи болуп Харезм бөлүнүп чыкты. Аны жергиликтүү афригийлер уруусуна таандык харезмшахтар башкара баштайт. **III кылымдын ортолору**нда Харезм мамлекетинин борбору алгач Каракалпакстандын Элликкалаа районунда жайгашкан байыркы **Топураккалаа** шаар урандысынын ордунда болгон.

**Б.з. 305-жылы** Харезмшах **Африг** өз ордосун Харезмдин байыркы **Кат** шаарына көчүргөн. Кат кайра калыбына келтирилип, шах өзүнө жаңы сарай курдурат. 305-жылдан баштап Харезмдин Афригий падышалары күмүш тыйындар чыгарышты. Анын алды жагына шахтын жана артына атчан аскердин сүрөттөрү чегилген. Күмүш тыйындардын чыгарылышы өлкөнүн ички-тышкы соода мамилелерин бекемдеген.

**III кылым**да Харезм аймагында экономикалык-саясий жактан көз карандысыз бир нече сугарма дыйканчылык оазистерин башкарган майда акимдиктер пайда болгон. **Топураккалаа**дан колунда бүркүт кондурулган таажылуу өкүмдардын айкелинин же **Анкакалаа**га жакын жерден колунда ылаачын

кармап турган таажылуу адамдын сүрөтү чегилген тыйындын табылышы бийликтин символунан дарек берет. Өкүмдарлар «***Харезмшах***» даражасына ээ болушкан. Кээ бир булактарда жазылышынча, «Харезмшахтар» даражасы баштап сиявуштар династиясы тарабынан кабыл алынган.

*** Афригийлер – Харезмде IV-X кылымдарда өкүмдарлык кылган харезмшахтар династиясы. Династия негиздөөчүсү – Африг.**
***Бүркүт жана ылаачын Харезмдин бийлик символдору болгон.**

Харезм хиянийлер, кидарийлер, эфталдар жана Түрк каганаты доорунда да өзүнүн саясий көз карандысыздыгын сактап калган. Харезм Византия жана түрктөр менен дипломатиялык байланыштарды алып барган.

**Хиянийлер мамлекети. IV кылымдын 70-жылдарын**да Орто Азияда хиянийлер бийлиги орнотулат. Бул мамлекетке түрк урууларынан хиянийлер негиз салган болуп, мамлекеттин борбору Зарафшан өрөөнүндө болгон. Хиянийлер алгач Зарафшан өрөөнүн ээлеп, түштүккө арекет жасашкан жана алсызданып калган Кушан падышалыгы ордун ээлешкен. Борбору Тохарстан болгон Түндүк Индия, Афганистан Хурасандын бир бөлүгүн да өз ичине алган хиянийлер мамлекети орнотулат. Бул өлкө 120 жылдан ашуун өкүм сүргөн.

**Кидарийлер мамлекети. V кылымдын 20-жылдарын**да Чыгыштан Сырдарыя жана Арал бойлору аркылуу Харезм менен Амударыя өзөнүнө дагы бир көчмөнчү чарбалуу эл – **тохарлар** кирип келет. Тохарлар кушан урууларынан болуп, **Кидар** аттуу падыша аларга жол башчылык кылганы үчүн аларды кидарийлер деп аташкан. Тез арада **кидарийлер** Хиянийлер өлкөсүнүн түштүк бөлүгүндө өз бийлигин орнотушкан. **Балх** шаары бул жаңы мамлекеттин борборуна айландырылган.

**456-**жылда кидарийлер жана Сасанийлер мамлекети ортосунда салгылашуу болуп өтөт. Салгылашууда Кидарийлер мамлекети Сасанийлерден жеңилип калат жана өзүн кайра оңдой ала алган эмес. Кидарийлер көчмөнчү чарбалуу эли – эфталдар

менен кагылышат. Натыйжада, кидарийлер Орто Азияны таш-тап, түштүккө – Түндүк Индияга карай чегинишет. Ал жерде 75 жыл бийлик жүргүзүшкөн.

**1.** Байыркы Харезм мамлекети жөнүндө эмнелерди билесиң?

**2**. Алгачкы орто кылымдарда Харезмдин өзүнүн саясий эгемендигин сактап калуусунун себеби эмнеде?

**3.** Хиянийлер, Кидарийлер мамлекеттери территориясын картадан көрсөт.

**4.** Хиянийлер Орто Азияга кайсы аймак аркылуу кирип келген?

**Төмөнкү жадыбалды алгачкы орто кылымдар мамлекеттерине тийиштүү маалыматтар менен толтур:**

| Мамлекеттердин аты | Аймагы | Түзүлгөн жылы |
|---|---|---|
| | | |

## 3-§. ЭФТАЛДАР МАМЛЕКЕТИ. ЭФТАЛДАР ДООРУНДАГЫ СОЦИАЛДЫК -ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ ТУРМУШ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***эфталдар, этникалык мамилелер, жерге ээлик кылуу, соода, акча мамилеси, тил, маданий байланыштар, мамлекет таянчы.***

**Эфталдар мамлекети.** V кылымдын 20-жылдарынан VI кылымдын 70-жылдарына чейин болгон доордо Орто Азияда Эфталдар мамлекети болгон Жазма булактарда эфталийлер, эфталдар,эфталиттер, хайталдар сыяктуу түрдүү аттар менен аталган болуп, бул аттар Эфталдар шахы **«Эфталон», кээ бир булактарда «Вахшунвар»** дан алынган.

Эфталдар V кылымдын баштарында Орто Азия аймагына Чыгыштан кирип келген. Эфталдар мамлекетинин алгачкы борбору Бухара жакынындагы Пайкент жан Варахша шаарлары болгон. Бул мамлекетке Орто Азиядан башка Чыгыш Түркстан, Ооганстан, Түндүк Индия жана азыркы Пакистан аймактары да кирген. Эфталдар мамлекети өз ара байланыш орнотуу максатында **456-жылы** Кытайга элчи жиберишкен.

Эфталдардын барган сайын күчтүү мамлекетке айланып ба-

раткандыгынан кооптонгон сасанийлер аларга каршы жортуулга чыгат. Сасанийлер падышасы Пероз **484-жылы** эфталдарга каршы болгон согушта анын өлүмү менен аяктаган. Ошондон кийин эфталдарга көз каранды болуп калган сасанийлер аларга күмүш эсебинде белгиленген бажыны үзгүлтүксүз төлөп турушкан.

*** Эфталдар мамлекети – алгачкы орто кылымдардын кудуреттүү мамлекети. V кылымдын экинчи жарымы жана VI кылымдын баштарында Эфталдар мамлекети Орто Азия, Ооганстан, азыркы Пакистан, Түндүк Индия жана Чыгыш Түркстан аймактары өз ичине алган.**

Эфталийлер доорунда салтанат жеке өкүмчүлүк тарабынан башкарылган. Так атадан балага калбай, ушул династиядан ким ылайык деп табылса ошол адам такка отурган. Кандидатты аныктап сунуш кыла турган кеңеш да болгон. Бул кеңеш династиянын ыйык өкүлдөрү менен бийликтин беделдүү мүчөлөрүнөн турган. Вилаяттарда башкаруу жергиликтүү үй-бүлөлөр (династиялар) тарабынан алып барылган. Ушул мүлктөр өкүмдар – **Шо** (падыша)га баш ийүүчү династиялар тарабынан башкарылган. Жадагалса алардын ар бири өзүнүн күмүш же жез тыйынын чыгарышкан.

*** Бажы – олпон, салык. Бир мамлекет тарабынан экинчи мамлекетке төлөнө турган, ошондой эле шаар жана кыштак базарларында соодагерлерден алына турган атайын төлөм.**

V кылымдын аягы — VI кылымдын баштарында Харезм, Согдиана, Чач жана Бактрия вилаяттарында кооз имараттары болгон өз алдынча коргондор пайда болгон. Эфталийлер мамлекет башкаруунда анык мыйзам-эрежелер болгон. Мамлекет аскердик күчкө таянган. Кылмышкерлер үчүн өтө катуу жаза берилген. **563-567-жылдарда** Эфталдар мамлекти Түрк каганаты менен Иран сасанийлердин соккусуна учураган жана жок кылынган.

***Жерге ээлик кылуу.*** Эфталдар мамлекетине бириккен эл-

дин этникалык курамы түрдүү болгон. Экономикалык-соода мамилелеринин ырааттуу жолго коюлушу мамлекетте дыйканчылык, жасалма сугаруу, чарбачылык, бакчылык жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүүсүнө негиз салган. Азыркы убакта да Ташкент аймагы жана Түштүк Казакстан жерлеринин бир бөлүгүн суу менен камсыздап турган **Загарык** (Зоварык) жана **Бозсуу**, Самарканд областынын түштүк аймактарынын негизги суу булагы **Даргам каналы V кылымда** курулган эң чоң сугат тармактарынан болуп эсептелет.

**Соода жана акча мамилеси.** Тышкы соода салыктарынан пайда көрүп турган эфталдар «Жибек жолун» өз көзмөлүндө тутуп турууга аракеттенишкен. Кытай, Индия, Иран жана Византия менен болгон эл аралык соодада алар активдүү катышкан. Жибек жолу соодасында сасаний соодагерлери менен атаандаштыкта негизинен согдулар ортомчу ролун ойногон. Бул болсо, өз ордунда жол, каттоо, камсыздоо, кызмат көрсөтүү тармактарынын кеңейип барышына жол ачкан. Тышкы соодада жибек, лак, боёктор, түстүү айнектер, кымбат баалуу таштар, аргымак аттар, кездемелер, шириндиктер, курал-жарак сыяктуу сейрек учуроочу продукциялар базары мыкты болгон. Эл аралык соода байланыштарынын өнүгүшү менен мамлекетте тыйын акча мамилеси жөнгө салынган.

Ички жана тышкы соода мамилелеринде эфталдар оболу сасаний өкүмдарынын күмүш тыйындарынан кеңири пайдаланышкан. Булардан тышкары, **Бухара, Пайкент, Вардана, Нахшаб, Самарканд** жана **Харезмде** жергиликтүү акимдер тарабынан чыгарылган тыйындар өлкөнүн ички соодасында кеңири колдонулган.

**Тил жана маданий байланыштар.** Орто Азияда түрдүү тилдерде сүйлөшкөн. Отурак элдин бир бөлүгү *согд тилинде*, бир бөлүгү *түркий тилде сүйлөшкөн*. Бул мезгилде согд тили эл аралык соода тили катары Жетисуу жана Фергана, Чыгыш Түркстан, Кытай аймактарында пайдаланылган. **V–VI кылымдарда** *согд, харезм жана эфтал жазуулары* таралган эле. *Эфталдар алиппеси* Бактрия жазуусу негизинде пайда болгон. *Эфталдар алиппеси* 25 тамгадан турган. Сөздөр солдон оңго карай капталынан жазылган.

**V кылымда** Орто Азиялык айнекчилер өнүккөн. Орто Азиянын түстүү айнеги түркүн түстүүлүгү жана тунуктугу жа-

гынан Византия айнегинен өйдө турган. Кытай императорлору өз сарайларын коoздоодо Орто Азиядан алыпкелинген түстүү айнектен пайдаланышкан.

Чоң салтанат эли зардуштийлик, байыркы ынанымдардан Сиявуш, Анахита, Митрага, буддизмге (негизинен Түндүк Индияда)окшогон диндерге сыйынышкан. Ошону менен бирге өлкөдө Моний жана Мазда (маздакийлик) окуулары дагы таралган.

Мына ошентип, Орто Азия элдеринин маданий салттары коңшулаш мамлекеттер, атап айтсак, Индия жана Иран көркөм сүрөттөө усулдары менен жуурулушуп, алгачкы орто кылым маданиятынын калыптануусунда бекем пайдубалга айланган.

**1**. Эфталдардын алгачкы бабалары каерде жашаган? Жазуусуз картада алардын жашаган жайларыны жана багыттарын боёп чык.
**2.** Эфталдар жазма булактарда кандай аттар менен тилге алынат?
**3**. Айтчы, эмне үчүн эфталдар менен сасанийлердин ортосундагы мамилелер кескин болгон?
**4.** Айтчы, эфталдар келип чыгышына көрө кандай топторго таандык болгон? Негизги жумуштары?
**5.** Эфталдар мамлекетинде башкаруу системасы кандай болгон?

**Төмөнкү жадыбалды толтур. Эфталдар мамлекети.**

| **Эфталдар мамлекети** | **Аймагы** | **Өкүм сүргөн доору** | **Өкүмдар** | **Чарбалык турмушу** |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

## 4-§. ОРТО АЗИЯ ЭЛДЕРИ ТҮРК КАГАНАТЫ ДООРУНДА

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Түрк каганаты, каганат башкаруусу, эфталдар мамлекетинин кулашы, каганаттын бөлүнүшү.***

**Каганаттын түзүлүшү.** **VI кылымдын ортолорун**да Алтай жана Түштүк Сибирде жашаган түрк урууларын баш коштурган жаңы мамлекет пайда болду. Бул мамлекет тарыхка Түрк каганаты аты менен кирет. Анын негиздөөчүсү **Бумын** болгон. **552-жылы** Бумын «каган» деп жарыяланат.

Алтай каганаттын борбору кылып белгиленет. Түрктөрдүн

батышка карай жортуулуна **Истеми** башчылык кылат. Ага ***«Ябгу каган»*** деген даража берилет. Тез арада Жетисуу жана Чыгыш Түркстанга туташ өлкөлөрдө жашоочу түркий уруулар багындырылат. **555-жыл**да эле түркийлер Сырдарыя жана Арал деңизи бойлоруна чейин созулган кең аймактарды ээлеп алышат. Каганат чек арасы Эфталдар мамлекетинин аймагына туташып калат**.** Натыйжада эфталдар мамлекетинин түндүк бөлүктөрү кооп астында калат. Мындай ыңгайлуу кырдаалдан пайдаланган сасанийлер Тохарстан менен Чаганиянды эфталдардан тартып алышат. Түрк каганатынын эфталдар менен кагылышуусу анык болчу. Мындай татаал саясий кырдаал каганатты Иран, соң Византия менен жакындаштырган. Көп мезгилдер эфталдар кысымында жашаган сасанийлер бул мамлекеттин биротоло жок болушунан кызыкдар эле. **Хусрав I Анушервандын** (531–579) демилгеси менен жүзөгө келген өз ара аскердик союз Иран падышасынын **Истемиге** күйөө бала болушу аркылуу дагы да чыңдалат.

Иран аскерлеринин Балхка жасаган чабуулу жардамында түрктөр **563-жылы** Эфталдардын мамлекетине бастырып кирет. **Парак** (Чырчык) өрөөнү жана анын борбору Чач шаары тартып алынат. Сырдарыядан өтүп, Зарафшан өрөөнүнө кирип барышат. Алар Самарканд, Кеш, Нахшабды ээлеп, Бухарага жакындашышат. *Сегиз күнгө* созулган катуу салгылашууда эфталдардын кошууну жеңилет. Ошентип, түштүктөн Иран сасанийлеринен, түндүктөн болсо Түрк каганатынан **563–567-жылдар**да соккуга дуушар болгон Эфталдар мамлекети биротоло кыйроого учурайт. Натыйжада жеңилген мамлекеттин мурасы өз ара бөлүштүрүлүп, Амударыянын түштүк жээктерине чейинки аймактар Иран, анын оң жээктеринен тартып Каспий деңизине чейин созулган жерлер Түрк каганатынын карамагына өтөт.

Эфталдар падышалыгы кулагандан кийин жагдай таптакыр өзгөрөт. Эми өз чек арасын түндүк-чыгышка карай кеңейтип алган Иран Амударыядан тартып Сирияга чейинки Жибек жолдун үстүнөн чыныгы кожоюн болуп алат. Ал эми Ыраакы Чыгыштан Иран аймактарына чейинки кербен жолун көзөмөлдөөнү өз колуна алган түрктөр Иран аркылуу Византия менен түздөн-түз соода кыла турган болду.

**Түрк каганатынын башкаруусу.** Түрк каганаты канчалык

чоң болбосун, чыныгы борборлошкон мамлекет эмес эле. Анын негизин түркий тилде сүйлөгөн уруулардын биримдиги түзүп турган. Бул биримдикти каган башкарган. Өкүмдардын бийлиги уруу-аймак салттарына таянып, аскердик-жетекчилик башкарууга негизделген болчу. Мамлекет көчмөн чарбалуу жана отурукташкан дыйкан калкына бөлүнгөн. Көчмөн чарбалуу калкты **«будун»** же **«кара будун»** деп аташкан. Будун өз кезегинде уруулар союзунун бирикмесин түзгөн. Он ок будун же элдин акими **«ябгу»** же **«жабгу»** деп аталган. Ябгу даражасына кагандын тууган-туушкандары гана көтөрүлө алган. Он ок эл башчысы бир түмөн (б. а. он миң) атчанды сапка тизген. Мындай аскердик бөлүмдүн түмөнбашчысы **«шад»** деп аталган.

**VI кылым**да Чырчык, Зарафшан, Кашкадарыя жана Амударыя өзөндөрүндө *ондон ашык оазис акимдери* бар болгон. Алардын экономикалык жана саясий жактан башкарылышы жергиликтүү бийлик башчыларынын колунда калып, түрктөр алардан бажы жана жасак алуу менен гана чектелишкен.

***Будун – чарбачы калк**
***Хакан – улуу өкүмдар, падыша, император**
***Ябгу хакан – хакан уруусунан болгон журттун акими**
***Шод – он миң кошуун кол башчысы**
***Ясок – дыйкандар жана чарбачылардан алына турган салык**

**Каганаттын бөлүнүшү.** Чоң-чоң уруулар же уруулар союзу борбордук бийликке баш ийбөөгө умтулушкан. Түрк каганаты курамында болгон аймактардагы акимдер эгемендүү болуусуну каалашкан. Бул жагдайлар каганаттын бекем борборлошкон мамлекетке айлануусуна жол бербеген.

Баш ийдирилген аймактарды жергиликтүү акимдер аркылуу башкаруу тартиби каганатты барган сайын алсыраткан. Буга кошумча, Византия, Кытай жана Иран менен болгон тынымсыз атаандаштык каганаттын абалын ого бетер оорлоткон. Натыйжада Түрк каганаты **VI кылымдын 80-жылдарынын аягында** экиге – **Чыгыш түрк каганаты** жана **Батыш түрк каганатына** бөлүнүп кетет. Улуу түрк каганаты түзүлгөн эл-журт Алай тоолорунун чыгышынан Ыраакы Чыгышка чейинки болгон аймак, башкача айтканда Түштүк Сибирь, Орхон өзөнү (Мон-

голия), Түндүк Кытай Чыгыш каганатынын кол астында болгон. Бул каганаттын борбору **Отукан өрөөнү** (Монголия)ндө жайгашкан. Алай тоолорунун батышында жайгашкан өлкөлөр: Жетисуу, Чыгыш Түркстан, Сырдарыя менен Амударыянын өзөндөрү жана аларга туташкан аймак Жетисууда жайгашкан. Батыш каганат тарабынан башкарылган.

**1**. Түрк каганаты качан жана каерде түзүлгөн, ага ким негиз салган?
**2.** Түрк каганаты менен Ирандын ортосундагы аскердик союз кандай максатта түзүлгөн?
**3.** Түрк каганатынын Орто Азияга жортуулу кандай натыйжаларга алып келди?
**4.** Түрк каганаты кандай башкарылган?
**5.** Түрк каганаты кандай себептерге көрө бөлүнүп кетти?
**6.** Түрк каганаты башкаруусу эфталдар доору башкаруусунан эмнеси менен айырмаланган?

## 5-§. БАТЫШ ТҮРК КАГАНАТЫ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Батыш түрк каганаты, ябгу, башкаруу тартиби, социалдык турмуш, Абруй козголоңу.***

**Башкаруу.** Батыш түрк каганатынын курамына Орто Азия жана Чыгыш Түркстандын бир бөлүгү кирген. Анын борбору Жетисуу болгон. Батыш каганат социалдык, экономикалык жана маданий жактан Чыгыш каганатынан түптөн айырмаланып турган. Чыгыш каганаттын калкынын негизги бөлүгү көчмөн чарбалуулар эле. Ал эми Батыш каганаттын калкынын көп бөлүгү отурукташкан калк болуп, кол өнөрчүлүк, дыйканчылык жана соода-сатык менен алектенишчү.

*** Бекем борбордошкон мамлекет – бул бардык аймактардын жеке өкүмдары тарабынан башкарылуучу мамлекет.**

**VII кылымдын биринчи чейреги**нде Батыш каганат абдан күчкө кирет. Анын чыгыш чеги Алтайга, батыш чеги Синд (Инд) дарыясы жээгине барып токтойт. Каган **Таң ябгу** (618–630) бийлик жүргүзгөн доордо башкаруу тартиптери реформаланат.

Аймактын акимдерин каганаттын бийлик өкүлдөрү менен түздөн-түз байланыштыруу жана алардын үстүнөн көзөмөлдү күчөтүү максатында жергиликтүү өкүмдарларга каганаттын **«ябгу»** даражасы берилет.

Натыйжада алар кагандын ыйгарым укуктуу өкүлүнө (жетекчи) айланышат. Ошону менен бирге, Орто Азия, Чыгыш Түркстан жана Тохарстандын дээрлик эгемен акимдеринин үстүнөн саясий көзөмөл күчөтүлөт. Алардын алдына каганаттын өкүлдөрү – **тудундар** жиберилет. Бирок ички күрөштөр натыйжасында Батыш Түрк каганаты алсырай баштаган.

**Социалдык турмуш**. Батыш түрк каганатына бириккен элдин турмушу да, тиричилиги да түрдүүчө болгон. Каганат жергиликтүү жана көчмөнчү элге бөлүнгөн. Көчмөнчүлөрдүн негизги жумушу чарбачылык болгон. Батыш түрк каганатына бириккен калктын отурукташкан бөлүгү маданий жактан илгери болуп, каганаттын социалдык жана экономикалык турмушунда негизги ролду ойногон.

Калкы негизинен дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана соода-сатык иштерин жүргүзүшкөн. Түрк кол өнөрчүлөрү жасаган кымбат баалуу буюмдар жана курал-жарактар ар түрдүүлүгү жана абдан сапаттуулугу менен өзгөчөлөнүп турган. Ички жана тышкы соода-сатык иштери шаар калкынын негизги кесиби болгон. Бул багытта, айрыкча **Согд** соодагерлеринин бедели жогору болгон. **VII кылымдын биринчи жарымын**да Батыш түрк каганаты менен Кытайдын ортосунда, айрыкча экономикалык байланыштар күчөгөн. Бул доордо Кытайга тогуз жолу соода элчилиги жиберилген.

**Абруй башчылыгындагы көтөрүлүш.** Түрк каганаты доорунда Орто Азияда дыйкандар тарабынан жерлерди ээлеп алуу өрчүп, зордук-зомбулук күчөгөн. Жер-суудан ажырап, кедейлешип бараткан эркин дыйкан — кашаварздар мал-мүлктүү дыйкандардын айынан көз каранды кадиварларга айлана баштайт. Кедейлик, зордук-зомбулук жана бай дыйкандардын кысымына каршы калк баш көтөрүүгө аргасыз болот. Ошондой элдик козголоңдордун бири **585–586-жылдар**да Бухарада болуп өтөт. Козголоңго каган үй-бүлөсүнөн болгон **Абруй** башчылык кылат. Козголоңдон коркууга түшкөн бай дыйкандар жана соодагерлер Бухара вилаятын таштап, Түркстан менен Тараздын айланасына

көчүп барышат. Алар түрк каганына кайрылып, козголоңчуларга каршы күрөштө жардам берүүсүн суранышат. Түрк каганы **Карачорундун** уулу **Шери Кишвар (Эл Арстан)** башчылыгында кошуун жөнөтөт. Абруй өлтүрүлүп, козголоң бастырылат. Кадиварлар жана кызматкерлер өз кожоюндарына – дыйкандарга кайтарылат.



1. Бекем борборлошкон мамлекетке таандык негизги белгилерди айтып бер.
2. Чыгыш жана Батыш түрк каганаттарынын айырмалуу жактары кайсы?
3. Батыш түрк каганаттарына кайсы аймактар кирген?
4. Каган Таң ябгу доорунда кайсы чөйрөдө реформа өткөрүлгөн?
5. Эмне үчүн Түрк каганаттыгындагы калктын жашоосу жана тиричилиги түрдүүчө болгон?
6. Эмне себептен Бухарада элдик козголоң көтөрүлдү? Козголоңчуларга кандай чара көрүлдү?

**Төмөнкү жадыбалды Батыш түрк каганатына тиешелүү маалыматтар менен толтур**

| **Башкаруу** | **Социалдык жашоосу** | **Кашаварздардын абалы** |
|---|---|---|
| | | |

## 6-§. ЖЕРГИЛИКТҮҮ АКИМДИКТЕРДИН ПАЙДА БОЛУШУ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***жергиликтүү акимдиктер, Согд ихшиддери, Тохарстан, Фергана, Чач, Элак, шаар архитектурасы.***

**Жергиликтүү акимдиктер.** **V–VII** кылымдарда мамлекет **15тен** ашуун акимдиктерге бөлүнүп кеткен эле.Бул вилаят акимдиктери баштап эфталдарга, кийин Түрк каганатына баш ийдирилген болсо да, бирок эфталдар да, түрк кагандары да алардын ички турмушуна аралашкан эмес. Борбордук акимдикке бажы төлөп туруу менен алар өз эгемендүүлүгүн белгилүү бир деңгээлде сактап калышкан.

**Согд.** Көз карандысыз акимдиктердин арасында эң ириси

**Согд ихшиддери** – аймактын өкүмдары эле. Орто кылымдардагы бириккен мамлекеттердин союзунда Согд ихшиддери чоң саясий беделге ээ болгон. Бул союзга **Зарафшан** жана **Кашкадарыя** өрөөндөрүндө жайгашкан **Самарканд, Бухара, Кеш** оазистеринин *он бир ири жер ээлери* бириккен болчу. Алардын ар бири өз акими, аскердик чоокерлери жана жез акча бирдигине ээ болушкан.

Согддо эл жыш жайгашкан. Согдулар дыйканчылык жана багбанчылыкта, айрыкча жүзүм жетиштирүүдө абдан чебер эле. Мал чарбасында, айрыкча Согддун хисар койлору жана тулпарларынын даңкы кеткен болчу.

Согддун шаарлары бул мезгилде кол өнөрчүлүктүн борборуна айланган. **718-жыл**да белек катары Самарканддан жиберилген темир баш кийимден нуска алышып, Кытай курал жасоочулары кошуунду темир калпактар менен камсыздашкан.

**Тохарстан**. Азыркы Түштүк Өзбекстан жана Тажикстан, Түндүк Ооганстанды өз ичине алган бул тарыхый вилаят түндүктөн Гисар тоолору, түштүктө Индикуш, батышта Мургаб жана Херируд өрөөнү, чыгышта Памир менен чектешкен. Тохарстан Балх, Кундуз, Термез, Чаганян, Хуттал жана башка 27 тоо жана тоо алды вилаяттардан түзүлгөн. Балх шаары Тохарстандын борбору болгон.

Тохарстан деген ат **б.з.ч. II кылым**да Греко-Бактрия мамлекетин кулаткан чарбачыл уруу – *юэчжилер* атынан алынган. Тохарстан өкүмдарлары алгач **«маликшах», кийинчерээк «ябгу» аты менен аталган.**

Тохарстан калкынын негизги бөлүгү отурукташкан дыйканчылык менен күн көрүшкөн. Кол өнөрчүлүктө курал жасоо, айнекчилик, токуучулук өнүккөн.

Тохарстан Индия, Жакынкы жана Ыраакы Чыгыш мамлекеттери менен соода-маданий байланыштар орноткон, өз жез тыйындары менен ички соода мамилесин жүргүзгөн.

**Фергана** өкүмдарлары **«ихшид»** деп аталган. Фергананын жерлери абдан түшүмдүү болуп, калкы дыйканчылык менен күн кечирген, пахта жана шалы эгишкен. **Касан, Ахсыкат** (Хушкат) жана **Кува** (Кубо) өңдүү ири борбордук шаарларында кол өнөрчүлүктүн түрдүү тармактары өсүп-өнүгүп, анын продукциясы ички жана тышкы базарларда көп кардарларга

ээ болгон. Коңшу мамлекеттерге боёк, түстүү айнек буюмдар жана дары-дармектер чыгарылган.

Фергана өрөөнүндө отурукташкан калк менен бирге чарбалуулар да жашаган. **Курама** жана **Карамазар** тоолорунун боорунда байыртадан жылкычылык менен алектенишкен. Бул өрөөндө көбөйтүлгөн тулпарлардын даңкы дүйнөгө таралган.

**Чач жана Элак**. **Чырчык** жана **Ахангаран** өрөөндөрүндө эки акимдик болгон. Жазма булактарда алардын бири **Чач**, экинчиси **Элак** аттары менен тилге алынат. Чачтын борбору Чач шаары болуп, өкүмдары **«тудун»** деп аталган. Элактын борбору **Тункат**, акимдери **«дыйкан»** деп аталган.

**VII кылымдын биринчи чейрегинде** Батыш түрк каганаты башкаруу борборун *Чач* вилаятына көчүрөт. Өкүмдар менен ханыша үчүн **бул жерде** өзүнө мүнөздүү ордолор курулду.

*Чач өлкөсү* өз тыйын акчалары тутумуна ээ болгон. Тыйындардын алдыңкы бетине өкүмдардын сүрөтү, арт жагына ат же бурама куйруктуу барс, же кабыландын сүрөтү, кээде династиялык айры мөөр түшүрүлгөн. Ал эми айрым тыйындарга өкүмдарга жанаша ханышанын сүрөтү да чегилген. Мындай кош сүрөт, шексиз түрдө байыркы түркий мамлекетчилигинде өкүмдардын ханышасы – **хватун** (хатун) вазир (министр) даражасына ээ болуп, мамлекетти башкарууда активдүү катышкандыгынан кабар берет. Сарайда ал кагандан кийинки орунду ээлеген. Чач жана Элак көп тармактуу чарбага ээ болуп, дыйканчылык, мал чарбасы, кол өнөрчүлүк, кенчилик жана соода жогорку даражада болгон. Кербен жолунун өлкө аркылуу өтүшү Чач жана Элактын ички-тышкы соодасы кеңейип, шаарлардын дүркүрөп өсүшүнө жол ачты.

**Башкаруу тутуму.** Алгачкы орто кылымдарда Орто Азия акимдиктеринде белгилүү бир тартиптеги башкаруу системасы түзүлгөн болчу. Башкаруу системасынын негизги милдети адамдардан бажы, салык жана башка төлөмдөрдү өз убагында жыйноо, коомдук иштерге аларды жумшоодон турган. Кireше-чыгашалар ачык-айкын белгиленип, документтештирилген. Аларга бармак басылып, мөөр менен да тастыкталган.

**Шаар архитектурасы.** V–VII кылымдарда Орто Азияда, бир жактан жерге ээлик кылуу мамилелеринин орнотулушу жана чыңдалып барышы, экинчи жактан, көчмөн чарбалуу-


лардын токтоосуз кирип келүүсү жана отурукташуусу шаар жана кыштактардын көрүнүшүнө жана ал жердеги элдердин жашоо-турмушуна чоң таасир тийизген. Эгиндүү жерлер кеңейип, эгин өрөөндөрүнүн суу менен камсыздалуусу түптөн жакшырды. Тоо алды жерлерге суу чыгарылып, жаңы жерлер өздөштүрүлдү. Шаарларда калк тыгыздаша баштады. Кыштактарда **«сарай», «коргон», «коргончо»** деген аттар менен таанылган чоң-чоң турак жайлар курулду.



**Чач тыйыны. VII кылым.**

Чоң сарай жана коргондор негизинен тышкы душман чабуулуна каршы коргонуу чеби, аскерлер топтоло турган жер, азык-түлүк жана курал-жарак сактала турган кампа милдетин өтөгөн.

Орто кылымдарда шаарлар үч бөлүктөн турган. Алар *«кохандиз», «шахристан», «рабат»* деп аталган. Шаардын үч бөлүгү тең өзүнчө дубалдар менен курчап алынган. Алардын бир канча дарбазалары болгон. Шаар дубалдарын айланып аккан дарыя аңдын милдетин аткарган. Орто кылымдарда жашаган араб жазуучулары (*Ибн Хавкал жана Иштахрий*) нын белгилөөсүнө караганда, бир эле Бинкат (Ташкент) тын жыйырма эки дарбазасы болгон.



*** 585-586-жылдарда Бухарада Абруй башчылыгында жакырлык, зордук-зомбулук жана дыйкандардын кысымына каршы козголоң болуп өтөт. Козголоң Шери Кишвар (Эл Арстан) баштаган кошуун тарабынан бастырылат**



1. Согд ихшиддиги кайсы өрөөндө жайгашкан? Жергиликтүү акимдик канча мүлктөрдү бириктирген эле?
2. Эстеп көрчү, Тохарстан аймагы мурда Орто Азияда болгон кайсы мамлекеттин аймагына окшош болгон?
3. Алгачкы орто кылымдарда Орто Азияда болгон жергиликтүү акимдиктерден кайсы биринде ханыша вазир даражасына ээ болуп, мамлекетти башкарууда активдүү катышкан?
4. Орто Азия акимдиктеринде башкаруу тутумунун негизги милдети эмнелерден турган?

## 7-§. VI–VII КЫЛЫМДАРДАГЫ МАДАНИЙ ТУРМУШ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***жазуу, диний ынанымдар, искусство, музыка, жазуу*.**

**Жазуу.** Бул доордо Согд, Харезм жана Тохарстан калкынын өз алдынча жазуулары болгон. *Согд* жана *харезм* жазуулары байыркы *арамий жазуусунун* негизинде келип чыккан болчу. Тохар жазуусу бактрия жазуусунун негизинде калыптанган болуп, 25 тамгалуу жазууга ээ болгон.

Кат, документ жана айрым маалыматтар өңдүү иш кагаздары негизинен тери, жыгач, карапага жана сейрек учурларда гана кагазга жазылган. Себеби кагаздын баасы абдан кымбат эле. Ал эми айрым жазмалар падыша сарайлары жана ибадатканалардын дубалдарына да жазылган. Алардын арасында элчилик каттары, чарбадагы киреше-чыгаша, юридикалык келишим, астрономиялык документ, тарыхый күндөлүктөр жана диний сөздөр жазылган баалуу кол жазма табылгалары бар. Б.з.ч. сакталып калган *согд жазуулары* Панжикент жанындагы **Муг чебинде**, Чыгыш Түркстандагы **Турпан шаарынын** жанында, Самарканддын байыркы урандысы болгон **Афрасиябда** табылып, үйрөнүлгөн.


***Ишхид – вилаят акими**
***Көхандиз (арк) – шаар акиминин сарайы жайгашкан бөлүгү**
***Рабат – шаардын сырткы бөлүгү**
***Шахристан – шаардын ички бөлүгү**

Аларда Согддун саясий тарыхы, укук жана мыйзамдары, экономикалык жана диний салттары боюнча маанилүү маалыматтар берилген.

Согддо эркек бала беш жашка чыкканда ага жазуу жана эсеп үйрөтүлө баштаган, 20 жашка чыкканда соода иштерин үйрөнүү үчүн башка мамлекеттерге жиберилген.

Ошондой эле, бул доордо **түркий рун** (көктүрк) жазуусу да кеңири колдонулган. Түрктөрдүн бул жазуусу бири экинчисине туташып кете турган 38–40 тамгадан турган. Ал таш жана жыгачтарга оюп жазууда абдан ыңгайлуу эле. Байыркы *көктүрк*

*жазуусу* (**Култегин** жана **Билге каган** жазуусу) Алтай жана Чыгыш Түркстандан сырткары, Жетисуу, Фергана жана Зарафшан өрөөндөрүнөн табылып, үйрөнүлгөн. Алар бейит таштарына, карапа жана металл буюмдарга, жыгач жана тыйын акчаларга жазылган.



**Согд жазуусу.**

**Диний ынанымдар**. VI–VII кылымдарда Орто Азияда *зардуштийлик, будда, христиан, монизм, кам* (шаманизм) өңдүү бир нече жергиликтүү жана башка өлкөлөрдөн кирип келген диндер болгон. Калктын көпчүлүгү *зардуштийлик* динине ынанышкан.

Булактарда баяндалышынча, Тохарстан калкы *будда* динине ынанышкан. Тохарстан Борбордук Азияда *будда* жана *монизм* диндеринин таралышы жана өнүгүүсүндө бир кыйла мааниге ээ. Орто Азия элдеринин идеологиялык турмушунда *монизм дини* да терең тамыр жайган эле. Монизм дининин окуусу боюнча дүйнөнүн башталышы эки карама-каршы жаратуучу–*жарыктык* жана *изгилик*, ошондой эле *караңгылык* жана *караөзгөйлүктөн* турат. **Ибадат, орозо, кайыр-садака** монизм дининин өзөгү эсептелген. Самарканд областынын **Үргүт району** Согддо гана эмес, бүткүл Орто Азияда *христиан* дининин борборлорунан бири болгон.



Алгачкы орто кылымдарда журтубузда согд, харезм, тохар жана түркий рун (көктүрк) жазуулары болгон.

Түрк каганатынын мал чарбалуу калкы мурдатан эле *шаманизм* динине сыйынып келген. Бул дин жан жана рухтарга, ата-бабалардын рухуна сыйынууга тарбиялаган. Байыркы түрктөр өз динин **«кам»** деп аташкан. Себеби аларда **«шаман»** деген сөз болбогон. Бул дин ааламды жоктуктан бар кылган *Көк Теңир*ге сыйынуучу жеке кудайлык дини болуп эсептелет. Мал чарбалуу көчмөн калкы Көк Теңирге арналган маарекелер өткөрүп, курмандык чалышкан. Мисалы, Көк Теңирдин урматына курмандык үчүн кара кашка ат союлган.



**Варахша. Дубалдагы сүрөт.**

**Шаарлар куруу.** V–VII кылымдарда дыйканчылык жерлери кеңейип, продукциялардын ашып барышы, кол өнөрчүлүк буюмдары жана жабдууларга болгон талап, соода-сатыктын өнүгүүсү шаарлардын өнүгүшүнө себепчи болот. Шаарлар куруунун өзөгү болгон шахристандар, айланасындагы рабаттар, бак-дарактар, негизинен, сууга мол жерлерди өздөштүрүштү. Шахристандын аянты баштап *15 гектардан ашпаган*. Анда, негизинен, байлар жашашкан. Шаар айланасында рабатта кол өнөрчүлөр, дыйкандар жашаган. Бухара жана Пайкент шаарларынын аянты 20 *гектардан ашпаган*. Бул доордо Орто Азияда эң чоң шаарлардан бири Самарканд эле. Анын жалпы аянты *200 гектар болгон*. Шахристан курулушу **Афрасияб**, **Варахша**, **Панжикент** шаарларындагы археологиялык изилдөөлөр аркылуу үйрөнүлгөн. Көчөлөрдө жөнөкөй үй-жай имараттары, кол өнөрчүлүк устаканалары, дүкөндөр, ибадатканалар, сарайлар курулган. Дубалдар, айрыкча коргоо дубалдары пахса жана кам кыштан курулуп, бурчтарына бийик кылып мүчөлдөр сүрөттөлгөн.

***Өзөк – диндеги эң маанилүү милдет, таяныч, негиз.**
***Кам-шаман – Көк теңирге сыйынуучу жеке кудайлуулук дини.**



**Искусство.** Сүрөт өнөрүнүн **сүрөтчүлүк** жана **айкел жасоочулук** өңдүү бир катар тармактары гүлдөп өстү. Сурхан жериндеги **Балалыктөбө** жана Зарафшан өрөөнүндө **Панжикент, Варахша** жана **Афрасияб**, Фергана өрөөнүндө **Кува** урандыларынан жана башка эстеликтерден таап үйрөнүлгөн эстеликтерден дубалдагы сүрөттөр, айкелдер, оймолор ошол доордун жогорку искусство чыгармаларынан болуп эсептелет. Дубал сүрөттөр ошол мезгилдин өтө татаал турмушу, диний ынанымы жана башка мамлекеттер менен алып барылган байланыштар жөнүндө баяндоочу булак болуп саналат. Айкел жасоочулуктун өнүгүүсүнө, айрыкча будда дини күчтүү таасир көрсөткөн. Фергана өрөөнүндө Кува жана Коргонтөбөгө жакын жердеги Ажинадөбөдөн будданын укмуш чоң айкелдери табылып, үйрөнүлгөн.



**Варахша. Бөртмө Хума кушу. VI–VII кылымдар.**

**Ажинадөбө буддасы** айкелинин бою 12 метр болгон. Бул доордо көркөм жыгач оймочулугу да жогорку деңгээлде өнүккөн. Алгачкы орто кылым оймочулук өнөрүнүн баалуу эстеликтеринин үлгүлөрү Варахша табылгалары аркылуу изилденди.

**Музыка өнөрү.** Орто Азияда *музыка, бий, ырчылык, куудулдук* жана *дарбазчылык* өңдүү искусствонун башка тармактары өнүккөн болчу. Бул доордо искусство тармагы *Бухара куудулда-*

*ры, Самарканд сурнайчылары, Ташкенттин бийчи* жигит жана кыздары менен даңкы кеткен эле.

Чач бийчи жигиттери аткарган белгилүү **«Чач бийи»** же дойранын чертүүсүнө желкесин жаңсап ишара менен бийленүүчү шаңдуу **«Дойра бийи»** Кытай бийлик өкүлдөрүн өзүнө тартып, таң калтырган эле. Бир гана Бухаранын өзүндө чебер кол өнөрчүлөр тарабынан он түрдөгү чертме музыкалык аспаптар жасалган.



**1.** Алгачкы орто кылымдарда кандай жазуулардан пайдаланылган?

**2.** Жазуулар негизинен эмнелерге жазылган? Эмне үчүн кагазга сейрек абалдарда жазылган?

**3**. Калк кандай диндерге ынанган?

**4**. Айкел жасоочулуктун өнүгүшүнө айныкса кайсы дин күчтүү таасир көрсөткөнүн айтып бер.

**Төмөнкү жадыбалды V–VII кылымдардагы маданий турмуш темасына таандык маалыматтар менен толтур.**

| Жазуусу | Диний ынанымдар | Шаар куруучулук |
|---|---|---|
| | | |

## II БӨЛҮМ
## АРАБ ХАЛИФАТЫ ДООРУНДАГЫ МАВАРАУННАХР

### 8-§. МАВАРАУННАХРДА АРАБ ХАЛИФАТЫНЫН ОРНОТУЛУШУ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***ислам дини, Хурасан, Маварауннахр, Маварауннахрдын багындырылышы.***

**Ислам динин пайда болушу.** Байыртадан Араб жарым аралындагы арабдар чачкын түрдө жашап келишкен. VII кылымдын баштарында Арабстанда бирдиктүү бир ынанымдын негизинде мамлекетти бириктирүү кыймылы башталат. Бул ыйык ынаным жеке кудайлыкка негизделген ислам дини болчу.

Алланын расулу (элчиси) Мекке шаарында дүйнөгө келген **Мухаммад** (с.а.в. – саллаллаху алайхи васаллам) **бинни Абдуллах** (570–632) бул кыймылга жетекчилик кылат. Исламды кабыл алып, расулуллахты ээрчиген анын жактоочулары «муслим» (мусулмандар) деп аталган. Алар адамдардын Кудай алдында тең экендигин, ырыскыны баарына Жараткандын өзү берерин жана коомдо адилетсиздиктин жоюлушу үчүн чыныгы динге кирүү керек экендигин үгүттөшөт. Ислам желеги астында **Мекке** шаарында башталган үгүттөө **Медина**га көчөт. **Мухаммад** (с.а.в.) **630-жылы** арабдарды бирдиктүү бир мамлекетке бириктирет.



*** Ислам – «моюн сунуу», «баш ийүү», «өзүн Алланын эркине тапшыруу» деген маанилерди билдирет.**

**Мухаммад** (с.а.в.) көз жумгандан соң, анын эң жакын катарлашы **Абу Бакр** (632–634) **халифа** (орун басар) деп жарыяланат. Араб урууларынын исламды кабыл алып, саясий жактан бирдиктүү бийликке биригүүсүндө, исламдын дүйнөлүк диндердин бирине айлануусунда ислам жоболорун, укуктук жана адеп-ахлактык нормаларын өз ичине алган **Кураны карим**дин таасири абдан чоң болду.

**Египет, Сирия, Палестина, Ирак, Иран** өңдүү көп мамлекеттер баш ийдирилип, сан-санаксыз олжолорго ээ болгон Араб халифаты аскердик жүрүштөрүн биздин өлкөгө каратты.

**651-жылы** арабдар эч кандай согушсуз **Марв** шаарын ээлейт. Андан соң азыркы Ооганстандын түндүк, Ирандын түндүк-чыгыш бөлүгү жана түштүк Түркмөнстандан Амударыяга чейинки аймактары басып алынат. Ал жерлерди арабдар **Хурасан** деп аташкан. Анын борбору **Марв** шаары эле. Бул аймакты башкаруу үчүн атайын өкүл дайындалып, ал Марвда турган. Арабдар бул жерге орношуп алгандан соң, Амударыядан түндүктө жайгашкан бай аймактарды басып алууга даярдык көрүшкөн. Бул жерлерди арабдар **Маварауннахр**, б.а. ***«дарыянын аркы өйүзү»*** деп аташкан.

*** Араб халифаты – бардык бийлик Мухаммад (с.а.в.)дын орунбасарлары (халифалар)нын колунда топтолгон мамлекет.**

**Маварауннахрга карай жортуул.** Арабдар Маварауннахрга баштап аны басып алуу үчүн эмес, аскердик жактан даярдык көрүү, жергиликтүү өкүмдарларын сыноо максатын көздөп жортуул жасайт. Маварауннахрга алгачкы чабуулдар **654-жылда Маймург** жана **667-жыл**да **Чаганиян**дан башталат. Жазма булактарда жазылышынча бул доордо Харезм арабдар тарабынан эки жолу талап-тоноолгон.

*Наршахийдин* жазышынча, 673-жылдын күзүндө халифа **Муавия I** нин (661–680) буйругу менен **Убайдуллах ибн Зияд** Амударыядан кечип өтүп, Бухара аймагына бастырып кирет. **Пайкент** менен **Рамитан**ды ээлеп, Бухара өкүмдарынын кошуунун жеңет жана өз пайдасына тынчтык келишимин түзүп, бир лак (жүз миң) дирхам өлчөмүндө олпоң өндүрөт. Мындан сырткары арабдар төрт миң туткун, курал, кийим-кече, алтын жана күмүш буюмдарынан көп олжо алып Марвга кайтышат. Жол катары Термез шаарын да басып алышат.

**Маварауннахрдын басып алынышы. VIII кылымдын башын**да арабдар Маварауннахрды басып алууга киришишет. **Кутайба ибн Муслим** Хурасанга өкүмдар болуп шайланат. Аскердик жортуулду Кутайба **705-жылы** Балх аймагынын айланасын басып алуудан баштайт. Тез эле Чаганиян акими да согушсуз багынып берет. Кутайба чоң аскердик кошуун менен **Пайкент**ти курчоого алат. Андан ары Кутайба Бухарага жол алат. **709-жылы**

Бухараны басып алат. Бухаралыктар жылына халифатка бажы төлөө, үйлөрүнүн жарымын арабдарга бошотуп берүүгө мажбур кылынган. Кутайба Бухаранын борборунда жайгашкан зардуштийлер ибадатканасын жамааттык мечитке айландырган, Согд тилинде жазылган чыгармаларды жок кылган. Жергиликтүү калкты исламга киргизүүгө аракеттенген. Ошол максатта мечитке келип ибадат кылуучуларга 2 дирхамдан акча берүүнү жолго койгон. **710-жылы** Кутайба **Нахшаб** жана **Кешти** басып алып, Самаркандга чабуул жасоого даярдык көрөт. Бирок, Харезмде башталган ички карама-каршылыктар натыйжасында пайда болгон оңтойлуу учур Кутайбага Согд жортуулун токтото туруп, Харезмге кошуун тартууга шарт түзөт. Анткени, Харезм падышасы **Чаган** иниси **Хурзад** баштаган элдик козголоңдон коркуп, **711-жылы** жардам сурап Кутайбага кайрылат. Хурзад душман колу менен майтарылып, өлтүрүлсө да, Харезмшах мындан өз эгемендүүлүгүн жоготуп, арабдарга бажы төлөөгө мажбур болот. Ал эми кошууну Кутайбанын аскердик жортуулдарында катышууга мажбур кылынат.

Кутайбанын басып алуусунан кийин **Харезм** жергеси *түндүк* жана *түштүк* бөлүктөргө ажырап кеткен. Анын түндүк бөлүгү Гурганч (Көөнө Үргөнч) мири, ал эми түштүктөгүсү **Харезмшах** тарабынан башкарылган. Алардын ар экөө тең халифатка түздөн-түз баш ийип, ар бири өзүнчө хираж төлөгөн.

**712-жылы** Кутайба **Самарканд**га чабуул жасайт. Бул мезгилде **Гурак** (710–737) Согдго падыша болуп көтөрүлгөн. Гурак арабдарга каршы эр-жүрөктүүлүк менен күрөш алып барган. Күчтөр тең болбогондуктан Самарканд багынат. Гурак менен Кутайбанын ортосунда тынчтык келишими түзүлүп, ошентип ал Согд халифатына көз каранды болуп калат.

**Чач жана Фергананын басып алынышы.** **713-жыл**да Кутайбанын кошуунунун бир бөлүгү **Чач аймагына**, өзү жетекчилик кылган негизги күч болсо **Фергана өрөөнүнө** карай жол алат. Чач басып алынып, анын борбору **Мадинат аш-Шаш**, көптөгөн калаа-коргондор жана кыштактарга от коюлуп, кыйратылат. **715-жыл**дын башында Фергана өрөөнү да толугу менен ээленип, **Кашкарга** чейин кирип барат. Бардык аймактарга арабдардан *амирлер* дайындалат. Бирок Кутайба халифа **Сулай-**

**ман**га каршы козголоң көтөрүүсүнүн натыйжасында Ферганада араб аскерлери тарабынан өлтүрүлөт.

**Жерге ээлик кылуу.** Арабдар Маварауннахрды басып алгандан кийин, бул жердеги жер-мүлктөр халифатка караштуу болуп калды. Халифа мамлекет жерлерин икто катарында берген. Мамлекеттик жерлер айрым аскердик жол башчылар жана чиновниктерге бир өмүргө же мүлккө мурас катарында берилген. Бирок жерлердин негизги ээси халифа саналат жана ал иктодарлардан үшр алуу укугуна ээ эле.

Чоң жер ээлери – дыйкандар араб халифаты доорунда дагы өз жерлеринин ээлери болушкан, бирок алар кийичерээк ижарага берүүчүгө айланып, кирешенин маалым бөлүгүн халифалык казнасына жөнөтүү милдетин алган эле.

**VIII кылымда** чоң дыйкандар кол астындагы жер-мүлктөр жогорку араб аскердик мүлк ээлерине өткөрүп берилет. Араб ак сөөктөрүнүн дыйкандар менен жакындашуусу ошол доордо күчөгөн. Дыйкандардын арабдар менен жакындашуусу, аларды баскынчылар үчүн ишеничтүү кызматкерлерди камсыздоо менен бир катарда, жер-мүлктөрү жана башка байлыктарды коргоого мүмкүнчүлүк жаратат. Дыйкандар арабдар баскынынан кийин халифалык өкүмдарынын өкүлү эсептелген амирге баш ийишкен. Бирок амир менен бир катарда чоң жер ээлери - бухархудаттардын да бедели бийик болгон. Наршахийдин маалыматына көрө, айрым дыйкандар Бухара амири жана бухархудат-

*** Мухаммад Наршахий (899-959) – тарыхчы окумуштуу. Бухаранын Наршахий кыштагында төрөлгөн. «Бухара тарыхы» аттуу чыгармасын жазып калтырган.**

***Амир (арабча сөз, буйрук берүүчү башчы аким) – кол башчы, бек. Араб халифалыгынын алгачкы халифалары жана уммавийлер доорунда өзүнчө кошуундун кол башчылары амир деп аталып адатта басып алынган вилаяттарга өкүл (noib) кылып дайындалган.**

***Икто (арабча) – чек, бөлүп берилген жер, өкүмдар тарабынан чоң эмгеги үчүн тартуу кылынат.**

*** Үшр – башкаруу иштери үчүн кирешенин 1/10 бөлүгү өлчөмүндө алынган жер салыгы**

тар алардын менчик жерлерин тартып алганы тууралуу арызын Хурасан өкүмдарына жиберишкен.

Маварауннахрдагы кыштактардагы жерлерге кичине чарбалар тарабынан иштөө берилген. Дыйкандар жерлерди майда бөлүктөргө бөлүп жер иштеткичтерге - кадивар жана кашаварздарга ижара катары бөлүп беришкен. Ал үчүн жер иштеткендер салык төлөшкөн. Дыйкандар жана амирлер салыктын халифа казынасына түшүшүнө ортомчулук кылышкан.

**1.** Дүйнө тарыхынан алган билимдериңе негизделип арабдар жана ислам дини кандай пайда болгону тууралуу айтып бер.
**2.** Хурасан кайсы аймактарды өз ичине камтыган? Анын борбору кайсы шаар болгон?
**3.** Маварауннахр кандай маанини билдирет?
**4.** Ойлоп көрчү, неге арабдар Мавараунахрды алгач басып алууну көздөшпөгөн?
**5.** Харезм халифалыкка кантип баш ийдирилди?
**6.** Арабдар Мавараунахрды канча жылда басып алган?
**7.** Арабдар доорунда жер ээлигинин кандай түрлөрү бар эле?

## 9-§. МАВАРАУННАХРДА ИСЛАМ ДИНИНИН ПАЙДА БОЛУШУ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***баскынчылыктын натыйжалары, салыктар, исламга үгүттөө.***

**Экономикалык кесепеттер**. Халифат өлкөнү басып алуу жараянында анын дээрлик бардык дыйканчылык жерлерин тебелеп-тепсеп, абдан көп шаар-кыштактарга от коюп кыйраткан. Суу курулуштары бузуп ташталды. Эгин аянттары суусуздуктан куурап калды. Багындырылган шаар-кыштак элинен алтын, күмүш, баалуу буюмдар жана көптөгөн курал-жарактар тартып алынды. Тынчтык келишимин түзүүгө аргасыз болгон **Бухара, Пайкент, Согд** өкүмдарларынан чоң өлчөмдөгү бажы, салык өндүрүлүп алынды. Халифат кошуунуна миңдеген жергиликтүү жигиттерден кабыл алынган. Баскынчылар аскердик күчкө таянып элден ар түрдүү салыктарды өндүрүп, түрдүү жамааттык жумуштарга тартышкан. **Марв, Пайкент, Бухара** жана **Самарканд** сыяктуу шаарларда шахристан же ан-

дагы үйлөрдүн тең жарымы арабдар жана алар менен келген ажам(ирандыктар)га бошотуп берилет. *«Хыраж», «үшр», «зекет», «жизья»* өңдүү салыктар киргизилет.

Баскынчылар аскердик күчкө таянып элден ар түрдүү салыктарды өндүрүп, түрдүү жамааттык жумуштарга тартышкан. **Марв, Пайкент, Бухара** жана **Самарканд** сыяктуу шаарларда шахристан же андагы үйлөрдүн тең жарымы арабдар жана алар менен келген ажам(ирандыктар)га бошотуп берилет. *«Хыраж», «үшр», «зекет», «жизья»* өңдүү салыктар киргизилет.

**Исламга үгүттөө.** Арабдар Мавараунахрда орнотулган саясий бийликти чыңдоо жана анын туруктуулугун камсыздоо үчүн ислам динин үгүттөөгө, аны калк ортосунда кенен жайылтууга өзгөчө көңүл бурушат. Ошондуктан алар ушул мезгилге чейин Мавараунахрда болгон диндерге каршы кескин күрөш алып барышат. Ибадатканалар кыйратылып, алардын ордуна жамааттык мечиттер курулган. Мисалы, ***Кутайба*** Бухаранын борборунда жайгашкан зардуштийлер ибадатканасы жамааттык мечитке айландырылды, согд жазуусунда даярдалган чыгармалар жок кылынды. Жергиликтүү калкты ислам динине киргизүүгө аракет жасалды. Ушул максатта мечитке келип ибадат кылуучулар үчүн 2 дирхамдан акча берүүнү жолго коюшту.

*** Жизья – Исламды кабыл албаган элден алына турган жан салыгы**
***Зекет – мал-мүлктүн 1/40 бөлүгү өлчөмүндө алынуучу салык**
***Хыраж – түшүмдүн 1/3 бөлүгү өлчөмүндө алынган жер салыгы**
***Мечит (арабча масжид)– сажда кыла турган жер. мусулмандар чогулуп намаз окуй турган жай, ибадаткана**

**Калкты исламдаштыруунун жолдору.** Ислам динин кабыл алып, мусулман болгон жергиликтүү калктын өкүлдөрү алгачкы жылдарда хыраж жана жизья салыктарынан бошотулуп, анча-мынча жеңилдиктер берилген. Исламды кабыл алуудан баш тарткан кишилерден жан салыгы – *жизья* өндүрүп алынган. Салыктарды өз убагында төлөбөгөн адамдар кармап алынып, мойнуна *«карыздар»* деген тактай асып коюлган.

Мындай иш-чаралар жана айла-амалдар шексиз түрдө Маварауннахр калкынын арасында ислам динин жайылтууга чоң жардам берген. Бирок ошентсе да, исламды кабыл алган калктын көпчүлүгү атына гана мусулман болуп, узак мезгилдер бою жашырынча өз динине жана каада-салтына сыйынып жүрүшкөн.

Ушундай түрдө арабдар Маварауннахр саясий тизими жана диний ынанымына өз таасирин өткөрүшкөн.

Халифалык тараптан Маварауннахрдын басып алынышы кесепетинде жергиликтүү калктын үрп-адаты, дини жана ынанымы, маданияты тепселди. Жергиликтүү согд жазуунда даярдалган диний жана илимий китептердин, илимий чыгармаларын жана кымбаттуу документтерин өрттөп, жок кылышат. Кувадагы будда ибадатканасынын айкелдерин майдалап ташταганы, Афросияб сарай дубалдарына тартылган сүрөттөрдөгү адам сүрөттөрүнүн көздөрү оюлуп, моюндарына кылыч менен чийип жиберилгендиги буга ачык мисал.

**1.** Халифат баскынчылыгы Маварауннахрда кандай натыйжаларга алып келди?

**2.** Жергиликтүү калкты исламга киргизүүдө халифат кандай жолдордон пайдаланды?

**3.** Арабдар тарабынан кандай салыктар жолго коюлду?

**4.** Баскынчылык жергиликтүү маданиятка кандай таасир тийгизди?

## 10-§. ХАЛИФАТКА КАРШЫ ЭЛДИН НААРАЗЫЛЫГЫ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***элдин наарaзычылыгы, Гурак жана Дивaштичтин козголоңдору, финансылык реформа, уммавийлер, «Ак кийимдер» козголону, Муккана, Робе Ибн Лайс.***

**Козголоңдун себептери.** Халифаттын талоончулук саясаты жергиликтүү элди бардык укуктарынан ажыратат. Маданияттын тебеленип-тепселиши, араб тили жазуусу жана халифаттын мыйзамдарынын зордук менен киргизилиши натыйжасында жергиликтүү эл арасында наарaзылык барган сайын күчөп, козголоң чыгышына себеп болду.

Халифа **Умар ибн Абдулазиз** (717–719) татаал кырдаалды эсепке алып, багындырылган жергиликтүү эл менен келишүү

саясатын жүргүзүүгө аргасыз болду. Ал жаңы жерлерди мындан ары басып алууну токтотуу, о.э, финансы реформасын өткөрүү боюнча буйрук чыгарды.

*** Реформа-болгон тарипти өзгөртүү**
*** Токтом- мыйзам күчүнө ээ болгон буйрук**

Буга ылайык, мусулман арабдар менен бир катарда исламды жаңы кабыл алган жергиликтүү элдерден хыраж жана жизья салыктарын алуу токтотулду. Бирок Маварауннахрдын мансаптуу кишилеринин көпчүлүгү өзүн чыныгы мусулманбыз деп эсептеп, салык төлөбөй коюшат. Ошондон соң халифат жетекчилиги биротоло баарынан жизья алууга буйрук чыгарат. Натыйжада Маверауннахрда жалпысынан исламдан чыгып, эски динге кайтуу башталат. Мунун натыйжасында жергиликтүү мүлк ээлери менен араб бийлигиндегилер ортосунда карама-каршылык күчөп, бүт мамлекетте баскынчыларга каршы элдик козголоңдор башталат. Мунун натыйжасында жергиликтүү мүлк ээлери менен араб башкармасы ортосунда карама-каршылыктар күчөп, бүткүл мамлекетте баскынчыларга каршы элдик козголоңдор көтөрүлдү.

**Козголоңдун башталышы.** Мындай козголоңдордун бири **720-жылы** Согддо башталат. Козголоңго *Согд ихшиди* **Гурак** жана *Панжикент акими* **Дивааштич** жетекчилик кылышкан.

Согддорго жардам берүү үчүн **Жетисуу**дан түрк аскерлери келет. Согддогу бардык жергиликтүү эл көтөрүлөт. Козголоңчулардын бириккен күчү арабдарга катуу сокку беришет. Айрым гана шаар жана чептердин ичинде курчоодо калган араб баскынчылары чоң өлчөмдө олпоң жана кадыр-барктуу өкүлдөрүн козголоңчуларга барымтага (залог) берүү менен жан сакташат.

**Козголоңчуларды колдоо.** Маварауннахр калкын тынчтандыруу жана араб бийлигин чыңдоо максатында Хурасандын жетекчиси **Ашрос** ислам динин кабыл алгандардан *хыраж* жана *жизья* салыктарын албоого чечим чыгарат. Бул элди убактылуу тынчтандыруу чарасы эле. Бай дыйкандардын көпчүлүгү өз чоокер жана кадиварлары менен исламды кайра кабыл алып, арабдар жакка өтүшөт.


Хурасандын жаңы башчысы **Наср ибн Сайяр** (738–748) мамлекетте өз ордун чыңдап алуу максатында *финансы реформасын* жүргүзөт. Исламды жаңы кабыл алган кишилер жизья салыгынан бошотулган. Бардык мусулмандар укук жагынан теңдештирилет, жер ээсинин кайсы динге сыйынганына карабай алардын хыраж салыгын төлөөсү шарт кылып коюлат.

Жогорку мансаптуу араб колбашчылары менен мал-мүлктүү дыйкандардын ортосундагы тууган-урук байланыштар орнотулат. Ошол эле мезгилде өзү да үлгү көрсөтүп, Бухархудаттын кызына үйлөнөт. Мындай саясаттын натыйжасында, арабдар менен жергиликтүү асылзаадалар ортосунда белгилүү даражада ынтымак пайда боло баштайт. Бирок бул азаттык, эркиндик жолунда алып барылып жаткан элдик кыймылды жокко чыгара албаган. Маварауннахр халифалыктагы эң бейтынч жана козголоңчу өлкөлөрдөн бири болуп кала берген.

**«Ак кийимчендер» козголоңу.** **769–783-жылдары** Маварауннахрда абдан чоң элдик козголоң болуп өттү. Козголоңчулар ак кийим кийгендиктен тарыхта алар **«Ак кийимчендер»** козголоңу деген ат менен тилге алынат. Бул кыймылдын жетекчиси **Муканна** деп аталган марвдык **Хашым ибн Хаким** аттуу кол өнөрчү болгон. Ал Марв шаарына жакын жердеги *Коза айылын*да туулган. Ал башы жана жүзүнө көк чүмбөт жамынып жүргөн. Ошондуктан ал «Муканна», б.а. «Чүмбөттүү» деген кошумча атка ээ болгон. Муканна жаш кезинде кездемелерге көрк берүүчү (кудунгар) кесиби менен алектенген. Ал сабаттуу, акылдуу жана ишкер болгон. Хурасанда сархаңдык (кичи аскер башчы)тан вазирлик даражасына чейин көтөрүлгөн.

Муканна Маварауннахрга жол алат жана өз жакындары менен аман-эсен Амударыянын оң жээгине өтүп, Нахшаб жана Кеш шаарына жетип келет. Кешке жакын тоонун үстүнө курулган **Сом чебин** өзүнө ордо кылат. Көптөгөн кыштактардын кадиварлары, шаар кол өнөрчүлөрү жана айрым бай дыйкандар аны ээрчишкен. Тез арада бүткүл Кашкадарыя өрөөнү «Ак кийимчендер» колуна өтөт. Натыйжада *«Ак кийимчендер»* кыймылы кеңейип, чоң элдик козголоңго айланат. Ал, айрыкча Маварауннахрдын борбору Согддо күч алып, **Элак** (Ахангаран) өрөөнү жана **Шашка** да өзүнүн таасирин тийгизди. Козголоңдо түрдүү катмардын өкүлдөрү катышкан.

«Ак кийимчендер» козголоңуна сокку берүү үчүн халифа Мансур **775-жылы Жабраил ибн Яхя** жетекчилигиндеги чоң аскердик күчтү Маварауннахрга жөнөтөт. Алгачкы салгылашууда араб кошуундары чоң жоготууларга учурап, Самаркандга чеги-



*** Муканна (чама. 719-783) – Мооварауннахрда Араб халифаты бийлигине каршы көтөрүлгөн азаттык аракетинин жетекчиси. Марв шаары жакынындагы Коза айылында төрөлгөн. Чыныгы ысымы Хашым ибн Хаким болгон. Наршахийдин жазышынча, ал көп окуган, абдан зейрек, химияны, сыйкыр жана купуяларды үйрөнгөн. Араб, фарс тилдерин мыкты билген. “Муканна” аты менен таанымал болгон. Маздак идеяларына негизделген социалдык теңдик жана эркин жашоого чакыруучу окууну үгүттөгөн. Козголоңдо жеңилгенден соң өзүн тандырда күйүп турган отко таштап өлгөн. Хамид Алымжан Муканна эрдигине арналган «Муканна» драмасын, Садриддин Айний «Муканна козголоңу» тарыхый адабий очеркин жазган.**

**769–783-ЖЫЛДАРДА “АК КИЙИМЧЕНДЕР” КОЗГОЛОҢУ**



нишет. Бирок төрт ай болгон күрөштөн кийин козголоңчулардан жеңилет. Ал өтө чоң жоготууларга учурап, араң дегенде Самарканддагы араб кошуундарына кошулат. Козголоңчулар **Термезге** жакын жерде кошумча жардамга келе жаткан араб кошуундарына кокустан кол салып, алардын тып-тыйпылын чыгарат. Нахшаб жана Чаганиян аймактары козголоңчулар колуна өтөт. Козголоң **776-жыл**дан баштап Бухара аймагында да күчөп кетет. **Наршах калаасы** козголоңчулардын коргонуна айланып, анда «Ак кийимчендердин» чоң бөлүгү чогулган эле. Төрт айга созулган күрөштөн соң козголоңчулар жеңилүүгө учурайт.

**Наршах** жана **Самаркандда** «Ак кийимчендер» жеңилгенден соң, жергиликтүү мүлк ээлеринин өкүлдөрү арабдарга жардам бере баштайт. Күрөштүн акыркы баскычы **Кеш өрөөнүн**дө болуп өтөт. **783-жыл**да Муканнанын **Сом чебиндеги** ордосу курчоого алынат. Узакка созулган курчоодон соң согуштан чарчаган, талыккан муканначылар багынышат. Баскынчыларга багынууну каалабаган Муканна өзүн күйүп турган тандырга таштап өлөт.

«Ак кийимчендер» уюшкандык менен аракет кылбаган. Бул шарт козголоңдун жеңилүүсүнүн негизги себеби болду. Экинчиден, элдик кыймылдын кең жайылып кетүүсүнөн чочуган жергиликтүү мүлк ээлери биринин артынан бири арабдар жакка өтүп кеткен. Үчүнчүдөн, козголоңдун узакка созулганы эмгекчилерди алдан тайдырган.

Козголоң бастырылган болсо да, баскынчыларга каршы жергиликтүү элдин кыймылы толук токтоп калбаган. **806-жыл**да **Рофе ибн Лайс** башчылыгында халифалыкка каршы дагы козголоң көтөрүлдү. Козголоң Самарканддан башталып **Шаш, Фергана, Бухара, Нахшаб** жана **Харезм** аймактарына таркалган. Тез арада бул аймактар халифалыктын колунан кетет. Хурасандын өкүмдары **Маамун** дыйкандардан **Саманхудаттын** неберелери: **Нух, Ахмад** жана **Яхя**лардан суранып, алардан көмөк күтөт. Алар **Рофе ибн Лайсты** колго алып, аны халифага багынууга аргасыз кылышат. Мына ошентип, кезектеги элдик кыймыл да бастырылат.

Жергиликтүү элдин басып алуучуларга каршы күрөштөрү бекерге кетпеген. Барган сайын халифалыктын бийлиги начарлай баштайт. Бул абал Мавараunнахр элинин эгемендүүлүккө жетүүсүн тездеткен.

**1.** Эмне үчүн Мавараунnahр тургундары козголоң көтөргөн?
**2.** Хурасан жетекчилери Мавараунnahр тургундарын тынчтандырууга эмне үчүн аракет кылышкан жана алар кандай саясат жүргүзүшкөн?
**3.** Гурак жана Диваштич каердеги козголоңго башчылык кылышкан? Алар жөнүндө кошумча адабияттардан маалыматтар жыйна.
**4.** «Ак кийимчендер» эмне үчүн жеңилген? Муканна жөнүндө кошумча маалыматтар жыйна.
**5.** Рофе ибн Лайс башчылыгында козголоң кантип басылды?

**Төмөнкү жадыбалды халифалыкка каршы козголоңдор темасына тиешелүү маалыматтар менен толтур**

| Болуп өткөн козголоңдор | Себептери | Натыйжалары |
|---|---|---|
| | | |

## 11-§. АББАСИЙЛЕР БИЙЛИГИ ДООРУНДА ХУРАСАН ЖАНА МАВАРАУННАХР


**Таяныч түшүнүктөр:** ***зордук-зомбулуктун күчөшү, Абу Муслимдин үгүттөөсү, Абу Муслим козголоңу, Аббасийлер.***

**Элдин нааразычылыгынын күчөшү.** **VIII кылымдын 40-жылдарын**да халифалыкта бийлик үчүн күрөш күчөйт. Мухаммад пайгамбар (с.а.в.)дын атасынын тууганы Аббастын эбереси **Мухаммад ибн Али** халифалык үчүн күрөш баштайт. Умавийлер Мухаммад (с.а.в.)дын урпактарын кырып таштоодо айыпталган эле. Мына ошентип, халифалыкта умавийлердин бийлигин жок кылуу үчүн кескин аракеттер башталып кетти.

Умавийлерге каршы жалпы нааразычылык, айрыкча халифа **Марван II** (744–750) бийлик жүргүзгөн мезгилде абдан күчөгөн. Буга хыраж салыгы өлчөмүнүн көбөйүшү жана элдин түрдүү иштерге тынымсыз күч менен тартылышы себеп болгон. Умавийлерге каршы күрөшкө үгүттөө үчүн аббасийлер түрдүү аймактарга көптөгөн үгүттөөчүлөрдү жиберишкен. Мына ушундай үгүттөөчүлөрдүн бири куфалык **Абу Муслим** болгон.

Ал Хурасанга келип, элине кайрылып, пайгамбар Мухаммад (с.а.в.)дын урпактарын колдоого чакырат.

Баштап арабдардын кадыр-барктуу адамдары, соң жергиликтүү дыйкандар Абу Муслимди колдоп-кубатташат. Умавийлерге каршы үгүттөө иштери тез арада Хурасан, Маварауннахр жана Тохарстан аймактарына кең таркалат. Мамлекет калкы халифалыкка каршы козголот. Козголоңчулардын дээрлик бардыгы кара кийим кийип алышкан эле. Оболу, кара кийим аза белгиси, жадагалса, кудуреттүү күчтүн желеги жана кескин күрөштөрдө козголоңчуларды умавий аскерлерден ажыратып туруучу белги болгон.



*** Абу муслим башчылыгындагы козголоң 747-749-жылдарда Хурасан жана Маварауннахрда болуп өткөн. Козголоңдун натыйжасында халифалыкта умавийлер бийликтен түшүрүлүп, аббасийлер династиясы бийликке келет.**

**Умавийлердин кулашы.** **747-жылда** Абу Муслим калкты умавийлерге каршы күрөшкө чакырат. Ал эми **748-жылдын башын**да Абу Муслим Хурасандын борбору Марв шаарын ээлейт. Халифа Марван өз кол астындагы бардык аскердик күчтөрдү козголоңчуларга каршы сарптаса да, бирок умавийлердин бийлигин сактап кала албайт.

**749-жылы** Абу Муслим жетекчилигиндеги козголоңчулар халифалыктын борбордук аймактарына жол алат. Борбор колго алынып, халифа **Марван II** тактан кулатылат. Анын ордуна аббасийлер үй-бүлөсүнөн **Абул Аббас Саффах** (750–754) халифалык такка көтөрүлөт. Жер-жерлердеги умавийлер үй-бүлөсүнүн өкүлдөрү жана жакындары кырып ташталат. Ошентип, араб халифатында мамлекеттик бийлик *аббасийлер* колуна өтөт.

**Аббасийлер доорундагы Маварауннахр.** Аббасийлердин халифалык такка келиши эмгекчил элге эч кандай жеңилдик келтирбеген. Абу Муслим аркылуу аббасийлер тарабынан элге берилген убадалардын бири да ишке ашпаган. Абу Муслим Багдадда мамлекеттик жана аскердик жогорку мансапка дайындалган. Бирок аббасийлер анын эл арасындагы кадыр-баркынын барган сайын арта беришине кайдыгер карай алмак эмес.

Натыйжада Абу Муслим борбордон четтетилип, Хурасан жана Маварауннахрга башчы кылып жиберилет.

Эмгекчил элдин ортосунда аббасийлерге каршы козголоң маанайы пайда болот. Мындай козголоңдордун бири **750-жылы** Бухарада болду. Абу Муслим жергиликтүү күчтөрдүн жардамы менен козголоңду араң бастырат. Маварауннахрдагы ички кырдаалдан пайдаланып, Кытай императорунун кошууну Түркстанга бастырып кирет.

Абу Муслим тарабынан жиберилген аскердик күч **751-жылы** Талас өрөөнүндө Кытай кошуундарына катуу сокку урат, аларды мамлекет территориясынан кууп чыгат. Абу Муслим чын жүрөктөн кызмат кылган болсо да, аббасийлер ага ишенбейт эле. **755-жылы** сарайга куралсыз жана жалгыз келген Абу Муслим халифанын буйругу менен өлтүрүлөт. Абу Муслимдин өлтүрүлүшү халифаттын чыгыш аймагында, айрыкча Хурасан жана Маварауннахрда аббасийлерге каршы элдик кыймылдын күч алышына шылтоо болгон.

**Аббасийлер доорунда Маварауннахрды башкаруусу.** Маварауннахр **VIII кылымдын ортолоруна чейин** каршылык көрсөтүшүнө карабастан араб халифалыгынын маанилүү вилаяттарынан бири катары анын курамына бүтүндөй өттү. Борбордук бийлик 749-жылга чейин Дамашкда болгон болсо, азырга келип Багдадда жайгашкан.

Халифа мамлекетти башкарууда ***вазир ул-визаро*** (улуу вазир)го таянган. ***Амир ул-умаро аскердик иштер үчүн жоопкер болгон***. Халифа түрдүү маселелерди кеңеште – ***деван ад-дар***да көрүп чыгышкан. ***Деван ад-дар*** үч негизги деванга бөлүнгөн: деван ал-машрык, деван ал-магрыб жана деван ал-хараж. Маварауннахрга тиешелүү маселелер ***деван ал-машрыкта көрүлгөн***.

Халифа вилаят жетекчилерин кызматына дайындаган же бошоткон. Халифалыктын укуктук маселелери Кураны Карим жана Пайгамбар көрсөтмөлөрү, насыйкаттарына негизделген түрдө көрүп чыгылган.

Ошентип, **VIII кылымдын ортолоруна келип** Маварауннахрда саясий башкаруу араб халифалыгы саясий системага ыңгайлашкан эле. Согдианада бухархудаттар жана башка өкүмдарлардын кол астындагы текшерүү, күзөтүү усулу өз формасын сактап калган болушуна карабастан, акимдердин халифа

жетекчисине моюн сунушу шарт эле. Жергиликтүү мамлекет башкаруучуларынын көпчүлүгү өз укуктары жана артыкчылыктарын сактап калуу максатында ислам динин кабыл алышкан. Исламды кабыл албаган ак сөөктөр өз жерлеринен айрылышкан же олпон төлөшкөн. Ушул түрдө арабдар Мавараунахрдын саясий системасына жана диний ынанымына өз таасирин өткөрө алышкан.

1. Эмне үчүн халифалыкта умавийлерге каршы элдин наразычылыгы пайда болду?
2 Абу Муслим элди эмнеге үндөгөн?
3 Абу Муслим козголоңу кандай акыбеттерге алып келген?
4. Аббасийлер бийликке келгенде Мавараунахрда абал кандайча өзгөрдү?
5 Аббасийлер доорунда Мавараунахрдагы башкаруу тартиби жөнүндө айтып бер.

## III БӨЛҮМ

## МАВАРАУННАХРДА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ТҮЗҮЛҮШҮ

### 12-§. КАРЛУКТАР, ОГУЗДАР, ТАХЫРИЙЛЕР

**Таяныч түшүнүктөр:** ***карлуктар, огуздар, тахырыйлер, мамлекет башкаруусу.***

**Халифалыктын күчсүздөнүшү.** **VIII кылымдын аягы – IX кылымдын баштарын**да Араб халифалыгы оор саясий кризиске учураган. Моюн сунган элдерди баш ийдирип туруу арабдар үчүн барган сайын кыйындашкан. Маварауннахр жана Хурасан элинин тез-тез козголоң көтөрүп турушу, тынымсыз болуп жаткан өз ара согуштар жана ички карама-каршылыктар Араб халифалыгынын бийлигин күчсүздөнттү. Бул болсо көз карандысыз мамлекеттердин пайда болуусуна алып келди.

Маварауннахрдын түндүгүндө жана түндүк-чыгыш аймактарында али халифалыкка баш ийбеген өлкөлөрдө көз карандысыз мамлекеттер пайда болду. Алардын бири Карлуктар мамлекети болчу.

**Карлуктар мамлекети**. Илгери *Алтайдын батышында Иртыш дарыясынын орто агымында* жашаган карлуктар байыркы түрк урууларынан болуп саналган. Түрк каганатынын курамына кирген. **VIII кылымдын ортосун**да *Жетисууда* **Карлуктар мамлекети** пайда болгон. Бул мамлекеттин борбору *Чүй дарыясынан* түндүктө жайгашкан **Суяб** шаары болгон. Карлуктар мамлекетинин өкүмдары *«ябгу»* же *«жабгу»* деп аталган.

**X кылымдын ортосу**на келип карлуктардын чоң бөлүгү мусулман болгон. Бул мезгилде бир канча карлук шаарларында жамааттык мечиттер курулган.

Карлуктар мамлекети түндүк жана чыгыштан *Элсуви дарыясынын* өрөөнүнө чейин, ***чигил уруусунун*** жайлоолоруна чейин; батыштан ***огуз журту*** жана *Фергана өрөөнү*; ал эми түштүктө ***ягмалар*** эли жана *Чыгыш Түркстан* менен чектешкен. Бул аймакта борбор шаардан сырткары **Жол, Ноокат, Карманкат, Яр** сыяктуу шаарлар

жана бир нече кыштактар түзүлгөн. Калк *кой багып*, тоо жылгаларынын бойлорунда *дыйканчылык* менен алектенишкен. Чыгыш Түркстан жана Маварауннахр менен соода-сатык жүргүзгөн. Четке негизинен жүн жана жүн продукциялары: *килем, палас, кийиз* сыяктуулар алып чыгылган.

**X кылым**да карлуктар Маварауннахрды басып алгандан соң, алар Чач оазиси жана Фергана менен Зарафшан өрөөндөрүнө келип орношушкан. Кийинчерээк отурак жергиликтүү элге сиңип кетишкен.

*** Карлуктар – түркий уруулардан бири. Алгач Алтайдын батыш бөлүгүндө, кийин Иртыш дарыясынын орто агымында жашаган.**
*** VIII кылымдын ортолорунда Карлуктар мамлекети Жетисуу аймагында түзүлгөн. Борбор шаары Суяб шаары болгон.**

**Огуздар**. Түрк каганаты доорунда огуздар анын курамында болгон. Түрк каганаты кыйрагандан соң, огуздардын чоң бөлүгү *Сырдарыя бассейни* жана *Арал деңизи* боюнда бекем орношуп алышкан. Алар **IX кылымдын аягы жана X кылымдын башында Огуздар мамлекетине** негиз салышкан.

С*ырдарыя боюндагы* **Жаңыкент** шаары Огуздар мамлекетинин борбору болгон. **X кылым**дан баштап огуздар ислам динин кабыл алышат.

**Огуздар – Орто Азияда жашаган түркий уруу. IX кылымдын аягы жана X кылымдын башында Огуздар мамлекети Сырдарыя бассейни жана Арал деңизинин боюнда түзүлгөн. Борбор шаары Жаңыкент болгон.**

**X кылымдын биринчи чейрегинде** Огуздар мамлекети түндүк-чыгыштан келген *кыпчактар* тарабынан катуу соккуга дуушар болуп, бөлүнүп кетишет. Алар өз жерлерин таштап, бир бөлүгү батышка, *Түндүк Кавказ* талааларына барып орношот. Алардын экинчи бөлүгү болсо баштап *Маварауннахр*га кирип келет жана андан соң түштүк-батышка жылып отуруп, жаңы ди-

настия – *селжуктар* башчылыгында *Алдыңкы Азия* мамлекеттерин басып алууга киришет.

Бул эки түрк мамлекети бир гана Мавараунналхрга эмес, бүт Орто Чыгыш жана Алдыңкы Азия элдеринин саясий турмушуна да күчтүү таасир көрсөтөт. Бул мамлекеттердин эли ошол аймакта жашоочу элдердин этникалык тарыхына таасир кылды. Мисалы: *карлуктар* өзбек жана тажиктердин, огуздар түркмөн, азербайжан, каракалпактардын этногенезинде маанилүү роль ойногон.

**Тахырийлер мамлекети**. **VIII кылымдын аягы — IX кылым**дын башында халифалыкты солкулдаткан оор саясий кырдаал аббасийлерди Мавараунnaхр жана Хурасанда жүргүзүлүп жаткан саясатты өзгөртүүгө мажбур кылган. Жергиликтүү байлар Мавараунnaхр жана Хурасанды өз карамагына өткөрүп гана албастан, о.э, халифалык борборунда да бийликти башкарууда барган сайын көбүрөөк роль ойной баштаган. Буга, айрыкча, халифа **Хаарун ар-Рашид**дин (786–809) өлүмүнөн соң анын уулдары **Маамун** менен **Аминдин** ортосунда **809–813-жылдар**да бийлик үчүн болгон күрөш чоң жол ачып берди.

Халифалыктын борбордук бөлүгүндөгү арабдар Аминди халифалык тактыга көтөрүшкөн. Мындан наараазы болгон Маамун иниси Аминге каршы согуш баштайт. Хират вилаятынын байларынан Тахыр ибн Хусейн баш болгон Хурасан жана Мавараунnaхрдын мүлк ээлери ага жардам беришкен. 813-жылда алар Багдадга жортуул жасашат. Борбор колго алынып, Маамун халифалык тактыга отурат. Мунун акысына Тахыр **821-жылы** *Хурасан менен Мавараунnaхрга башчы* болуп дайындалат. Ошону менен бирге, Маамун Мавараунnaхр байларынын кызматын да унутпады. *Саманхудат*тын неберелерин айрым шаар жана аймактарга башчы кылып дайындайт. **Нух**ка *Самарканд*, **Ахмад**га *Фергана*, **Яхя**га *Шаш* жана *Уструшана*, ал эми **Иляска** *Хират* тиет. Буга жооп иретинде ага-ини саманийлер Мавараунnaхрдын ар жылы жыйналчу хыражынан өтө чоң өлчөмдөгү каражатты тахырийлер аркылуу халифанын казынасына жиберип турушкан.

**Тахыр** мамлекет иштерин эркин башкаруу максатында **822-жылы** халифанын атын хутбадан чыгартып таштайт.

Бул болсо иш жүзүндө Багдад менен мамилени токтотуу

жана өзүн көз карандысыз мамлекет деп жарыялоо эле. Бирок көп өтпөй ал кокустан каза болот. Тахырдын уулдары **Талха** жана **Абул Аббас Абдуллах** атасынын ордуна биринин артынан бири башчылык кылышат. Ошентип, Хурасан менен Мавараунахды башкаруу тахырийлер үй-бүлөсүнө мурас болуп калат. Абул Аббас Абдуллахтын бийлиги (830-844) учурунда борбор **Марв**дан **Нишапур** шаарына көчүрүлгөн.

Мавараунахр шаарларында башчылык кылган Саманхудат урпактарынын жергиликтүү башчылыгы тахырийлер тарабынан таанылат. Саманийлер болсо, өз кезегинде, тахырийлерге баш ийген түрдө Мавараунахрды башкарып турушат. Бул Хурасан менен Мавараунахрда бир кылымдан ашыгыраак убакыт үстөмдүк кылган халифалык башкаруунун аяктагандыгын билдирет эле.

**Тахырийлер бийлигинин кулашы.** Тахырийлер заманында да эмгекчил элдин жашоо абалы абдан оорлугунча кала берген. Бай дыйкандардын зордук-зомбулугунан, мамлекеттин оор салыктарынан кыйналган эл козголоң көтөргөн. Аларга *«гаазийлер»* да кошулушкан. Козголоңго саффарийлер – мискер кол өнөрчү ага-ини **Якуб** жана **Амр ибн Лайстар** башчылык кылат. **873-жылы** Хурасандын борбору **Нишапурду** ээлешет. Натыйжада *тахырийлердин* бийлиги кулайт, бийликке *Саффарийлер* келет.



1. Карлуктар мамлекети кайсы аймактарда түзүлгөн?
2. Карлуктар мамлекетинин борбору кайсы шаар болгон?
3. Огуздар мамлекетине качан негиз салынган?
4. Карлуктар жана огуздар Мавараунахр элинин этникалык курамына кандайча таасир көрсөткөн?
5. Тахырийлер мамлекети кандайча пайда болду?

## Өз алдынча иш

Окуу китебиндеги тексттен пайдаланып толтур.

| Мамлекеттин аты | Түзүлгөн мезгили | Аймагы | Борбор шаары |
|---|---|---|---|
| Карлуктар мамлекети | | | |
| Огуздар мамлекети | | | |



| | | | |
|---|---|---|---|
| Тахырийлер мамлекети | | | |
| Саффарийлер мамлекети | | | |

## 13-§. САМАНИЙЛЕР


**Таяныч түшүнүктөр:** ***саманийлердин бийлиги, мамлекетти башкаруу системасы, коргонуу иштери, девандар, ислам growdininin өнүгүүсү.***

**Саманийлер бийлиги.** **IX кылым**да Мавараунахрдын саясий турмушунда да өзгөрүүлөр болду. Аймакка оболу **Нух**, кийин **Ахмад** башчылык кылат. Ар бири өз бийлиги учурунда өз атынан жез тыйындар басышкан. Ахмаддын өлүмүнөн (**865-жыл**) кийин анын уулу **Наср** Самаркандды борборго айландырган. Ал Мавараунахрдын бардык вилаяттарын баш коштуруу жана аны Хурасандан ажыратып алуу жолдорун издейт.

**IX кылымдын акыркы чейрегин**де Мавараунахрдын дээрлик бардык аймактары *саманийлердин* карамагына өтөт. Наср бүткүл Мавараунахрдын өкүмдарына айланат. Ал күмүштөн дирхам чыгарат.

Көп өтпөй ага-ини **Наср** жана **Ысмайыл**дын ортосунда бийлик үчүн күрөш башталат. Анда Ысмайыл жеңип чыгат. Ысмайыл Саманий **888-жылы** бүткүл Мавараунахрды өз кол астына бириктирет.


**Ысмайыл Саманий** орто кылымдардын өтө шыктуу, кайраттуу жана акылман мамлекеттик ишмер болчу. Ал Мавараунахрды бириктирип, күчтүү мамлекет түзүүгө умтулган. Түндүк-чыгыш аймактарга жортуул жасайт. **893-жылы** Тараз шаарын басып алып, талаа-чөлдүктөргө катуу сокку берет.



**Бухара. Ысмайыл Саманийдин күмбөзү. X кылым.**

Мавараунахр элинин көз карандысыздыкка жетишиши, шексиз түрдө Араб халифалыгына жакпайт эле. Ошондуктан халифалык саффарийлер менен саманийлерди уруштуруууга жана алардын экөөн тең начарлатып, бул бай аймактарда өз

таасирин кайра калыбына келтирүүгө аракет кылган. Халифа **Муутазид** (892–902) *саффарийлер* өкүмдары **Амр ибн Лайска** Хурасан менен бирге Маварауннахрдын үстүнөн да бийлик жүргүзүү укугу берилгени жөнүндө буйрук чыгарат жана аны **Ысмайыл**га каршы кайрайт. Натыйжада 900-жылы алардын ортосунда согуш башталат. Согуш Ысмайылдын жеңиши менен аяктайт. Бүткүл Хурасан саманийлер кол астына өтөт. Халифа айласыздан Ысмайылга өкүмдарлык укугун берүүчү кат



***Саманийлер мамлекети (865–999) – Маварауннахр жана Хурасандагы орто кылымдын мамлекети. Саманийлер мамлекетинин түзүлүшү араб халифалыгынын кулашы жана Маварауннахр менен Хурасанды басып алган Саманийлердин бийликке келиши менен байланыштуу.**

жиберүүгө мажбур болот.

**Ысмайыл Саманий** бүткүл Маварауннахр жана Хурасанды өз кол астына бириктирет. **Бухара** шаары бул эки аймактын борборуна айланат

**Башкаруу системасы.** Саманийлер мамлекетти башкарууда баштап чакан башкаруу бөлүмдөрүн түзүшкөн. Ал **амирдин ордосу** жана **министрликтерден** турган.

Ордодо *амирдин турак жайы* жана купуя бөлмөлөрү о.э. *сарай кызматчылары, нөкөрлөр* жана *ишчилердин* турак жайлары болгон. Наршахийдин жазышынча, Саманийлердин башкаруусу негизинен *вазир, муставфий, амид ул-мүлк, сахыбы шурат* сыяктуу **он министрлик** аркылуу башкарылып, алар арасында **министрликтин канцеляриясы** башкы башкаруу мекемеси эсептелген. **Наср II** (914–943) доорунда Бухаранын *Регистан* аянтында амир ордосунун тушунда министрлер үчүн сарай курулуп, өкмөттүк мекеме мына ушул атайын имаратка жайгашкан эле. Мекеме кызматкерлери араб, фарс тилдерин мыкты өздөштүргөн, Куранды жана шарияттын негизги эрежелерин жакшы билген, түрдүү илимдерден кабары бар сабаттуу асылзаадалардан тандалып алынган. Маварауннахрдын өнүгүүсүндө ислам дини кызматкерлеринин салымы чоң болгон. Ошондуктан алардын кадыр-баркы көтөрүлүп, борбор шаар **Бухара** Чыгыштын ислам дининин эң көрүнүктүү борборлорунан

бирине айланган. Шаарларда көптөгөн ибадатканалар, жамааттык жана чакан мечиттер курулду. Бул мезгилде Бухара шаарында мусулман Чыгышындагы алгачкы билим берүүчү **медреселер**дин бири курулду. Бухаранын бул байыркы медресеси **Х кылым**да шаардын көлөч тигүүчүлөр көчөсүнө жакын жерде курулган. Ал Фаржак медресеси деп аталган.

*** Медресе арабча-үйрөнөм-мусулмандардын орто жана окуу мекемеси.**

Мамлекеттин руханий жашоосунда ***«устат»*** деп аталган дин жана илим ишмерлери башчылык кылган. Кийинчерээк бул ат ***«шайх ул-ислам»*** деген наам менен андан да улууланган. Устаттан кийин ***хатибдер*** турган.

Саманийлер мечит, медресе жана үйлөр куруу үчүн атайын жайлар жана алардын сарп-каражаттары үчүн чоң өлчөмдө акча ажыратып берген. Ислам дининин өнүгүүсү талашсыз түрдө Орто Азия элинин эгемендүү эл болуп калыптануусунда маанилүү роль ойноду.

*** Министр (Вазир) – канцелярия башчысы, башкы министр;**
*** Улама – дин окумуштуулары;**
*** Хажиб – аскердик наам;**
*** Ханаках - мусаапыркана;**

**Коргонуу иштери. Ысмайыл Саманий** *сарайдын атайын туруктуу сарбаздарынан турган* жакшы куралданган *аскердик кошуун* түзгөн. Жакшы жана узак кызмат кылган сарбаздар «хажиб» даражасына көтөрүлгөн. Хажибдердин башчысы *«хажиб ул-хужаб»* же *«хажиби бузрук»* деп аталган. Мындай даража Саманийлер сарайындагы эң жогорку наам деп эсептелген.

**1**. Саманийлер кандай кылып Араб халифалыгынан көз карандысыз болгон?
**2.** Качандан баштап Мавараунназрдын дээрлик бардык вилаяттары саманийлер кол астына өтөт?
**3.** Ысмайыл Саманий бийликке кандай келди?

**4**. Эмне үчүн Маварауннахрдын эгемендүүлүккө умтулуусу Араб халифалыгына жакпаган?

**5**. Эмне себептен саффарийлер менен саманийлердин ортосунда согуш келип чыкты?

**Төмөнкү жадыбалды Саманийлер мамлекети темасындагы маалыматтар боюнча толтур.**

| Саманийлер мамлекети | **Иш жүргүзгөн доору** | **Территориясы** | **Борбору** |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 14-§. САМАНИЙЛЕР ДООРУНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***экономикалык турмуш, ички жана тышкы соода, акча мамилеси, жер ээлеринин калыптанышы, Саманийлер бийлигинин кыйрашы.***

**Айыл чарбасы. IX–X кылымдарда Маварауннахр жана Харезм** элинин негизги бөлүгү *сугарма дыйканчылык* менен алектенген. Сугаруу тармактары аркылуу сугарылып, көрктөндүрүлгөн түшүмдүү аймактарда – *дан өстүрүү, шалы өстүрүү, пахтачылык, жашылча-жемиш өстүрүү, палызчылык* жана *багбанчылык* жогору даражада өнүккөн эле.

**IX−X кылымдарда Маварауннахр** жана **Хурасан**да дыйканчалык салыгы – хыраждан казынага түшө турган каражат мамлекеттик киреше-чыгашанын бир кыйла бөлүгүн каптайт эле. Ошондуктан да саманийлер мамлекетте дыйкан чарбасын өнүктүрүүгө чоң маани беришкен.

Чарбачылык жогорку даражада болгон. Мал чарбачылыгы өлкөнүн калкын азык-түлүк менен камсыздап гана калбастан, чарбанын бардык тармактарын ат-унаа менен камсыздап турган. Айрыкча, мамлекеттин аскер кошуундары, атап айтканда аттуу аскер бөлүктөрүн ат-унаа менен камсыз кылууда абдан чоң мааниге ээ болгон.

**Кол өнөрчүлөр**. **Маварауннахр** жана **Харезм** шаарларында *токуучулук, карапачылык, жезчилик, айнек жасоо жана зергерлик*, *темир жана жыгач устачылыгы* сыяктуу өнөр-

кесиптер бир кыйла өнүгөт. Натыйжада, шаарлардын жалпы турпаты таптакыр өзгөрөт. Анда чоң-чоң имараттар, устаканалар, мечит, медресе, күмбөздөр, кербен сарайлар курулат. Эми шаарлар ондон ашуун дарбазалуу чоң бир кол өнөрчүлүк борборуна айланып калат.

**Самарканд**да жогорку сорттогу *кагаз* иштелип чыккан. **Шаш** өзүнүн *иштелген тери* жана *тери продукциялары* менен, **Элак** болсо *күмүш* жана *коргошун кендери, о.э. күмүш тыйындар чыгарчу устаканасы* менен белгилүү эле. **Харезм**де *кайык* жасоочулук өнүккөн. Харезм жана Термезде даярдалган кайыктар Амударыяны бойлоп тээ алыскы Арал деңизине чейин тынымсыз жүк ташып соодагерлердин оорун жеңил, алысын жакын кылган. Бул мезгилде шаарлар менен бир катарда айыл-кыштактар да мамлекеттин экономикалык турмушунда чоң орун ээлеген. Бухаранын **Зандана кыштагында** токулган ачык сары түстүү бөз *«занданича»*, Самарканддын **Вадар кыштагын**да даярдалган кездеме *«вадаарий»* аттары менен Чыгышта белгилүү эле.

*** Рабат – орто кылымдарда арабдардын чыңдалган турак жайы. Алгач газийлерге арнап курулган атайын имарат. Кийинчерээк рабат жалаң коргон, чеп маанисинде гана эмес, о.э. мейманкана (кербенсарай) мазмунунда да түшүнүлгөн.**

*** Кербенсарай – кербендер токтоп, түнөп кете турган коргон, сарай, мейманкана. Соода жолдору үстүндө жана шаарларда курулган.**

**Ички жана тышкы соода.** Мамлекетте дыйканчылык жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү натыйжасында ички жана тышкы соода кеңейди. Байыркы кербен жолун бойлой кудуктар казылып ар бир токтоочу жайда *рабаттар* тургузулган. Кербендер өтүүчү шаар жана айыл-кыштактарда *кербенсарайлар* курулган. Аларда хужралар жана кампалар болгон.

Тышкы соода мамилесинде саррафтык чектеринен кең пайдаланышкан. Ошол убакта соодагерлер өзү менен көп акча алып жүрүшпөгөн. Алар өз акчаларын шаардагы саррафтарга тап-

шырып, тийиштүү документ-чек алышкан. Болжолдогу шаарга баруу менен ошол чекти саррафка берип, анда көрсөтүлгөн суммадагы акчаны толук кайтарып алууга мүмкүн эле. *Чек сөзү* фарсча термин болуп, ошол убакта дагы азыркы мааниде иштетилген.

Кытай менен болгон соодада *чай, жибек кездеме, туз* жана *ат* негизги орунда турган. Итиль, Хазар жана Болгарларга Мавауннахр жана Харезмден күрүч, кургатылган мөмө, таттуулар, туздалган балык, пахта, жибек кездемелер, нооту, кымкап жана килемдер алып барып сатылган. Болгар жана Хазардан кымбат баалуу терилер, шамдар, учу шиштигий калпактар келтирилген.

**Акча.** Ички базарларда «*фалс*» деп аталган жез тыйын, эл аралык соода-сатыкта болсо күмүш тыйын – *дирхамдар* иштетилген. Жез тыйындарды борбордук өкмөт да, ошондой эле, династия мүчөлөрү болгон кээ бир жергиликтүү акимдер да чыгарчу. Күмүш тыйындар бир гана мамлекет башчысынын атынан **Марв, Самарканд, Бухара** жана **Шаш**та мамлекет устаканаларында согулган.

**Жерге ээлик кылуунун түрлөрү.** Саманийлер бийлиги мезгилинде жерге ээлик кылуунун **«мүлкү султаний», «мүлк жерлери», «вакф жерлери», «жогорку мансаптуулар мүлкү»** жана **«жамаат жерлери»** деген 5 түрү болгон.

Мамлекет карамагындагы жерлер **«мүлкү султаний»** деп аталган. Бийликтеги династия өкүлдөрү, мүлктүү дыйкан жана аксөөктөрдүн карамагындагы чоң-чоң жер аянттарынан тартып эмгекчил айыл-кыштак элине тийиштүү майда жеке жерлерге чейин **«мүлк жерлери» эсептелген**. Мечит, медресе, ханаках жана медреселерге убактылуу же түбөлүк пайдалануу үчүн берилген жерлер **«вакф жерлери»** деп аталган. Мындай түрдөгү жерлерден пайдалануучулардын бардыгы мамлекетке түшүмдүн 1/3 үлүшүндө хыраж төлөшкөн.



**Саманийлердин тыйыны.**

Жогорку мансаптуу дин өкүлдөрү жана саиддердин кол астындагы жерлер «**мүлки хас**» деп жүргүзүлгөн. Мындай артыкчылыкка ээ болгон мүлк ээлери мамлекетке көбүнчө

түшүмдүн 1/10 эсебинде үшр салыгын гана төлөгөн. Булардан сырткары, кыштак жамаалары курамында да белгилүү өлчөмдө жер аянттары сакталып, алар **«жамаат жерлери»** деп эсептелген. Алар негизинен сугарылбай турган жана тоо алды жерлер болгон.

**Икто мүлкү.** **X кылым**да ири мансаптууларга мамлекет алдындагы кызматы үчүн жер жана суудан турган чоң-чоң байлыктар тартуу кылына баштаган. Мындай мүлккө **«икто»**, ага ээ болгон мүлк ээлери **«мукта»** же **«иктодар»** деп аталган. Икто катарында айрым вилаят же шаар жана аймактар тартуу кылынган. Икто башында негизинен жогорку тап өкүлдөрүнө: династия мүчөлөрү – амирзаадалар жана ири мансаптууларга тартуу кылынган. Икто мүлктөрү баштап бир өмүргө эмес, белгилүү бир мөөнөткө берилип, муундан-муунга калган эмес. Иктодарлар өзүнө тартуу кылынган аймактарда жашоочу элден алына турган салыктардын айрым бөлүгүн жыйнап алуу укугуна ээ болушкан.

**Өнөкчү-кошчулар.** IX–X кылымдарда чоң жер ээлери **кадиварларды** иштетүүдөн көрө өз жерлерин кыштак жамааттарынын аз жерлүү мүчөлөрүнө ижарага берүүнү артык көргөн. Ошол мезгилде ижарачылар **«өнөкчү»** же **«кошчулар»** деп аталган. Мамлекет салыктары (хыраж жана үшр) жер ээсинен да, кошчулардан да өз-өзүнчө алынган.

**Саманийлер бийлигинин кыйрашы.** Саманийлердин аскердик жортуулдары, өкүмдар династиянын ички чырчатактары, жергиликтүү акимдердин ээн баш иш-аракеттери барган сайын күчөй баштаган. Натыйжада мамлекетте экономикалык кризис башталган. Бул учурда аскердик күчтөр, анын ичинен амирдин түрк сарбаздарына да акы төлөө үчүн да акча табылбай калган. Мындай оор кырдаалдан чыгуу үчүн **942-жылы** элден эки жолу салык өндүрүлгөн. Ушуга окшогон тартипсиздик мамлекеттеги абалды андан да курчутуп, элдин түрдүү катмарларынын бийликке каршы көтөрүлүүсүнө себеп болду.

Саясий кырдаал **Нух** (943–954) жана анын небереси **Нух II** (976-997) бийлик жүргүзгөн мезгилде абдан курчуган. 947-жылы Нух ибн Насрдын аталаш тууганы **Ибрахим** козголоң көтөрөт. Сарай сарбаздары жана Чаганияндын ири жер-мүлк ээси **Абу Али Чаганийдин** жардамында ал Бухара тактын ээлейт.

Көп убакыт өтпөй Абу Али Чаганийдин өзү да өкүмдарга каршы козголоң көтөрөт. Нух козголоңду күч менен басыра албайт. **952-жылы** Абу Али Чаганийди ал баштап Чаганиянга, кийин Хурасанга аким кылып дайындоого аргасыз болот. 961-жылы Бухарада аскерлердин козголоңу көтөрүлөт. Козголоңчулар амирдин сарайын талап-тоношот жана ага от коюп жиберишет. Мындай окуялардын тез-тез кайталанып турушу, шексиз түрдө, борбордук бийликтин начарлап калганынын белгиси эле.

**1.** Саманийлер доорунда айыл-чарбасынын кайсы тармактары өнүктү?
**2.** Кол өнөрчүлүктүн кайсы түрлөрү өнүккөн?
**3.** Кербен сарайлар эмне үчүн курулган?
**4.** Саманийлер доорунда ички жана сырткы соодада кандай акча бирдиктери иштетилген?
**5.** Жерге ээлик кылуунун кандай түрлөрү болгон?
**6.** Өнөкчү жана кошчулар кимдер эле?
**7.** Саманийлер бийлигин кыйроого алып келген кандай себептер бар эле? Алдын алуу үчүн эмнелер кылуу керек эле деп ойлойсуң?

**Төмөнкү жадыбалды Саманийлер мамлекети экономикалык турмуш темасындагы маалыматтар боюнча толтур.**

| Айыл чарбасы | Кол өнөрчүлүк | Тышкы соода | Акча бирдиктери |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 15-§. ГАЗНАВИЙЛЕР

**Таяныч түшүнүктөр:** ***газнавийлер, Махмуд Газнавий, Маъсуд Газнавий, башкаруу системасы, илим-билим жана маданият.***

**Газнавийлер бийлиги.** Мамлекетте болуп өткөн оор кырдаалда Саманийлер мамлекетинин түрк хажибдеринен турган сарай кошуунунун саясий бедели абдан күчтүү болгон. Анткени аскердик жана коргонуу иштери толугу менен алардын колунда болчу. Түркий кол башчылардын кызматтары үчүн саманий амирлери алардын көпчүлүгүн **Хажиб-ул-хужаб** же

**Хажиб-ул-бүзрүк** сыяктуу жогорку аскердик мансаптарга дайындап, аларга айрым вилаяттарды башкаруу укугун да беришкен.

**962–963-жылдарда** Газна жергесин **Алптегин** аким жана армия башчысы катары башкарган. Ал Газна жана Кабул вилаяттарын өз алдынча башкарууга умтулуп, Газнавийлер мамлекетине негиз салган. Бул жаш түркий мамлекеттин борбор шаары Газна болгон. Газнавийлердин саясий бедели **Сабуктегин** доорунда (977–997) артып, саманийлер тарабынан таанылган. Ал эми **Махмуд Газнавий** доорунда (997–1030) анын аймагы кеңейип, Чыгыштын эң күчтүү мамлекеттеринен бирине айланган. Мамлекет чек арасы батышта Рай жана Исфахан шаарларына, Каспий деңизи, түндүк-батышта Харезм жана Арал деңизине чейин созулган. Ал эми чыгышта Түндүк Индиянын кыйла бөлүгүн өз ичине алган жана Түштүк Балужистанга чейин жеткен эле. Саманийлер династиясы кыйрагандан соң **Махмуд Газнавий** Хурасан аймагын, кийинчерээк Харезм мамлекетин (1017) да өзүнө кошуп алган. Бирок **Маъсуд Газнавий** доорунда (1030–1040) мамлекеттин аймактары бир-бирден колдон чыгып, кризиске жүз бурган. Натыйжада **1186-жылда** таптакыр жоюлган.

**Газнавийлер мамлекетинин башкаруу системасы.** Газнавийлер мамлекетинин режими жана башкаруу системасы байыртан өнүгүп келе жаткан түркий мамлекетчиликтин негизинде курулган болсо да, бирок ал өзүнө мүнөздүү башкаруучулук өзгөчөлүгүнө ээ эле. Министрлик системасында аскердик, элчилик жана расмий иш-чаралар, финансы жана кабар-почта канцеляриясы иш жүргүзгөн. Вилаяттын өкүмдары **ваалий**, шаардын акими **раис** деп аталган. Вилаятта башкаруу иштери **амид**, ал эми шаарларда болсо **күтвал** тарабынан ишке ашырылган. Мамлекет күчтүү кошуунга ээ эле. Кошуунда аскердик кемелер (дарыя жана деңиз флоту) да бар болгон.

**Илим-билим жана маданият.** Газнавийлер мамлекетинде илим-билим жана маданият, атап айтсак, адабият өнүккөн. Махмуд Газнавий өз түркий эне тили менен бир катарда фарс, араб жана пахлавий тилдерди мыкты билген, өзү да ыр жазган. Борбор шаардагы сарайда 400 дөн ашуун окумуштуу, акын жана көркөм өнөр адамдары чыгармачылык менен алектенишкен.

**Абу Райхан Беруний, Насыр Хусрав, Гардийзий** жана **Байхакий** өңдүү улуу ойчулдар Газнада жашашкан. Беруний *«Конуни Маъсудий»*, **Байхакий** *«Тарихи Маъсудий»* чыгармаларын султан Маъсудга арнап жазышкан. **Абул Касым Фирдавсий** белгилүү «Шахнаама» дастанын Махмуд Газнавийге тартуу кылган. Газнавийлер мамлекетинде курулуш жана архитектурага да олуттуу көңүл бурулган. Газна, Балх, Нишапур, Лахур жана башка шаарларда көптөгөн медреселер, мечит, дербишкана жана сарайлар курулуп, китепканалар иштеп турган. Бакдарактар көп эгилип, айныкса борбор шаар Газна дүркүрөп өскөн.



**1.** Газнавийлер мамлекети кандай түзүлгөн?
**2.** Кимдин доорунда Газнавийлер мамлекети Чыгыштын эң күчтүү мамлекеттеринен бирине айланган?
**3.** Газнавийлер башкаруу системасы мурда болгон кайсы мамлекеттердин системасына окшош?
**4.** Газнавийлер башкаруу системасында кандай девандар иш жүргүзгөн?
**5**. Газна шаарында окумуштуулардан кимдер чыгармачылык менен алектенишкен?

**Төмөнкү жадыбалды газнавийлер темасындагы маалыматтар боюнча толтур.**

| **Газнавийлер мамлекети** | **Иш жүргүзгөн доору** | **Территориясы** | **Борбору** | **Өкүмдарлары** |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

## 16-§. КАРАХАНИЙЛЕР

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Караханийлер мамлекети. Маварауннахрдын басып алынышы. Караханийлер мамлекетинин бөлүнүп кетиши. Мамлекеттик башкаруу. Каракытайлар чабуулу «Дыйкан» атамасынын жаңы мазмуну.***

**Мамлекеттин түзүлүшү. X кылымдын ортолорун**да Карлуктар *ягма*, *чигил*, *огуз* жана башка уруулар менен бирдиктүү союзга биригишет. Бул чоң аймакта баштап **«Каганат өлкөсү»** деп аталган мамлекет түзүлгөн. Бул мамлекеттин башчылары «жабгу» деп пайдаланылган даражанын ордуна өздөрүн «кара-

хан» же «улуухан» деп аташкан. **XI–XII кылымдарда Каганат** өсүп-өнүккөндөн соң, ал **«Карлук-Караханийлер»** мамлекети деген ат алган. Бул ири мамлекет бир нече уруулардын союзунан түзүлгөндүктөн өкүмдарлары «***арстанхан»***, ***«буурахан»*** жана ***«табгачхан»*** наамдары менен аталган. Бул үч термин жогорку даражадагы өкүмдар маанисин билдирген. Ал эми улуулук же жогору тургандык байыртадан түркий элдерде «кара» сөзү менен мүнөздөлгөн. Ошондуктан такта отурган Арстанхан, Буурахан жана Табгачхандар «карахан» эсептелишкен. Алар башкарган мамлекет кийинчерээк тарыхта шарттуу түрдө **«Караханийлер мемлекети»** аты менен таанымал болгон.



***Караханийлер мамлекети, Каганат өлкөсү – Чыгыш Түркстан, Жетисуу жана Тянь-Шандын түштүк жактарында түзүлгөн мамлекет. Караханийлер династиясы башкарган. Караханийлер мамлекетинин пайда болушуна карлук, чигил жана ягма уруулары жетекчи роль ойногон. Негиздөөчүсү – Абдулкарим Сатук Буурахан** (859-955).

**Караханийлердин Маварауннахрга чабуулу. 992-жылы Харун Буурахан** башчылыгындагы караханийлер Маварауннахрга карай чабуул жасайт. Бул мезгилде саманийлер династиясы ички карама-каршылыктарга туш болгон кези эле.

Караханийлер Бухараны каршылыксыз эле колго алышкан. **Нух ибн Мансур** караханийлерге каршы күрөшүү үчүн Газнадагы өкүлү **Сабуктегинди** жардамга чакырат. Ал жыйырма миңдик кошууну менен Маварауннахрга жетип келет. Нух менен биригип, бир нече салгылашуудан соң караханийлер жетекчисинин ко-шууну талкаланат. Бул иши үчүн Нух Сабуктегинди Хурасандын башчысы кылып дайындайт. Натыйжада Газна жана Хурасанда Сабуктегин жана уулу Махмуддун саясий бийлиги чыңдалат.

**996-жылы** караханийлер Маварауннахрга карай кайрадан чабуул жасайт. Ушундай оор бир шартта кыянатчылык жүз берет. Тактап айтканда Сабуктегиндин кошууну Бухараны ээлейт. Андан соң ал караханийлер менен сүйлөшүүлөр жүргүзөт. Натыйжада алардын ортосунда келишим түзүлүп, ага ылайык Сыр-

дарыя өзөнү караханийлердин колуна өтөт. Ал эми Сабуктегин Амударыянын түштүгүндөгү жерлерге, о.э. Хурасанга өкүмдар болуп алат. Саманийлерге Маварауннахрдын борбордук бөлүгү гана берилет. Бирок көп убакыт өтпөй, **999-жыл**да Бухаранын **Наср Элакхан** башчылыгындагы караханийлер тарабынан басып алынуусу менен саманийлердин бийлиги аяктайт.

**Караханийлер мамлекетинин бөлүнүшү.** Караханийлер эми Хурасанды да өз мамлекетине кошуп алуу үчүн аракет кылышат. Арадан көп убакыт өтпөй караханийлер менен газнавийлердин ортосунда кескин согуш башталат. **1006**- жана **1008-жылдар**да караханийлер Хурасанга карай эки жолу кошуун тартат. Бирок **Махмуд Газнавий** караханийлерге сокку берип, Хурасанды өз мамлекети курамында сактап калуууга жетишет.

Газнавийлердин Салжукийлер менен күрөшү башталат. Мындан пайдаланган караханийлердин жергиликтүү өкүмдары **Ибрахым Бөрүтегин 1038-жылы** Амударыя бою вилаяттары – **Хутталан, Вахш** жана **Чаганиянды** газнавийлерден тартып алат. Көп убакыт өтпөй ал Маварауннахрды жана Ферганаты багындырып, өз алдынча эркин саясат жүргүзө баштайт. Натыйжада караханийлер эки эгемендүү мамлекетке бөлүнүп кетет. Биринчиси борбору **Баласагын** болгон **Чыгыш караханийлер**, экинчиси борбору **Самарканд** болгон **Маварауннахрдагы Караханийлер мамлекети** эле. Бул жеңиштерден кийин **Ибрахым Бөрүтегин** «*буурахан*» наамын алган.

**Мамлекеттик башкаруу**. Караханийлер мамлекетти вилаяттарга бөлүп башкарган. Аларды **элакхан** же **такин** (же тегин)дер башкарган. Акимдери жалаң гана караханийлер үй-бүлөсүнүн элакхан наамына татыктуу болгон мүчөлөрүнөн шайланган. Элакхандар өз наамдары менен акча-тыйындар чыгарып, вилаяттардын эгемендүүлүгүнө умтулушчу. Мавараунахр элакханы караханий элакхандар арасында чоң кадыр-баркка ээ болгон. Ал Самаркандда такка отурган. Вилаят башкаруусунда саманийлер мезгилиндей эле вазирлер, сахыббаридлер, муставфийлер кызмат өтөшкөн. Шаарлар болсо шаар акими, раистер тарабынан башкарылган. Караханийлер мамлекетте өз бийлигин чыңдап алууда мусулман дин уламалары менен жакын жана достук мамилелерин ор-

нотушкан. Бул мезгилде имам, саййид, шайх жана садрларга көп көңүл бөлүнүп, алардын кадыр-баркы ар качанкыдан да жогору көтөрүлгөн.

Караханий өкүмдарлары бул мезгилде отурукташып жашоого өтпөгөн болсо да, дыйканчылык өрөөндөрүн жана шаарлардын маданий маанисин жакшы түшүнгөн. Алар **Баласагын, Кашкар, Тараз, Өзгөн, Самарканд** жана **Бухара** өндүү шаарларды мамлекет же вилаят борборлоруна айландырып, шаарлар менен байланыш орнотууга умтулушкан

**Айыл чарбасындагы абал.** XI кылымда Маварауннахрга кирип келген көчмөн чарбачылар эгин аянттарын тепсендиге айлантат. Жайыт жана жайлоолорго айландырылган эгинзарлар караханийлер үй-бүлөсүнүн таянычы болгон уруулардын негизги мүлкүнө айландырылган.

Жергиликтүү мал-мүлктүү дыйкандар менен көчмөн чарбачылар ортосунда карама-каршылык күчөп, дыйкандарга каршы күрөш курчуй баштайт. Караханийлердин кысымы натыйжасында менчик ээлери болгон дыйкандар жан сактоо максатында өз жерлерин таштап кетүүгө аргасыз болушат.

Караханийлер бийлиги доорунда жергиликтүү менчик ээлери болгон дыйкандар жер-сууларынан жана мамлекетте туткан саясий беделдеринен ажырап, коо-мдук турмушта өзүнүн мурдагы ордун жана маанисин таптакыр жоготушат.



*** XI–XII кылымдарда «дыйкан» деген термин өзүнүн «кыштак акимин» билдирген түпкү маанисин жоготту.**

**Икто жерлеринин кеңейиши.** XI кылымдан баштап жерден пайдаланууда *икто тартиби* өтө кеңири жайылат. Караханийлер тарабынан өкүмдар династия өкүлдөрүнөн сырткары жогорку даражалуу аскер башчылар, мамлекет кызматкерлери жана жергиликтүү жер-мүлк ээлерине да чоң-чоң жер аянттары икто түрүндө тартуу кылынган. Икто тартиби караханийлер үчүн баш ийдирилген мамлекет элинен тиешелүү салыктарды өндүрүүдө башкаруунун эң ыңгайлуу ыкмасы болгон.

Ошентип, **XI–XII кылымдар**да Маварауннахрда жана Хурасанда икто жерлери кеңейип, жерге ээлик кылуунун негизги формаларынан бирине айланды.

Бул мезгилге келип мусулман дин кызматкерлерине болгон өзгөчө көңүл буруунун күчөшү жана өлкөдө алардын саясий таасиринин барган сайын жогорулоосу менен *вакф жерлери* да бир кыйла көбөйгөн.

Ошентип бул мезгилде өнөкчүлөр алгачкы орто кылымдардагы кадиварларга караганда эркин эсептелсе да, алардын мойнуна мамлекет тарабынан түрдүү салык жана милдеттер жүктөлгөн. Сугаруу тармактары, дамбалар, жол жана чептерди куруу жана аларды кайра түзөтүү иштеринде алардын катышуусу милдеттүү болгон.

**Шаарлар, соода жана кол өнөрчүлүк.** XI–XII кылымдарда шаарлар кеңейди, элдин саны көбөйүп, алар ого бетер тыгыздашты. **Самарканд**, **Бухара**, **Термез**, **Өзгөн**, **Ташкент** сыяктуу шаарлар ички жана тышкы соода үчүн түрдүү кол өнөрчүлүк товарла-рын өндүрүүчү, о.э, тыйын-тенгелер менен жүргүзүлгөн базар соодасынын борборуна айланды. Ушул доордо курулган, азырга чейин сакталган **Рабати Малик, Масжиди Калан, Мунараи Калан, Вабкент мунарасы, Жаркоргон мунарасы, Магаки** аттари мечити менен бирге салабаттуу сарайлар, мечит, медресе, мунара, мончо жана кербен сарай сыяктуу чоң имараттар бой көтөрдү. XI–XII кылымдын түрдүү түстөгү боёлгон кооз жана жалтырак оймо-чиймелүү чопо идиштери жана табактары, түстүү айнек буюмдары, жез идиш-аяктары өзүнүн түрдүүлүгү жана жогорку даражада назиктиги менен айырмаланып турат.

Кол өнөрчүлүктүн өркүндөөсү, ички жана тышкы сооданын кеңейиши менен базар мамилесинде акчага болгон керектөө жогорулайт. Натыйжада күмүш жана жезден көптөгөн тыйындар иштеп чыгылат.

**Каракытайлар чабуулу.** Саясий жактан барган сайын начарлай баштаган Караханийлер мамлекети өзүнүн мурдагы беделин жоготуп, салжукийлердин кысымына учурады жана ага көз каранды болуп калат. **XII кылымдын 30-жылдарынын аягына** келгенде Караханийлер мамлекети чыгыштан келген

жаңы басып алуучулар – көчмөн **каракытайлар** (монголдорго таандык уруу) чабуулуна туш болот.

**Гөрхан** Баласагын шаарын Каракытайлар мамлекетинин борборуна айландырган. Жетисууга жайгашып алган каракытайлар тез арада Сырдарыянын орто агымына карай жортуулга чыгат. Алардын согушчан кошуундары алгач Шаш жана Ферганага, соң Зарафшан жана Кашкадарыя вилаяттарына бастырып кирет. **1137-жылы** алар **Хоженд** шаарына жакын жерде караханийлердин элакханы **Махмуд**га катуу сокку урат. Өз ара тынчтык келишими түзүлүп, караханийлерден чоң өлчөмдө олпоң өндүрүлгөн соң өз мекендерине кайтышат. Бирок тынчтык келишими узакка созулбайт. Арадан төрт жыл өтпөй каракытайлар Мавараунnaхрга дагы чабуул жасашат. **1141-жылы** болуп өткөн салгылашууда каракытайлар жеңишке жетишет. Натыйжада Караханийлер мамлекети аяктайт.



**1.** Караханийлер мамлекети кандай түзүлгөн?
**2.** Караханийлер Мавараунnaхрга канча жолу чабуул жасаган? Алардын натыйжалары кандай аяктаган?
**3.** Караханийлер мамлекетинин экиге бөлүнүшү кандай болуп өткөн?
**4.** Караханийлер мамлекеттик башкаруусунун мурдагы мамлекет башкарууларынан кандай айырмасы бар?
**5.** «Дыйкан» деген түшүнүк эмне үчүн өзүнүн мурдагы маанисин жоготту?
**6.** Икто тартиби Саманийлер доорундагыдан эмнеси менен айырмаланат?
**7.** Каракытайлар чабуулу кандай натыйжага алып келди?

**Төмөнкү жадыбалды Караханийлер темасындагы маалыматтар боюнча толтур.**

| **Караханийлер мамлекети** | **Территориясы** | **Иш жүргүзгөн доору** | **Мамлекеттик башкаруу** |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 17-§. ХАРЕЗМ МАМЛЕКЕТИ ЖАНА АНЫН ГҮЛДӨП-ӨСҮШҮ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Эгемендүүлүк үчүн күрөш. Харезмшахтар мамлекети. Ички карама-каршылыктар.***

**Маамунийлер доорундагы Харезм.** **995-жыл**да Гурганч амири **Маамун ибн Мухаммад** Кат шаарын басып алып, Харезмдин эки бөлүгүн бириктирди жана Харезмшах даражасына жетишти. Мына ушундай түрдө афригийлер династиясы жоюлуп, Маамунийлер бийлиги башталды. **Көөнө Үргөнч** Харезмшахтар мамлекетинин борбор шаарына айланды. Кыска убакыт ичинде маамунийлер Харезмшахтар мамлекетин социалдык, саясий, экономикалык жана маданий жактан өнүктүрүштү. Мамлекет *вилаят, шаар* жана *кыштак* (калаа)тарга бөлүп башкарылды.

Харезмшах мамлекеттин эң жогорку жана бирдиктүү өкүмдары эсептелген. Гурганчта падышанын резиденциясы, борбордук башкарма – канцелярия уюштурулду. Анын курамында дыйканчылык, соода-сатык, финансы, салык, шаар жана кыштактарда тынчтыкты сактоо үчүн аскердик иштер менен алектенүүчү мекемелер иш жүргүзгөн. Мамлекеттин эң жогорку кызмат орундарынан бири министрлик – *хожаи бүзрүк* даражасына ээ болгон. Ал канцелярия иштерине жоопкер болгон. Аскердик жортуулдар учурунда өкүмдардын атынан мамлекетти башкарган.

**Эгемендик үчүн күрөш.** **1017-жылы** Махмуд Газнавий тарабынан басып алынып, өз эгемендүүлүгүнөн ажырап калган Харезм көп убакыт өтпөй **1040-жылда** Салжукийлер мамлекетине көз каранды болуп калат. Салжукийлер өкүмдары **Маликшах** өз сарай кызматкерлеринен **Ануштегинди** Харезмге аким кылып дайындайт. Ануштегиндин өлүмүнөн соң Харезмде анын мураскору **Кутбиддин Мухаммад** (1097–1127) башчылык кылат. Ал «харезмшах» наамын кайра калыбына келтирип, мындай угумдуу ат менен ардакталса да, Салжукийлер мамлекетинин ишенимдүү өкүлү бойдон калган. Харезмдин эгемендүүлүгү Кутбиддин Мухаммаддын уулу **Атсыз** (1127–1156) дын аты менен байланыштуу.

Эң оболу Атсыз түркмөн жана кыпчактарды өзүнө

баш ийдирет. Харезм менен экономикалык жактан байланыштуу болгон Сырдарыянын этеги жана Мангышлак жарым аралын ээлейт. Атсыз Каспий деңизинин жээктеринен Сырдарыянын орто агымына чейинки жерлерде Харезмшахтар мамлекетинин пайдубалын түптөгөн.

**Харезмшахтар мамлекетинин түзүлүшү.** Атсыздын саясатын анын мураскорлору **Эларстан** (1156−1172), **Султаншах Махмуд** (1172) жана **Текеш** (1172−1200) уланткан. XII кылымдын экинчи жарымында Маварауннахр жана Хурасанда саясий кырдаал ого бетер курчуйт. **1153-жылы Султан Санжарга** каршы көчмөнчү огуздар козголоң көтөрүшөт. Натыйжада Салжукийлер мамлекети катуу соккуга дуушар болуп, алсызданып калат.

Баштап андан **Кичи Азия** жана **Керман** бөлүнүп кетет. Андан соң Фарс, Азербайжан жана Хурасан вилаяттары көз карандысыз болуп алат. Мындай саясий кырдаалда Харезмдин башкаруу чөйрөсү кеңейтирилип, анын эгемендүүлүгү андан да чыңдалат. Харезм мамлекети айрыкча Атсыздын небереси Текештин тушунда абдан кеңейген. **1187–1193-жылдары ал Нишапур, Рай** жана **Марв** шаарларын басып алат. **1194-жыл**да болсо салжукийлердин султаны **Тогрул**га катуу сокку уруп, Иранды Харезмге баш ийдирет.

**Мамлекет аймагынын кеңейиши.** Текештен соң анын уулу **Алавуддин Мухаммад** (1200–1220) да Харезм мамлекетин кеңейтүү саясатын улантат. **1206-жыл**дан баштап Маварауннахрды каракытайлардан болгон көз карандылыгынан куткаруу үчүн күрөш баштайт. **1210-жыл**да Талас өрөөнүндө каракытайлар жеңилет. Жетисууга чейинки аймактар Харезмшахтар мамлекетинин курамына кирет.

**XIII кылым**дын башында Харезм абдан чоң аянтты ээлеген улуу мамлекетке айланган эле. Анын түндүк-батыш жана батыш чек арасы Арал жана Каспий деңизи жээктеринен түштүк-батышта Иракка чейин жеткен. Түштүк-чыгыш аймактары Газна вилаятынан, түндүк-чыгыш чек арасы болсо Жетисуу жана Кыпчак талааларынан өткөн.

Чыгыштагы бул улуу мамлекеттин борбору **Үргөнч** шаары эле. Ал эми өкүмдар Мухаммад Харезмшах болсо **«Экинчи Александр»** («Искандари соний») деп даңкталган. Анын са-

районда 27 өкүмдар жана алардын өкүлдөрү дайыма баш ийип турушкан.

**Ички карама-каршылыктар**. Мамлекет каракытайлардын зулумунан кутулган болсо да, эмгекчил элдин абалы жеңилдебеген. Тескерисинче, харезмшахтардын согуштук жортуулдары, салык саясатындагы ээн баштык, амир жана кызматчылардын зордук-зомбулугу мамлекет элинин материалдык абалын өтө оордоткон, айыл-чарбасын ого бетер начарлаткан. Бул болсо, шексиз түрдө шаар жана айыл-кыштак жашоочуларынын харезмшахка каршы наразылыгын күчөткөн. Натыйжада, 1210-жылда Отрар эли, 1212-жылы болсо самарканддыктар козголоң көтөрүшкөн. Мухаммад Харезмшах козголоңдорду ырайымсыздык менен бастырган.

Вилаят өкүмдарларынын баш көтөрүүсү, элдин көп катмарынын нааразылыгы, кошуун жана сарайда баш аламандыктын күчөшү мамлекеттин тынчсыздыгын, туруксуздугун даана айгинелеген. Ошондуктан да бул мамлекет көпкө турбаган.



**1.** Арабдар баскыны Харезмге кандай кесепеттерди алып келди?
**2.** Афригийлер династиясы кандай жоюлду?
**3.** Маамунийлер өз бийлигинен кандайча айрылып калды?
**4.** Харезмдин эгемендүүлүгү кимдин аты менен байланыштуу?
**5.** Харезмшахтар ички карама-каршылыктардын алдын алуу үчүн кандай саясат жүргүзүшү керек эле деп ойлойсуң?

**Төмөнкү жадыбалды Харезм мамлекети темасындагы маалыматтар менен толтур.**

| Династия | Бийлик жүргүзгөн доору | Өкүмдарлары |
|---|---|---|
| | | |

## 18-§. ХАРЕЗМШАХ МЕНЕН ЧЫҢГЫЗХАНДЫН ОРТОСУНДАГЫ МАМИЛЕЛЕР

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Харезм мамлекетинин ички жана тышкы саясаты, элчилик жана дипломатиялык мамилелер, Харезмшахтар мамлекетинин кыйрашы.***

**Өз ара элчилик байланыштары.** Моңгол уруу башчылары кудуреттүү мамлекетке кошулушу жана биригиши ***Тему-***



Чыңгызхан

***чин*** (1155–1227) аты менен байланыштуу. **1206-жылы** Онон дарыясы боюнда чакырылган монгол урук жана уруулары башчыларынын курултайында Темучин **улуу хан** (каан) деп жарыяланган, ага **«Чыңгыз»** аты ыйгарылат жана Монголдор мамлекетине негиз салынат.

***Чыңгызхан*** **алып барган согуштар натыйжасында** Гоби чөлүнүн чыгыш чегинен Теңиртоо (Тянь-Шань) тизмегинин батыш этектерине чейинки аймактар Монголдор мамлекети бийлиги астында бириктирилген эле.Эми монголдор мамлекетинин батыш чек арасы Султан Мухаммад Харезмшах мамлекетинин чек арасы менен түздөн-түз туташып калат.

***Чыңгызхан жана Харезмшах*** ортосунда бири-биринин күч-кудуретин билип алууга жана бул жөнүндө маалыматтар топтоого аракет башталат. Эки ортодо элчилик байланыштары да орнотулат.

Баштап, **1216-жылы** Чыңгызхандын алдына Харезмшах **Бахауддин Раазий** жетекчилигинде өз элчилерин жиберет. Элчилерди Чыңгызхан урмат-сый менен кабыл алат. Алардан Султан Мухаммадды Батыштын жаангери, өзүн болсо Чыгыштын падышасы деп эсептөөсүн Харезмшахка жеткирүүсүн сурайт. Чыңгызхан да кымбат баалуу буюмдар жүктөлгөн чоң кербендер менен өз элчилерин Харезмге жиберет. Элчилерге харезмдик соодагер **Махмуд Ялавач** башчы болуп дайындалат. Чыңгызхандын элчилерин Султан Мухаммад **1218-жылдын жазы**нда Бухарада кабыл алат. Элчилер Чыңгызхан Султан Мухаммадды кудуреттүү падыша катарында билип, аны өзүнүн «эң ардактуу уулдары» катарында көрүшүн жана аны менен достук келишимин түзүүгө ыраазы экендигин айтат. Эң ардактуу уулдары катарында көрүү «сый-урматы», шексиз түрдө, Чыгыш тилинде Чыңгызхандын Харезмшахты өзүнө көз каранды кылуу ниети бар экендигин айгинелеп турган. Өзүн Экинчи Александр (Македонский) деп эсептеп жүргөн падышага мындай «келечек» жакпайт эле. Харезмшах **Махмуд Ялавач**ты түнү өз алдына жашыруун түрдө чакыртып келет. Элчиге харезмдик

болгондуктан Чыңгызханга эмес,Харезм шахына кызмат кылууну, Чыңгызхан жөнүндө бар чындыкты айтууну, кийинчерээк хан ордосунда Харезмшахтын тыңчысы (шпиону) болуп калууну талап кылат. Чыңгызхан өз элчилеринин иш натыйжасынан ыраазы болот.Анткени **Махмуд Ялавач** Харезм мамлекети жана падышасы жөнүндө Чыңгызханга,монголдор жөнүндө Харезмшахка айткан маалыматтарга караганда да көбүрөөк маалымат топтоп кайткан эле.

**Мамилелердин курчушу.** Чыңгызхан эки чоң кошуна мамлекет ортосунда келишим түзүү үчүн 1218-жылдын өзүндө эле Харезмге өтө чоң соода жана элчилер кербенин жиберет. Кербен ар түрдүү кымбат баалуу товарлар жүктөлгөн 500 төө, 450 мусулман соодагерлеринен турган. Бул чоң соода кербени мамлекеттин борбору Үргөнчкө келаткан эле. Бирок кербен жолдо чек ара шаар Отрарда кармалып калат. Шаардын акими Гайырхан (Иналчык) тарабынан кербен таланып, соодагерлердин бардыгы кырып ташталат. Бир төөчү гана тирүү калат. Ал Чыңгызхандын ордосуна араң жетип барып, кербендин аянычтуу тагдыры жөнүндө кабар берет.

Чыңгызхан Харезм бийлеринен эсептелген Отрар акиминин кыянатчылыгына аябай кыжырланат. Бирок кыжырдануусун басып, **Ибн Кафраж Бугра**ны эки ишенимдүү ордо кызматындагы күзөтчүлөрдүн коштоосу менен Харезмшахка элчи кылып жиберет. Чыңгызхан Султан Мухаммаддан айыптууларды жазалоону жана Иналчыкты карматып, анын алдына жиберүүсүн талап кылат. Харезмшах буга жооп катары элчини өлтүрүп, эки ордо адамын сакал-муруттарын кырып, шерменде кылып кайтарууну буюрат. Бул окуялар эки чоң мамлекет ортосундагы соода байланышы жана элчилик мамилелердин толук үзүлгөндүгүн билдирген. Ошентип Харезмшах уюштурган бул окуя ар эки улуу мамлекеттердин ортосунда согуш башталуусуна шылтоо болгон.

**Харезмшахтар мамлекетинин кризиске учурашы.** XIII кылымдын баштарында Харезмшахтар мамлекети кошуунунун жалпы саны Чыңгызхандын аскер күчүнө караганда бир кыйла көп эле. Харезмшахтын бийлиги саясий, атап айтканда,

административдик жактан бекем болбогон. Анткени, мансаптуу адамдар мамлекет кыйын абалга түшүп калган учурда өз кызматтарын таштап кетип, падышага баш ийбей ээн баштык менен өз билгендерин кылышчу. Ал тургай, айрым аймак акимдери Харезмшахка үстүрттөн гана баш ийип, иш жүзүндө дээрлик эркин эле. Анын үстүнө Султандын ордосунда күчтүү өз ара ички карама-каршылыктар өкүм сүргөн. Айрыкча **Түркан катын**, б. а. «түрктөрдүн энеси» аты менен таанылган Султан Мухаммаддын апасынын кошуундардын жогорку кол башчылары эсептелген кыпчак ак сөөктөрү менен туугандык бекем байланышы бар эле. Ал өз уруулаштарынын таламдарын көздөп сарайда көтөрүлгөн бардык ички карама-каршылыктарга башчылык кылып турган. Жадагалса аларда падышага каршы көралбастык маанайын да уюштуруп да койгон.

Өз ара ички карама-каршылыктар жана ээнбаштыктар, элдин наарazылыгынын күчөшү мамлекеттин саясий турмушун кыйроого алып келди. Мындай өтө кооптуу кырдаалды жоюу максатында **Султан Мухаммад** өз бийлигинин соңунда «Мамлекеттик кеңеш»ти түзөт. Кеңешке эң билимдүү 6 өкүл дайындалат. Анда эң орчундуу маселелер талкууланып, чечим кабыл алынса да, иш жүзүндө ал оң натыйжа бербейт. Мына ушундай жагдайда ал согушчан монгол урууларынын Чыңгызхан башчылыгындагы баскынына туш болот.

**1.** Дүйнө тарыхынан алган билимиңе негизделип моңголдор мамлекети кандай пайда болгонун айтып бер. Чыңгызхан кайсы коңшу мамлекеттерди басып алды?

**2.** Чыңгызхан жана Харезмшахтын элчилик мамилелеринин негизги максаты эмне эле?

**3.** Чыңгызхан жана Харезмшах ортосундагы мамилелер эмне үчүн татаалдашкан? Айтчы, бул мамилелер курчубастыгы мүмкүн беле?

**4.** Кандай себептер Харезмшахтар мамлекетинин саясий кыйроосуна алып келди?

**5.** Ой жүгүртүп айтчы, Харезмшах элинин биримдигин камсыздоо үчүн кандай иштерди жасашы керек эле?

**Төмөнкү жадыбалды окуу китебиндеги тексттен пайдаланып алар жөнүндөгү маалыматтар боюнча толтур.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Султан Мухаммад Харезмшах** | | **Махмуд Ялавач** | |
| **Чыңгызхан** | | **Гайырхан** | |
| **Бахауддин Раазий** | | **Ибн Кафраж Буура** | |

## 19-§. МУХАММАД ХАРЕЗМШАХТЫН МАМЛЕКЕТТИК КОРГОНУУСУНА ТИЕШЕЛҮҮ ЧАРАЛАРЫ ЖАНА АНЫН АКЫБЕТИ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***коргонуу планы, Отрар курчоосу, Бухара жана Самарканддын ээлениши, Темур Маликтин каармандыгы, Үргөнч курчоосу, Нажмиддин Кубранын эрдиги.***

**Харезмшахтын коргонуу планы.** Чыңгызхан Маварауннахр жортуулуна өзгөчө көңүл буруп, терең ойлонуп даярдык көргөн. Ал согуш баштала элек жатып, душмандын күчкудурети жана согушка даярдыгы жөнүндө соодагерлер аркылуу топтолгон маалыматтарды кылдаттык менен үйрөнгөн. **Чыңгызхан** Харезмшахтар мамлекетинин ички карама-каршылыгынан толук кабардар болчу.

Харезмшахтар менен аскер башчыларынын ортосундагы келишпестиктер мамлекеттин душман үстүнөн үстөмдүгүнөн пайдаланууга мүмкүнчүлүк берген жок. Согуш башталышынан мурда болгон аскердик кеңеште алардын ортосундагы келишпестик ачыктан-ачык белгилүү болгон. Кеңеште душманга сокку уруунун бирдиктүү планын бир ооздон белгилеп алуунун ордуна алардын ойлору ар тарапка бөлүнгөн. **Султан Мухаммад**дын уулу **Жалалиддин**, Хоженд акими **Темир Малик** сыяктуу кол башчылар аскердик күчтөрдү негизги жерлерге жыйып, душманга каршы сокку берүүнү сунушташат. Султан чоң кошуунду бир жерге топтоодон корккон. Анын оюнча бир жерге топтолгон кошуун аны тактан кулатышы мүмкүн эле. Ошондуктан да аскердик кеңеште султан өз кошуундарын түрдүү шаарларга өз-өзүнчө жайгаштырган, согушта коргонуу тактикасын колдоо

чечимин кабыл алган. Ошентип, мамлекет олуттуу кооп астында калды.

**Отрар курчоосу. 1219-жылдын күзү**ндө Чыңгызхан Хорезмшахка каршы жортуул баштайт**.** Чыңгызхандын *Отрардыктарда өчү* болгондуктан, моңголдор кошууну баштап Сырдарыя боюнда жайгашкан **Отрар** шаарына карай жортуул жасайт. Отрар бекем чептүү чек ара шаар болчу. Чептин башчысы **Гайырхан** жана кол башчы **Карача Хажиб** башчылыгындагы кошуун моңголдорго каршы согушту. Жазма булактарга көрө, Отрар курчоосу **5 ай**га созулган. Отрарды коргоонун эң оор учурунда Карача Хажиб өз кошууну менен шаар дарбазасынан чыгып, монголдорго баш ийген. Бирок чыккынчыларды монголдор да кечирбеген. Алар Карача Хажиб жана анын аскерлерин өлтүрүшкөн.

Гайырхан өзүн Чыңгызхандын соодагерлерин жана кербен башчыларын өлтүргөндө айыптуу сезип, акыркы демине чейин душманга каршы күрөшөт. Гайырхан башчылыгындагы коргоочулардын бир бөлүгү Отрардын аркына жайгашып алып, коргонууну дагы бир айга улантышкан. Гайырхан курчоого алынып, туткун кылынат. Ал Самаркандга алып барып, кыйнап өлтүрүлгөн.

**Бухара трагедиясы**. **1220-жылдын февралын**да Чыңгызхан мусулман чыгышындагы ири маданий борбор Бухарага кошуун таштайт. Бирок Бухара душман күчүн кайтарууга даяр эмес эле. 12 күндүк курчоодон соң Бухара толук ээленип, талаптонолот. Эсепсиз байлыктар талап-тонолуп, кылымдарды карыткан кол жазмалар, ыйык китептер тытылып, өрттөлөт. Илим жана билим ээлери болгон уламалар жана шайхтар көрүнүктүү монгол жоокерлерине кызматкер кылып берилет. Чыңгызхандын буйругу менен Бухара өрттөп жиберилет.

**Самарканд салгылашуусу**. Бухара басып алынгандан соң **1220-жылдын март айын**да моңголдор Маварауннахрдын эң улуу жана ири шаары болгон Самаркандды көздөй бет алат. Чыңгызхан шаардан сыртта жайгашкан **Көксарай** алдынан туруп шаарды курчоо ишине жетекчилик кылат. Шаар босогосунда үч күн айыгышкан салгылашуу болот. Үч күндүк катуу салгылашуудан соң, Чыңгызхан айла иштетүүгө мажбур болот. Кангли кошуундарына ал шаар алынгандан кийин амандык уба-

да кылат. Алар багынып шаар таланып, 30 миңдик кангли кошууну калган коргоочулары да кырып жиберилет. Самарканд моңголдор тарабынан ээленип, Бухара сыяктуу өрттөп жиберилет.

**Темур Маликтин эрдиги.** **Хоженд** шаары Сырдарыя экиге бөлүнгөн жерде жайгашкан. Анын табигый жайгашышы жана шаар акими Темур Маликтин жеке каармандыгы менен хожендиктер монголдорго күтүлбөгөн каршылык көрсөтөт.

**Хоженд** шаары коргоочулары **Темур Малик башчылыгында бир ай** бою өз шаарын коргоду. Акыры аргасыз калганда өрт ичинде калган шаар калаасын миңге жакын баатыр таштап чыгып, Темур Малик менен Сырдарыянын ортосундагы аралга жайгашып алып, душман менен каармандарча согушат, Акыры атайын кемелер жасап, дарыя агымы бойлоп, Харезм тарапка сүзүп кетет. Жол жүрүүдө да душман менен согушат.

Эл баатыры **Темур Маликтин** андан кийинки патриоттук эрдиги Харезм жана ата-журтунун башка аймактарын коргоочулардын катарында өттү. Сырдарыя (Сайхун) өзөнү, Зарафшан жана Кашкадарыя аймактары, Амударыянын орто агымынын оң жээк аймактары басып алынгандан соң, Чыңгызхан негизги күчтү Харезмшахтар мамлекетинин борбордук бөлүгү – Харезмге бурат.

**Үргөнч курчоосу**. **1221-жылдын баштарын**да Чыңгызхан кошуундарынын Үргөнчкө жортуулу башталат. Харезмшах борборунда харезмдиктердин 110000 кошууну турган. Үргөнчтүктөр душмандын аскердик күч жана брондуу куралдарынын устундугуна карабастан өз шаарын жети ай коргошкон. **Жалалиддин Мангуберди** жана **Темур Малик** сыяктуу кол башчылар элдик өч алуучулар менен бирге согушту. Бул салгылашууларда өз заманынын улуу даанышманы шайх **Нажмиддин Кубра** аты менен таанылган 76 жаштуу **Ахмад ибн Умар Хивакий** өз достору, шакирттери жана санаалаштары менен катышкан. **Наажмиддин Кубранын** элге кайрылып, *«Же Мекен, же сыймыктуу өлүм»* деген сүрөөнү менен ар бир маале, көчө, базарча, мечит-медресе жана короо салгылашуу майданына айланат. Узакка созулган көчө салгылашуусунда миңдеген монгол аскерлери өлгөн. Монголдор ошол мезгилге чейин Мавараuннахрдын эч бир шаарында мынчалык жоготууга учураган эмес эле.

**Чыңгызхан Нажмиддин Кубра**га издештери, дос-жарлары менен шаар сыртына чыгып, жан сактоону сунуш кылат. Бирок шайх **Чыңгызхан** сунушун кабыл албай, *«ушул топуракта туулганбыз, ушул топуракта өлөбүз!»* деген экен. Натыйжада сан жагынан тең болбогон душман менен алып барылган айыгышкан салгылашууда оор жараланган **Нажмиддин Кубра** өлүм алдында монголдун найза кармаган аскерине кол салууга умтулуп, баатырларча шейит болот. Жоокер монголдор жансыз шайх колунан желекти тартып ала алышпайт.

Моңголдор айла иштетип көрүштү. Бир чабанга 100-150 кой, эчки берип, шаар дарбазасы жанынан айдап өтүүнү буюрат. Өздөрү буктурмада турушат. Ач калган эл дарбазадан чыгып үйүр артынан кууп кетет. Шаардан узакташып бараткан-да моңголдор аларга чабуул жасайт. Жүз миңге жакын адам өлтүрүлөт. Моңголдор калган элди кууп келип шаарга кирип согушат. Бирок, шаар коргоочулары моңголдорду шаардан кууп чыгарууга жетишет. Кийинчерээк айласы кетип, аргасыздан багынган **Үргөнч** баскынчылар тарабынан талап-тоноолгон.

Жүз миң искусство, өнөр ишмерлерин, жаш балдар жана аялдарды ажыратып алып, Монголияга жөнөтүшөт. Калган элди шаардан кууп чыгып, аскерлерге 24 төн бөлүп берет. Моңгол жоокерлери жүз миңден ашык эле. Шаардын башкы суу сактагычы бузуп ташталган. Үргөнчтү суу каптап, ал кыйроого учураган.

***Нажмиддин Кубра (1145-1221) – улуу шайх, суфизмдин таанымал өкүлдөрүнөн бири, кубравиялыктын негиздөөчүсү. Анын ылакабы «диндин улуу жылдызы» маанисин берет. Кубранын керемет көрсөтүүсү, окуяларды алдындан билиши, өткүр назары менен таасир этүүчү касиетине ээ болгондугу жөнүндө аңгемелер таркалган. Кексе шайх жана даанышман инсандын монголдорго каршы согуштагы баатырдыгы, эрдиги муундарга үлгү болуп калды.**

**1.** Харезмшах эмне үчүн коргонуу планын тандады? Ал кандай план эле?

**2.** Сен Мухаммад Харезмшахтын туткан жолун кандай баалайсың?

**3.** Чыңгызхан чабуулу качан жана каерден башталган?

**4.** Нажмиддин Кубранын *«Же Мекен, же сыймыктуу өлүм»* деген сүрөөнүнүн маанисин түшүндүр.

## 20-§. ЖАЛАЛИДИН МАНГУБЕРДИНИН ХАРЕЗМ ТАКТЫНА ОТУРУУСУ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Мангубердинин каармандыгы; Парван согушу, Синд дарыясы боюндагы согуш. Баскынчылыктын натыйжалары.***



**Жалалиддин Мангуберди.**

**Жалалиддин Мангубердинин эрдиги.** Бухара, Самарканд, Хожендге окшогон чоң шаарлардын колдон кетиши Мухаммад Харезмшахты таң калтырган. Ал эми түштүк батыш аймактарына чегине баштады. Харезмшах бөлүнүп четке чыгып калып, көптөгөн ишеничтүү амирлери чыккынчылык кылышты. Андан Кундуз жана Бадахшан вилаяттары акимдери жүзүн бурду. **1220-жылдын апрелинде** Мухаммад Харезмшах Нишапурга келет. Бирок, монголдор артынан түшкөнүн угуп, бир канча шаар жана калааларда жашынып жүрдү. Эч жерде аны жакшы күтүп алышпайт. Акыры Каспий деңизиндеги **Ашура аралында** уулу Жалалиддинди такты мураскору кылып дайындайт, **1220-жылдын декабрында** дүйнөдөн өтөт.

Маварауннахрдын негизги шаарлары ээленгенден кийин, монгол аскерлеринин баскынчылык жүрүшү Амударыя түштүгүндөгү чоң соода жана маданият борборлору: **Балх, Герат, Марв** жана **Газнага** окшогон шаарларга багытталды. Бирок бул аймакта алар **Жалалиддин *Мангубердинин*** катуу каршылыгына дуушар болот. Бул өлкөдө ал күчтүү аскер топтогон.

Жалалиддин **Валион калаасын** курчоого алган монгол кошуундарына каршы кол салып, аларды талкалайт. Бул Жалалиддиндин душманды жеңген алгачкы чоң жеңиши эле.

***Чыңгызхан Жалалиддин Мангубердиге*** каршы **Шики Хутуху** ноёнду 45 миңдик кошуун менен жөнөтөт. Газнага жакын жердеги **Парван** талаасындагы салгылашууда ***Жалалиддин***

жеңип чыкты. Бирок жеңиштен кийин колго киргизилген байлыктарды бөлүштүрүүдө Жалалиддиндин кол башчылары ортосунда өз ара келише албастык башталат. Натыйжада кол башчылардан **Сайфидин Аграк, Аъзам Малик** жана **Музафар Маликтер** кошуундан ажыралып кетишет. Жалалиддиндин аларды кайтарууга кылган аракеттери пайда бербеди. Бул окуядан кийин Жалалиддиндин аскердик күчү бир аз начарлай түшөт. Мындан пайдаланган ***Чынгызхан*** **Газнага** аскер жөнөтүп жана ажыралып чыккандарды бөлөк-бөлөк талкалайт. ***Жалалиддин*** теңсиз салгылашуулар алып барып, **Синд** (Инди) дарыясы жээгине жакындашып барат. Дарыя жээгинде **1221-жылдын 25-ноябрында** катуу салгылашуу болот. ***Жалалиддин Чыңгызхан*** кошуунун эң көрүнүктүүсүн жеңет. Монголдордун буктурмага коюлган 10 миңдей атайын тандалма аскери согуштун жыйынтыгын чыгарат. ***Жалалиддин*** багынууну каалабай атчан **Синд** дарыясына секирип, наркы жээгине сүзүп өтөт. Аны менен бирге анын төрт миң аскери дагы дарыядан өтүп алат. Азыркы мезгилде да бул дарыянын бир жагы *«Ат секирүү»*, наркы өйүзү *«Чөли Жалалий»* деп аталат. ***Жалалиддин***дин каармандыгына таң калган ***Чыңгызхан*** аны артынан куу-гунтукка алуу пикиринен да кайтат. Кур дегенде, ал уулдарына карап: *«Атанын чыныгы уулу мына ушундай болушу керек»,* – деген экен. ***Чыңгызхан*** буга чейин эч бир шах, өкүмдар же кол башчыга мындай баа бербеген жана эч кимди өзүнө ылайык душман көрбөгөн.

**Монголдор баскынчылыгынын натыйжалары.** Монголдор баскынчылыгы натыйжасында Маварауннахр жана Харезмдин гүлдөп турган абат дыйканчылык аймактары кыйроого учураган. Дүркүрөп өскөн жана кооз шаарлары, айрыкча **Бухара, Самарканд, Үргөнч, Марв, Банокат, Хоженд** жана башкалар урандыларга айланды, Марв аймагынын сугаруу тармактарынын башкы тогоону – белгилүү **Султанбанд** бузуп ташталган.

Самарканддыктар өз шаарларынан баш тартып чыгып кетишкен. Ал эми Марвдын калкы суусуздуктан соолуп бара жаткан кыштактарды таштап, башка жерлерге барып жайгашты. Үргөнч сууга бастырылып, таптакыр кыйратылды. Харезм жана Маварауннахрдын дыйкан калкынын саны кескин азайгандыктан, эгин аянттары олуттуу түрдө кыскарып, дыйканчылык бүлгүнгө учурады.

Чебер кол өнөрчүлөр жеңүүчүлөрдүн өлкөсүн абат кылуу үчүн мажбур Монголстанга жиберилген. Бүткүл Чыгышта атак-даңкка ээ болгон курал-жарак жасоочу, жибек кездемелер токуу, оймолуу айнек жасоочулук тармактары жок кылынган. Кылымдар бою Кытай жана Индия Түркистан аркылуу Орто Азия жана Европа тарапка кесип өткөн Улуу Жибек жолу монголдор баскыны доорунда таптакыр аракетсиз калды. Бул доордо илим жана агартууга өтө чоң зыян жеткирилди.



*** Жалалиддин Мангуберди(толук аты Жалалиддин ибн Алауддин Мухамад) (1198-1231) – Харезмшахтардын Мамлекетинин акыркы өкүмдары (1220-1231), чебер кол башчы. Ануштегинийлерден. Жалалиддиндин мурдунда калы болгону үчүн Манкбурну аты менен аталган. Кийинчерээк бул ат тилде өзгөрүп «Мангуберди» аты менен белгилүү болуп кеткен.**

*** Парван салгылашуусу (1221) – Жалалиддин Мангубердинин монгол баскынчыларына каршы алып барган салгылашууларынын бири. Парван салгылашуусу монголдордун бул согуштагы эң чоң жоготуусу болгон. Монголдор басып алган көп шаарларда калк монгол башчыларын өлтүрүшкөн.**

***Синд дарыясы жээгиндеги салгылашуу – Жалалиддин Мангуберди жана Чыңгызхан кошуундары ортосундагы салгылашуу (1221-жыл 25-ноябрь). Согушта Чыңгызхандын кошуундары жеңип чыгат.**



**1.** Жалалиддинди кандай күч эрдикке үндөгөн?

**2.** Эмне үчүн Мухаммад Харезмшах калкты душманга каршы уюштура албады?

**3.** Каердеги салгылашуу Жалалиддиндин душманды жеңген алгачкы чоң жеңиши эле?

**4.** Парван салгылашуусунан кийин эмне үчүн Жалалиддиндин аскердик күчү начарлай баштады**?**

**5.** Синд дарыясы боюндагы салгылашуу жөнүндө сүйлөп бер.

**6.** Монголдор баскыны кандай натыйжага алып келди?

**Төмөнкү жадыбалды темага тиешелүү маалыматтар менен толтур.**

| Салгылашуулар жайы | Натыйжасы |
|---|---|
| | |



## 21-§. ЖАЛАЛИДДИН МАНГУБЕРДИ ЧЕБЕР КОЛ БАШЧЫ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Жалалиддин мамлекети, Басра жакындагы салгылашуу, Азербайжанды басып алуу, ички карама-каршылыктар.***

**Жалалиддин мамлекетинин түзүлүшү.** Жалалиддин Синд дарыясынан кечип өткөнүдөн соң калган жоокерлерин чогултуп, Түндүк Индия аймагында бир канча мамлекеттер өкүмдарлары менен байланыш орнотууга аракет жасады. Бирок, Шатра вилаятынын өкүмдары Жалалиддин Мангубердинин оор абалынан пайдаланып, ага каршы чабуулга өтөт. Бул салгылашууда жеңишке жетишкен Жалалиддин Мангубердиге Шатра өкүмдарынын миңге жакын аттуу жана беш миң жакшы куралданган жоокерлери багынышат жана анын кол астына өтүшөт. Бул ийгиликтен кийин, айлана-чөйрөдөгү жаңы күчтөр Жалалиддинге келип кошулушат. Дели султаны ***Шамсиддин Элтутмуш*** Харезмшахка мындай кат жазат: «*Сенин артыңда исламдын душманы турганы сыр эмес. Сен бардык мусулмандардын султанысың. Мен мындай мезгилде сага каршы болууну каалабаймын. Тагдыр колунда сага каршы курал болушун каалабаймын. Мага окшогон адам сендей инсанга каршы кылыч көтөрүүсү кечирилбес абал* Синд*!*»

Ушундайча, ***Жалалиддин Мангуберди*** Түндүк Индияда мамлекет түзөт. Султан өз абалын жакшылап алат, ага баш ийген инди мүлктөрүндө анын аты хутбага кошуп окулган. Өз атынан күмүш жана жез тыйындар чыгарып, салыктарды тараткан. Бирок Индиянын чоң-кичине өкүмдарлары Харезмшахтын күчөп кетишинен коркушту. Алар өз ара тил бириктирип ***Жалалиддин Мангубердиге*** каршы шериктер түзүүсү билинип калды. ***Жалалиддин Мангубердинин*** эки кол башчылары ***Язудак*** баатыр жана ***Сункуржук*** чыкынчылык кылып ***Элтутмуш*** тарапка өтүп кетишет. ***Жалалиддин Мангуберди*** Индияда үч жыл бийлик жүргүзөт. Ал Индияда туруктуу орношуу, шериктер табуу кыйын экендигин билип, **1224-жылы** бул жерде өз кол башчыларын дайындап, өзү болсо Иракка жол алат.

**Иран жана Кавказдагы жеңиштер.** ***Жалалиддин*** өз кошууну менен алгач Кирман, соң Шираз жана Исфаханга барып, жергиликтүү өкүмдарлар менен келишип, бир аз бекем күчкө ээ

болот. Бирок бул жерлер иниси ***Гиясидинге*** тиешелүү болгондугу үчүн ал агасынын келишинен нараазы эле. ***Жалалиддин***дин келиши жергиликтүү калк тарабынан жакшы күтүп алынган, анткени ***Гиясиддин*** доорунда бейбаштык жана зомбулук эң жогорку баскычына чыккан эле.

Ошентип, Кирман, Фарс, Исфахан Харезмшахка баш ийишин билдирип, жалпы душман – монголдорго каршы күрөшүү максатын билдиришти. ***Жалалиддин*** бул жерлерде бириккен мамлекет түзүүгө киришет.

***Султан Жалалиддин,*** бир тараптан, кудуреттүү мамлекет кайра курулуп, экинчи тараптан, Табаристан, Дамаск, Египет өкүмдарлары аны менен жакшы мамилелер орнотулганынан ыраазы эле. Кийинчелик алар менен шериктик түзүп, чоң кошуун түзүп, Чынгызханга каршы жортуул кылуу мүмкүн эле. ***Жалалиддин*** бул жортуулда жалпы жетекчи болушун ойлоп, Багдад халифасы ***Насырга*** кат жөнөтөт. Ал халифаны жалпы душман – монголдорго каршы күрөшкө үндөйт.

Бирок ошол мезгилдеги Багдад халифасы мурдагыдай кудуретке ээ болбой, өзүн сүйгөн жана зээнсиз өкүмдар эле. Халифа ислам дүйнөсүнө апат жаадырган монголдордон эмес, балким Харезмшах күчөп баруусунан чочушту. Багдад халифасы абдан күчөп жатканын султан ***Жалалиддин Мангубердинин*** кудретин начарлатуу, анын шериктери ортосуна жетекчилик кылуу саясатын тутту. Халифа ***Насыр*** бул жолдо куралдуу күрөштөн да кайтпайт. Анын ***Жалалиддин Мангубердиге*** каршы жиберген 20 миңдик кошууну **Басра** жакынындагы салгылашууда талкаланды. Бул жеңиштен соң ***Жалалиддин Мангуберди*** Азербайжан тарапка жүрүш кылды.

Азербайжан өкүмдары ***Өзбек*** ичкиликке, ырахатка берилип мамлекет иштерин өз жайына таштап койгон эле, мамлекеттин иштерин анын аялы ***Малика хатун*** башкарган. Мындан тышкары, өкүмдар калкты Грузия кошуунунун каракчылык жүрүштөрдөн коргой албай жаткан эле. **1225-жылы майда** ***Жалалиддин Мангуберди*** **Марога** шаарын согушсуз колго киргизди. **Табриз** жана **Газна** да Харезмшахка багынат. Азербайжан калкы Харезмшах көрүнүшүндө өзүн грузиндер зордугунан азат кылуучусун көрүштү. Грузиндер көптөн бери Азербайжанды тоноп, аларга каршы чыга турган күч жок эле. Эми

Азербайжан калкы ***Жалалиддиндин мүнөзүндө*** кудуретүү күчкө ээ болгон эле. Жалалиддин Харезмшах Азербайжан аскердик жортуулдар үчүн ыңгайлуу жайда жайгашкандыгы үчүн бул өлкөнү өз мамлекетинин борбору катарында тандайт. **Табриз** шаарын жаңы курулган мамлекеттин борборуна айландырды.

Азербайжан ээленгенден кийин, ***Жалалиддин Мангуберди*** өз кошуунун Грузия тарапка баштайт. **1225-жыл августта** *Гарни калаасы* жакынында грузиндердин 60 миңдик кошуунун кыйратып жана Тбилисиге карап жүрөт. **1226-жылда** Грузия толук ээленет.

Азербайжан, Шивран (Армения) жана Грузия Харезмшах колуна өткөндөн кийин, монголдор Ишфахан шаары жанында пайда болот. **1227-жыл сентябрда** Ишфахан жакынында ***Жалалиддин Мангуберди*** монголдордун ***Тайнол ноён*** башчылыгындагы кошуунун жеңишет. ***Тайнол ноён Жалалиддин Мангубердини*** салгылашуудагы эрдигине таң калып «*Заманасынын чыныгы баатыры экен, өз теңкурларынын жетекчиси экен*», деген.

**Ички карама-каршылыктар.** ***Жалалиддин Мангуберди***нин Кония, Жазира, Дамашк жана Египет өкүмдарларына кат жазып, аларды монголдорго каршы күрөшүү үчүн биригүү жолундагы иш-аракеттери ыксыз болду. Султан ***Жалалиддин Мангуберди***нин өсүп жаткан статусу Багдад халифасыны, Египет, Дамашк жана Жазира өкүмдарларын чочута баштады. Ички арамзалыктар жана чыккынчылыктар башталды. Андан сырткары Кония султаны ***Алауддин Каюкубак*** аскердик күчтөрүн ***Жалалиддин Мангуберди***ге каршы бириктирүүгө жетишти.

***Жалалиддин***дин иниси ***Гиясидин Пиршах*** биринчи болуп чыкынчылык жолуна өтөт. Ал өз жоокерлери менен агасынын резиденциясын таштап кетти. ***Гиясидин*** агасын көрө албастан, өзү эгемендүү мамлекет куруу үчүн жана ***Жалалиддинге*** окшоп даңкталышын каалады. Ал Кирман акими тарабынан колго алынып, өлтүрүлөт.

Монголдор ушул окуядан кийин, Жалалиддин мамлекети алар ойлогондой күчтүү эместигин билип, аны менен тынчтык келишим түзүү пикиринен кайтышты. Азербайжан жана Грузия

ошого карабастан каракчылык чабуулдарын баштап жиберди.

***Жалалиддин***дин баш вазири ***Шарафулмулк*** султанга каршы кутум уюштура баштайт. Анын Жазира жана Кония өкүмдарларына Жалалиддинден бийликти тартып алууда жардам сурап жазган катты ***Жалалиддин***дин колуна түшкөндөн кийин, ал камакка алынып, өлтүрүлөт.

**1230-жылы август**та Кония, Жазира, Дамашк жана Египеттин бириккен кошуунунан ***Жалалиддин Мангуберди*** күчтөрү Арзинжан жакынындагы салгылашууда жеңилет. ***Жалалиддин Мангуберди***нин начарлаганынан пайдаланган монголдор чоң кошуун менен **1231-жылда** Азербайжанга бастырып кирип, ***Жалалиддин Мангуберди***нин изине түшөт. Монголдор анын ордосуна уюштурган түнкү кол салуу натыйжасында ***Жалалиддин Мангуберди***нин аз сандуу кошуунун кыйратат, ***Жалалиддин Мангуберди***нин өзү болсо куугундан кутулуп Курдистан тоолоруна чыгып кетет. Бул жерде каракчы күрддөр колуна туткунга түшүп, аянычтуу өлтүрүлөт.

Болгону отуз үч жыл өмүр көргөн, бирок аты элдерде белгилүү болгон, Чынгызханды таң калтырган, өз журтун чексиз сүйгөн акыркы Харезмшах ***Султан Жалалиддин Мангуберди*** жарык дүйнөдөн көз жумду. Анын аты кылымдар бою муундар үчүн эрдик жана баатырдык, жана патриоттуктун символу болуп келди.

***Султан Жалалиддин***дин тирүүлүгү мезгилинде монголдор Орто Чыгышты басып алышкан жок. Бул окуя кыйладан кийин – **1256-жылы** болду. ***Жалалиддин Мангуберди*** он бир жыл бою монголдорду Орто Чыгышка гана эмес, о.э, Чыгыш Европага да койбоду.

**1.** Жалалиддин Мангуберди Түндүк Индия аймагын кантип ээледи?
**2.** Эмне үчүн Жалалиддин Мангуберди Индиядан кетүүнү чечет?
**3.** Эмнеге Багдад халифасы монголдорго каршы күрөшүүдөн көрө Жалалиддин Мангубердиге каршы күрөшүүгө умтулду?
**4.** Азербайжан жана Грузияга каршы аскердик жортуулдардын себептери эмнелерден турат эле?
**5.** Жалалиддин мамлекетинде эмне үчүн ички карама-каршылыктар келип чыккан? Эмне деп ойлойсуң, анын алдын алуу мүмкүн беле?

## 22-§. ЖАЛАЛИДДИН МАНГУБЕРДИ АТА МЕКЕНДИК БААТЫР

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Жалалиддин Мангуберди жөнүндө жаратылган тарыхый чыгармалар, эгемендүүлүк жылдарында Жалалиддин Мангубердинин 800 жылдыгынын кең белгилениши.***

**Тарыхый-көркөм чыгармаларда Жалалиддин Мангуберди символунун жаратылышы.** Ануштегинийлер династиясы башкарган Харезмшахтар (1097–1231)дын көп жылдык тарыхы ошол мезгилдеги мусулман тарыхчылары тарабынан жазылган катар чыгармаларда өз ордун тапкан. Алардын негизинде ушул династиянын акыркы өкүлү, улуу кол башчы ***Жалалиддин Мангуберди*** бийлиги, анын монгол баскынчыларына каршы каармандык күрөшү Батыш Азия чек араларындагы аракетин күзөтүү мүмкүн. Бул булактар арасында Жалалиддин Мангубердинин жеке жазуучусу, тарыхчы ***Шихабиддин ибн Ахмад ан-Насавий*** калемине таандык «*Сийрат ас-султон Жалол ад-Дин Менгбурни*» («Султан Жалалиддин Мангубердинин өмүр баяны») аттуу чыгарма өзгөчө орун тутат.

Насо (Ниса) вилаятындагы калаалардын биринин ээси болгон ***Насавий*** **1224-жыл**да кызмат сапары менен Иракка барып калат жана ошол жерде ***Султан Жалалиддин***дин кызматына кирет. Ошол күндөн баштап ал Жалалиддиндин ишеничтүү кызматкерлеринин бирине айланып, **1231-жылга чейин**, ошондой эле Жалалиддиндин өлүмүнө чейин аны менен бирге болот.

***Насавий*** өз каарманын жакындан билген, чыгармасында баяндалган окуялардын көпчүлүгүндө түздөн-түз катышкан же көзү менен көргөн адамдардын кабарларына таянган, мааниси, чын дили менен жана туура пикир билдирген, булар чыгарманын илимий баасын дагы ишеничтүүлүк даражасын ашырат. Автор өзүнүн чыгармасынын бүтүшүнө Жалалиддиндин өлүмүнөн кийин 10 жыл өткөндөн соң **1241-жылы** киришкен.

***Жалалиддин Мангуберди*** жөнүндө ***Шихабиддин Мухаммад ан-Насавий*** өзүнүн чыгармасында мындайча жазат: «*Жалалиддин кара-тору, орто бойлуу, түркий көрүнүштө жана түркийде сүйлөй турган адам эле, ошону менен бирге перс тилинде да сүйлөшө алган. Ал кайраттуу, чечкиндүү болуп, баатырлар арасында эң зор баатыр эле, жакшы чабандаз, аскер-*

*лер арасында эң баатыр эле. Ал жоош, сылык адам эле, каардуу болбогон, кордоочу сөздөрдү айтпаган. Ал абдан олуттуу эле, күлбөгөн, жылмайып гана койгон, аз сүйлөгөн. Ал чындыкты, адилетти жактаган*».

Маанилүү булактардан дагы бири белгилүү тарыхчы ***Ибн аль-Асир***дин «*аль-Комил фит-тарих*» («*Тарых жөнүндө толук китеп*)» чыгармасы. «*Аль-Комил Фит-тарих*» Жакын жана Орто Чыгыш мамлекеттери тарыхынын ислам таралуусунан 1231-жылга чейин болгон доор жөнүндө маалымат берүүчү эң баалуу булактарынын бири саналат. Автор Жалалиддиндин иш-аракетине кең орун ажыратат жана көбүнчө өзүнүн маанилүү жана анык маалыматтары менен башка булактарды сезилерлүү даражада толтурат.

***Жалалиддин Мангуберди*** жөнүндө тарыхчы жана чоң мамлекеттик ишмер ***Алауддин Атомалик Жуваний*** тарабынан жазылган «*Тарихи жахонкушгой*» («*Дүйнөнү багындыруучунун тарыхы*») чыгармасы маанилүү булактардан бири катарында таанылган. Мындан тышкары, ***Мирханд*** «Равзат ус-сафо», ***Мырза Улукбек***тин *«Тарихи арба улус»* (Төрт улус тарыхы) чыгармаларында ***Жалалиддин Мангуберди*** жөнүндө маалыматтар жазып калтырылган. Ал жөнүндөгү маалыматтар, о.э, кытай, монгол, армян ж.б. тилдердеги китептерде да учурайт.

Белгилүү акын жана адабиятчы ***Максуд Шайхзада*** **1944-жыл**да «*Жалалиддин Мангуберди*» тарыхый драмасын жазган. Адабиятчы чыгармасында өз журтунун азаттыгы жана эгемендүүлүгү үчүн монгол баскынчыларына каршы күрөшкөн акыркы Харезм шахынын кужүрмөн эрдигин тарыхый анык жана туура сүрөттөгөн. Бирок, мурдагы советтик союз доорунда Жалалиддин Мангубердинин кол башчылык иш-аракети жана анын Ата Мекен азаттыгы үчүн алып барган күрөшү бир жактуу каралган же эч кандай пикир билдирилбеген.



**“Жалалиддин Мангуберди” ордени.**

**Эгемендүүлүк жылдарында Жалалиддин Мангубердинин наамын кайра тикелөө.** Өзбекстан өкмөтү **1998-жыл**да Жалалиддин Мангубердинин монгол баскынчыларына каршы күрөштө көрсөткөн чексиз эрдиги, Мекенге жана өз калкына бе-

рилгендик жана чексиз сүйүүсүн кадырлоо жана анын жаркыраган рухун түбөлүктөштүрүү максатында «Жалалиддин Мангубердинин 800 жылдыгын белгилөө жөнүндө» токтом кабыл алат. Токтомго көрө, анын журту Харезмде Жалалиддин Мангубердиге эстелик орнотулду, чоң көчө, аянт, жамаат ишканаларына жана башкаларга анын наамы ыйгарылды. Жалалиддин Мангубердинин 800 жылдыгы эгемендүү Өзбекстанда **1999-жылы** кең белгиленди. Жалалиддин Мангуберди жөнүндө видеофильм, дастан, пьесалар жаратылды, **2000-жыл 30-августта** «Жалалиддин Мангуберди» ордени уюштурулду.

*...Жалалиддин Мангубердинин өмүр жолун талдай турган, ошол тарыхый окуяларга бүгүнкү күн көзү менен карап баа бере турган болсок, алар бизди мына ушундай табигый жана өрнөктүү сабак-жыйынтыктар чыгарууга үндөйт.*

*Биринчи жыйынтык ушул, турмуш бар экен, мамлекет, эл-журт бар экен, ушул эркин, тынч жашоону көрө албай турган, ач көз жана жаман ниет менен жашай турган, зордук менен өз бийлигин орнотууга, эл тынчтыгын бузууга уруна турган каардуу күчтөр ар дайым болот. Бул – жашоо. Бул – жашоонун ачуу чындыгы. Аны эч ким тана албайт. Муну өзүбүздүн гана тарыхыбыз жана турмушубузда, балким башка элдер тарыхы жана жашоосунда мисалында дагы көрүү мүмкүн.*

*Экинчи жыйынтык ушул, жашоо бар экен, мамлекет, эл-журт бар экен, өзүнүн туулуп өскөн, ата-бабаларынын сөөгү жаткан, эртеге перзенттеринин жеткилеңдикке жетилүү жеринин ар бир карычын ыйык билип, аны коргоо, зарыл болсо, бул жолдо жан берүүгө даяр туруу керек.*

*Үчүнчү ачуу жыйынтык ушул, ар кайсы эл, ар кайсы журт четтен келе турган каардуу апаттан көрө, өз ичинен чыга турган саткын, ыймансыз, өзүнүн кызыкчылыгын бардык нерседен устун койгон, керек болсо, эң жакын кишилерин да сата турган, өзүн өстүргөн, чоңойткон Мекениге кол көтөрө турган жүзү кара адамдардан өтө этият болуу керек. Мындай күчтөр, эки жүздүү адамдардын таасири, жаман максаттары эл-журт тынчтыгы жана өнүгүүсүнө кандай коoп-коркунуч экенин бүгүнкү жашообузда көрүп турабыз. Кайта айтамын, бул кечээ-ки тарыхыбыз гана эмес, о.э, бүгүнкү жашообуз менен бардыгыбызга ачык сабак.*

*Дагы бир сабак ушул, эл-журт жана мамлекет үчүн, анын тагдыры жана келечеги үчүн кайгыра турган, адамдардын изги ниеттерди өзүнө жогору максат кылып койгон, элим деп, журтум деп жаныл жашай турган, ар кандай кырдаалда да элди бириктирип, түрдүү кырсыктардан асыроо үчүн багыттай турган айрым кишилер гана тарыхта өчпөс наам калтырат. Бул – чындык. Жалалиддин Мангуберди мына ушундай баатырлардын жаркын элеси жана көрүнүктүү үлгүсү.*

*Султан Жалалиддиндин бизге калтырган дагы бир чакыруусу ушул, ал бардыгыбызды мекенибиздин ачык асманын жана тынч жашоосун кадырлоого, өсүп келе жаткан, эртең биздин ордубузду ээлей турган, дүйнөдө эч кимден кем болбогон перзенттерибиздин келечегин, бакыт-жыргалын коргоодо,улуттук көз карандысыздыкка умтулуп жашоого чакырат.*

*...Султан Жалалиддиндин элеси Харезмде гана эмес, о.э, бүткүл Өзбекстандын сыймыгы, ардагы. Ал биздин азаттыгыбызга, эгемендүүлүгүбүзгө кол салууга аракет кылган ар кандай каардуу күчкө каршы күрөшүүгө, эрдик менен сокку берүүгө даяр экендигибиздин далили жана көрүнүшү.*

**Ислам Каримов**
**Жалалиддин Мангубердинин 800 жылдыгына арналган салтанаттуу аземде окуган докладынан.**
**1999-жыл 5-ноябрь**



**1.** Кимдер Жалалиддин Мангуберди жөнүндө тарыхый чыгармалар жазып калтырган?
**2.** Жалалиддин Мангубердинин 800 жылдыгы Мекенибизде качан белгиленди?
**3.** Кошумча булактардан пайдаланган абалда Жалалиддин Мангубердинин 800 жылдыгы менен кандай иштер аткарылгандыгы жана улуу кол башчыга арнап жазылган чыгармалар жөнүндө маалыматтарды дептериңе жаз.
**4.** Жалалиддин Мангубердинин өмүр жолу кандай жыйынтыктар чыгарууга үндөйт?

## 23-§. ЧЫГАТАЙ УЛУСУНУН ТҮЗҮЛҮШҮ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Чыгатай улусу, салык түрлөрү, Махмуд Тарабий козголоңу.***

**Чыгатай улусу**. **1224-жыл**да Чынгызхан тарабынан ***Чыгатай*** карамагына Мавараунnахр, Жетисуу жана Чыгыш Түркстанда **Чыгатай улусу** түзүлдү. ***Чыгатайхан***дын улусун башкара турган ордосу **Элсуу** (Или) дарыясы жээгинде эле. Вилаяттар жана кол өнөрчүлөр шаарларын башкарууда ***Чыгатай*** өзүнө баш ийдирилген калктын жогору мансаптуу өкүлдөрүнүн кызматынан пайдаланат.

Мавараунnахр түздөн-түз башкаруу иштери Мавараунnахр колго алынбастан алдын ***Чынгызхан*** кол астында кызмат кылган харезмдик соодегер **Махмуд Ялавач**ка берилет. Ал **Хожент** шаарын өзүнө турак жай кылып алат жана ушул жерде туруп, Мавараунnахрды башкарат. Аскердик бийлик, калкты каттоодон өткөрүү, салык жыйноо иштери ***доругачы*** жана ***тавгач*** деп аталуучу монгол чиновниктери колунда болгон. Монгол ***башкактары*** (жергиликтүү аким) ыктыярындагы көп сандуу аскерлер ***Махмуд*** карамагына баш ийдирилген эле. ***Махмуд Ялавач*** ушуларга ишенип монгол **кагандарын** талабын аткарып жана өзүнүн чексиз бийлигин ишке ашырган эле.

**Салык түрлөрү.** Чыгатай ханы борбордук бийлик казнасы үчүн элге түрдүү салыктар салып, зордук менен өндүрүп алышат эле.

Дыйкандардан алына турган жер салыгы бул доордо **«калон»** деп аталган. Чарбачыларга болсо **«көпчүр»** салыгы салынган. Мамлекет казнасы үчүн **«шулен»** наамы менен аталган азык-түлүк салыгы да өндүрүлгөн. «***Шулен***» ар бир үйүрдөн эки жылдык кой, кымыз үчүн ар миң жылкыдан бир бээ эсебинде алынган.

Кол өнөрчүлөр жана соодагерлерден **«тарга»** салыгы өндүрүлгөн. ***Тарга*** өндүрүлгөн продукция же сатылган товардын отуздан бир бөлүгү өлчөмүндө. Булардан тышкары, калкка *туз салыгы, жүн* жана *күмүш салыгы* салынган.

Салыктар жергиликтүү чиновниктер тарабынан **барат** (ижара) тартибинде алдындан бир жолу төлөп жиберилген,

кийинчерээк алар өз алдынча жыйып алынган. Калктан жыйып алуу убагында салыктар, талашсыз, мыйзамда көрсөтүлгөн көлөмдөн ашырып өндүрүлгөн.

Зордук-зомбулук өтө күчөгөн, ар түрдүү милдеттүү төлөм жана жыйымдардын өтө эле көптүгү монголдорго салыштырмалуу нараазылыкты, баскынчылардын кордоосуна каршы калктын баш көтөрүүсүнө алып келди. Ушундай козголоңдордон бири Бухара аймагындагы **Тараб** кыштагында көтөрүлгөн калк козголоңу болду.

*** Чыгатай улусу – бийлик бөлүнгөндө анын Чыңгызхандын уулу Чыгатайга тийген бөлүгү кийинчерээк ал Чыгатай мамлекетине айланган.**
*** Капчур – чарба малдары баш санынын 2,5% алынган салык.**
*** Калан – түшүмдүн 1/10 бөлүгү өлчөмүндө алынган салык.**

**Махмуд Тарабий козголоңу.** **1238-жыл**да Бухаранын **Тараб** кыштагында баскынчылар жана жергиликтүү жеке мүлк ээлери зордугуна каршы козголоң башталды. Козголоңдо Тараб кыштагынан калбыр жасоочу кол өнөрчүлөр ***Махмуд*** башчылык кылат. Тарыхта ал **Махмуд Тарабий** наамы менен даңкталат.

***Тарабий***дин жакын үзөңгүлөштөрү **Шамсиддин Махбубий** жана Бухара тургундары козголоңчуларга кошулуп колуна курал алат. Өздөрүнүн кымбаттуу шаар жана кыштактарын монголдордон жана алардын шериктеш кызматкерлеринен – жергиликтүү башкаруучулардан азат кылууга даярданган кишилерден чоң кошуун чогулат. ***Махмуд Тарабий*** өзүнүн жактоочулары менен Бухарага кирип келгенден кийин, шаар ичиндеги *Рабия сарай*ын штаб кылып алат. Бул жерге Бухаранын байлары, мансапкорлор, чоң жер ээлери чакырылат. Ал өзүн Бухара жана анын вилаяттарынын халифасы, о.э өкүмдары деп расмий түрдө жарыя кылууга мажбур кылат. Ошондон кийин ***Шамсиддин Махбубий*** садр деп жарыяланды. ***Махмуд Тарабий*** Бухарада өзүнүн бийлигин орноткондон кийин, монгол жактоочулары болгон жергиликтүү мансапкорлор Бухарадан качып кетет.

Качкын мансапкорлор жана монголдордун жетекчиси **Мах-**

**муд Ялавач** жардамында **Кармана** жакынында күч топтоп, Бухарага чабуул жасайт. Ортодо согуш башталат. Монголдор жеңилип, **Кармана** тарапка качышат. Салгылашууда козголоң башчылары ***Махмуд Тарабий*** жана ***Шамсиддин Махбубий***лер да курман болушат. Козголоңчулар алардын ордуна Тарабийдин инилери **Махмуд** жана **Алини** башчы кылып шайлашат. Арадан бир жума өтпөстөн, аларга каршы монголдордун жаңы кошууну кол салат. Салгылашууда козголоңчулар жок кылынып, Тарабийдин эки иниси да курман болушат. Монголдор Бухараны дагы басып алып, ал жерде алдынкы тартиптерин кайра орнотушат.

***Чыгатай*** салыктарды тартипке салуу реформасында **1238-жыл**да ***Махмуд Ялавач***ты жетекчиликтен четтетүүгө мажбур болот. Анын уулу **Маасудбек** жетекчи кылып дайындалды. Улуу хакан **Актай** ***Махмуд Ялавач***ты **Пекин** шаарына аким кылып дайындады.



**1.** Дүйнөлүк тарыхтан алган билимдериңе негизделип сүйлөп бер, Чынгызхан басып алган өлкөлөрдү кандай бөлүштүрдү?
**2.** Чыгатай улусу качан жана каерде түзүлдү?
**3.** Монголдор кандай салыктарды орнотту?
**4.** Махмуд Тарабий козголоңу качан жана кандай башталды?
**5.** Тарабий козголоңунун жеңилүүсүн эмне себеп болду?

**Төмөнкү жадыбалды темага тиешелүү маалыматтар менен толтур.**

| **Чыгатай улусу** | **Аймагы** | **Салык түрлөрү** | **Махмуд Тарабий козголоңунун себептери** |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 24-§. СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ ТУРМУШ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***акча реформасы, жерге ээлик кылуу, Чыгатай улусунун бөлүнүшү, маданий турмуш.***

**Улуу каган буйругу.** XIII кылымдын ортолорунда Чыгатай улусунун монгол жетекчилери арасында отурукташууга өтүү, шаар турмушуна жакындоо, жергиликтүү отурукташкан элдин бай маданиятынан пайдалануу жараяны күчөгөн. Монголдордун улуу каганы **Мунке** салык жана ашар иштерин тартипке

салуу жөнүндө атайын буйрук чыгарды. Жамдар бойлоп почта кызматы үчүн ажыратылган аттардын саны белгиленип, элден артыкча ат талап кылууга тыюу салынат. О. э, элчилерге, колдорунда бийлик жактан берилген тапшырмасы болбосо, шаар же кыштактарга кирбөө жана элден алар үчүн белгиленген жемчөп жана азык-түлүктү албоо уктурулган. Ошентип эл ээн баштык менен жыйналуучу эсепсиз төлөмдөрдөн кутулган.

*** Жамдар – жол бекеттери. Чабармандар, жолоочулар ат алмаштыра турган жер. Жамда дайыма аттар кызматка даяр турган.**

**Маасудбектин акча реформасы.** Маварауннахрда баскычма-баскыч болсо да, шаар турмушу, негизинен кол өнөрчүлүк жана соода мамилелери жандана баштайт. Шаарлардын ички турмушу, айрыкча товар жана акча мамилелеринин өнүгүшүндө **Маасудбек** тарабынан **1271-жылы** ишке ашырылган акча реформасы өзгөчө мааниге ээ болгон. Ал Маварауннахрдын 16 шаар жана аймактарында, бирдей салмак жана сапаттуу таза күмүш тыйындарын иштеп чыгып, өлкөдө аларды мамилеге киргизет.

**Кебекхан жана анын реформалары.** XIV кылымдын биринчи жарымында Чыгатай улусунда монголдордун отурукташууга өтүү жараяны күчөп, алардын социалдык турмушунда чоң өзгөрүүлөр боло баштады. Маварауннахрдай маданий өлкө менен бекем мамиле орнотууга жана отурак турмуш кечирүүгө умтулган Чыгатай хандарынан бири **Кебек** (1318–1326) эле. Ал бийликти өз колуна алып, Кашкадарыя өзөнүндөгү байыркы Насаф шаарынын жанына өзүнө сарай курдурат. Сарай монгол тилинде *«Каршы»* деп айтылган. Кебекхан өз ордосун монгол бийликтегилери арасында биринчи болуп Маварауннахрга көчүргөн. Ушул сарайдан туруп ал мамлекетти башкарган. Кийинчерээк бул сарай айланасында жаңы имараттар курулат жана эски **Насаф** шаары менен кошулуп кетет. Ошондон бери бул шаар **«Каршы»** деп атала баштайт.

Кебек мамлекеттин башкаруу режимин жана анын экономикалык турмушун тартипке салуу максатында башкаруу жана акча реформасын ишке ашырат. Мамлекет боюнча бирдиктүү акчадан пайдалануу жолго коюлат. Ирандагы Хулакийлер мам-

лекети жана Алтын Ордо хандыгынын күмүш тыйындарынын үлгүсүндө эки түрдүү акча: 8 граммдык чоң күмүш тыйын жана 1 граммдык кичине тыйын иштеп чыгылган. Чоң тыйын *«динар»*, майда күмүш тыйын *«дирхам»* деп аталган. *«Кебеки»* деп аталган бул тыйындар Самарканд жана Бухарада даярдалып, мамилеге киргизилген.

Монголдор баскынчылыгы мезгилинде кыйроого учураган кол өнөрчүлүк, соода-сатык жана дыйканчылык акырындык менен кайра калыбына келе баштаган. Кол өнөрчүлүк жана ички-тышкы сооданын жанданышы, албетте, кыйраган шаарлардын кайра калыбына келүүсүнө себеп болду. Көптөгөн шаар жана аймактар кыйраган жана жарым кыйраган абалда болсо да, **Үргөнч** жана **Бухара** шаарлары кайра калыбына келтирилди. Байыркы Самарканд урандыларынын жанында жаңыдан шаар бой көтөрдү. Шаарларда ар түрдүү мамлекеттик, коомдук жана илим-билим мекемелеринин имараттары курулду. Шаар базарлары кызый баштайт.

Монголдор бийлиги мезгилинде Орто Азияда жерге ээлик кылуунун **мүлкү деван, мүлкү инжу, мүлкү вакф** жана **мүлк** деп аталуучу төрт түрү болгон.

**Экономикалык турмуштун жанданышы.** Монголдор баскынчылыгы мезгилинде кыйроого учураган кол өнөрчүлүк, соода-сатык жана дыйканчылык акырындык менен кайра калыбына келе баштаган. Кол өнөрчүлүк жана ички-тышкы сооданын жанданышы, албетте, кыйраган шаарлардын кайра калыбына келүүсүнө себеп болду. Көптөгөн шаар жана аймактар кыйраган жана жарым кыйраган абалда болсо да, **Үргөнч** жана **Бухара** шаарлары кайра калыбына келтирилди. Байыркы Самарканд урандыларынын жанында жаңыдан шаар бой көтөрдү. Шаарларда ар түрдүү мамлекеттик, коомдук жана илим-билим мекемелеринин имараттары курулду. Шаар базарлары кызый баштайт.

**Жерге ээлик кылуу.** Монголдор бийлиги мезгилинде Орто Азияда жерге ээлик кылуунун **мүлкү деван, мүлкү инжу, мүлкү вакф** жана **мүлк** деп аталуучу төрт түрү болгон.

Мүлктөрдүн кыйла бөлүгү аскердик бийликтегилерге мамлекет алдындагы кызматы үчүн тартуу кылынган жерлер болуп, алар *суюргал* деп айтылган. Мындай жер ээлери – *суюргал ээле-*

*ри* бардык салык жана төлөмдөрдөн бошотулган. Суюргал жерлер муундан-муунга мурас болуп өткөн.

*** Мүлкү деван – мамлекет жери**
*** Мүлкү инжу – өкүмдар жана жетекчилерге тиешелүү жерлер**
*** Мүлк – менчик жерлер**
*** Мүлки вакф – мечит жана медресе жерлери**

**Чыгатай улусунун бөлүнүшү.** Монгол өкүмдарлары жана мүлк ээлери ортосунда басып алынган жерлерге карата эки түрдүү караш болгон. Кээ бирлери жергиликтүү мансап ээлери, соодагерлер менен жакындашып, кол өнөрчүлүктү, дыйканчылыкты өнүктүрүү жана ислам динин кабыл алууну жактоочулар болгон. Ал эми башкалары болсо отурукташууга жана шаар турмушуна каршы болуп, шаарларды бузуп таштаган, бак жана эгин эгилүүчү аянттарды жайлоолорго айланткан.

Акырындык менен Чыгатай улусунун бир катар хандары өз уруулары менен Маварауннахрга көчүп келип, жергиликтүү эл менен кошулуп, отурукташа баштаган. Жетисууда жашаган монголдор Маварауннахрга көчүп келгендерди *«караунас»* («аралашкан»), Маварауннахрда жашаган монголдор болсо аларды *«жете»* (каракчы, тоноочу) деп атай баштаган. Бул бири-бирин кемсинтүү эле. Алардын ортосунда карама-каршылык күчөй баштаган. Натыйжада Чыгатай улусу XIV кылымдын 40-жылдарында экиге бөлүнүп кетти.

Чыгатай улусунун Чыгыш Түркстан жана Жетисуу бөлүгү Монголстан деп атала башталды. **1348-жыл**да Чыгатай урпактарынан болгон **Туглук Темур** Монголстандын ханы деп жарыяланган. Улустун батыш бөлүгү – Маварауннахр эгемендүү башкарыла турган болгон.

**1.** Мунке каган мамлекетте ички кырдаалды жакшыртуу үчүн кандай иш-чаралар көргөн?
**2.** Маасудбектин акча реформасы кандай натыйжа берди?
**3.** Кебекхан кандай реформаны ишке ашырган?
**4.** Экономикалык турмушта өзгөрүүлөр кандай болду?
**5.** Монголдор доорундагы жерге ээлик кылуунун кандай түрлөрү бар эле?
**6.** Эмне үчүн Чыгатай улусу бөлүнүп кетти?

**Төмөнкү жадыбалды Чыгатай улусунда социалдык-экономикалык турмуш темасына тиешелүү маалыматтар менен толтур.**

| Өткөрүлгөн реформалар | Реформанын натыйжалары | Жер ээлеринин орду |
|---|---|---|
| | | |

## 25-§. ЭТНИКАЛЫК ЖАРАЯНДАР ЖАНА ӨЗБЕК ЭЛИНИН ПАЙДА БОЛУШУ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***этникалык жараян, өзбек эли.***

**Этникалык жараян**. Дүйнөдөгү башка элдер сыяктуу өзбек элинин пайда болушу да узак жылдарга созулган этникалык жараяндардын натыйжасы болуп саналат. Өзбектер өз алдынча этникалык бирдик (уруу) болуп, Мавараунnахр, Харезм, Жетисуу, бир аз бөлүгү Чыгыш Түркстандын батыш аймактарында калыптанган. Өзбек элинин негизин азыркы Өзбекстан аймагында байыртадан отурукташып жашап, сугарма дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен алектенген жергиликтүү *согдулар, бактрийлер, харезмийлер, ферганалыктар, шаштыктар,* жарым чарбачыл кангдар, көчмөнчү сак-массагеттер сыяктуу этникалык уруулар түзгөн.  О.э, Түштүк Сибирь, Алтай, Жетисуу, Чыгыш Түркстан о.э. Волга жана Урал дарыясы бойлорунан түрдүү мезгилдерде Мавараунnахрга кирип келген этникалык топ да өзбек эли этногенезинде катышкан. Жогоруда аттары келтирилген этностор негизинен түркий жана чыгыш иран тилдеринде сүйлөшкөн.

*** Этникалык жараян – келип чыгышы бир-бирине жакын болгон түрдүү уруу жана элеттердин кылымдар бою кошулуп барышы.**
*** Түркстан – түркий элдер жайгашкан өлкө.**

Амударыя менен Сырдарыянын аралыгында бул аттары аталган уруу жана элеттердин этникалык жактан алгачкы аралашуу жараяны натыйжасында отурукташып жашоого көнүгүп, түркий аймактык майдан, өзбек элине тиешелүү антропологиялык тип түзүлгөн.

Канг мамлекети мезгилинде түркий тилдүү этностор үстөмдүк кылып, өзүнө мүнөздүү жуурулушкан маданият түзүлөт. Археологиялык чыгармаларда бул маданият «Коончу маданияты» аталышын алган. Антрополог окумуштуулардын айтымында, ошол мезгилдерге келип, Орто Азиянын өрөөндөрү жана аймактарында жашоочу элдин сырткы көрүнүшү азыркы өзбек жана аймак тажиктерине мүнөздүү антропологиялык тиби (көрүнүшү) толук түзүлөт.

Өзбектер этногенезинде катышкан кезектеги этникалык топтор – *кушандар, хиянийлер, кидарийлер жана эфталдар* болгон.

О.э, өзбектер этногенезине Түрк каганаты мезгилинде Орто Азиянын борбордук аймактары жана Харезмге келип отурукташкан түркий уруулар активдүү таасир көрсөтөт. Түркий уруулар менен жергиликтүү калк ортосунда этникалык-маданий мамилелердин өнүгүшү натыйжасында түркий катмардын маданий жетишкендиктеринин жергиликтүү маданий-чарбалык үрп-адаттар менен ылдам жуурулушуусу болуп өткөн. VII кылымдан баштап өлкөбүз «Түркстан» деп атала баштаган.



*** Өзбек элинин негизин согдийлер, бактрийлер, харезмийлер, ферганалыктар, шаштыктар жана сак-массагеттерден түзүлгөн.**

*** Канг мамлекети доорунда «Коончу маданияты» жана Орто Азиянын антропологиялык тиби толук калыптанат.**

**Өзбек элинин калыптанышы.** VIII кылымдан араб жана араб эмес (ажам) элдердин Орто Азияга кирип келиши аймактагы этникалык жараяндарга анчалык таасир этпеген болсо да, бул мезгилде Маварауннахрдагы отурукташкан жана жарым отурукташкан түркий тилдүү элдер, согдулар жана Харезмдин түпкү эли өз аймактарында калып, арабдар бийлиги астында бирдиктүү ислам ынанымы астында биригишти.

**IX кылым**да Маварауннахр аймагында бирдиктүү түркий этникалык катмар, жандуу түркий тил чөйрөсү пайда боло баштады жана өз кезегинде согдулар жана башка жергиликтүү этностордо да түркийлешүү жараяны тездешкен. Бул мезгилде Маварауннахр жана Харезмде түркий этникалык катмар күчтүү

этникалык негизге ээ болуп, бул катмардын негизин отурукташкан туруктуу түркий этностор түзгөн.



*** IX–XII кылымдарда өзбек эли калыптанат. Анын негизин өлкөбүздө жашап келген отурукташкан дыйкан жана чарбачыл жергиликтүү калк түзгөн.**

*** Маварауннахрда жайгашкан элдер илгертен эки тилде: согд жана түрк тилдеринде сүйлөшүшкөн.**

Караханийлер доорунда Маварауннахр жана Харезмде саясий бийликтин түркий династияларга өтүшү менен болуп өткөн этникалык жараяндар өзбек элинин калыптануусунда жыйынтыктоочу баскыч болду. Дал ошол мезгилде өзбек элине мүнөздүү этникалык белгилер түзүлгөн. Бул мезгилде өзбектердин жалпы элдик тили пайда болгон.



**1.** Өзбектер кайсы аймактарда калыптанган? Ошол аймактарды жазуусуз картадан чийип чык.

**2.** Өзбек эилинин негизин кайсы топтор түзгөн?

**4.** «Коончу маданияты» кайсы доорго тиешелүү жана анын мааниси эмнеде?

**5.** Качандан баштап өлкөбүз «Түркстан» аты менен атала баштады?

**6.** Кайсы кылымдарда өзбек эли калыптанды? Анын өзөгү кайсы элден түзүлгөн?

**7.** Өзбек жана Өзбекстан деген аталыштар кандай маанилерди бериши жөнүндө ойлоп көр.

## IV БӨЛҮМ. АТА-БАБАЛАРЫБЫЗДЫН ИЛИМИЙ МУРАСЫ ТҮБӨЛКТҮҮЛҮККӨ ТИЕШЕЛҮҮ ИДЕОЛОГИЯЛЫК КАЗЫНА

### 26-§. МАВАРАУННАХР ЖАНА ХАРЕЗМДИН МАДАНИЙ ТУРМУШУ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***«Байт ул-хикма», «Дорул-хикма ва маориф», улуу окумуштуулар, араб тилинин мааниси.***

**«Байт ул-хикма».** IX–XII кылымдарда Маварауннахр жана Хурасанда болуп жаткан саясий, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр мамлекеттин маданий турмушуна да олуттуу таасир тийгизген.

Маварауннахр арабдар тарабынан басып алынгандан соң, баш ийдирилген башка мамлекеттер катарында, бул өлкөдө да ислам дини гана эмес, араб тили жана жазуусу да киргизилген. Анткени араб тили халифаттын мамлекеттик тили да, илим тили да болчу. Ошондуктан араб тилинин орду жана мааниси ашып, аны өздөштүрүүгө болгон умтулуу күчөдү.

Араб тилин жана жазуусун жакшы өздөштүрүп алган билимдүүлөр пайда болду. **Багдад** шаары Чыгыштын ири илим жана маданият борбору эле. **IX кылым**да бул шаарда **«Байт ул-хикма»** («Даанышмандар үйү») түзүлгөн эле. Анда чоң китепкана, **Багдад** жана **Дамашк**та астрономиялык күзөтүүлөр алып барылуучу *обсерваториялар* болгон. Бул билимканага алынган илим алуучулар изилдөөлөр менен бирге байыркы грек жана индиялык окумуштуулардын илимий мурастарын үйрөнүү жана чыгармаларын араб тилине которуу менен алектенишкен.

**Ал-Харезмий, Ахмад ал-Ферганий, Ахмад ал-Марвазий, ал-Аббас Жавхарий** жана **Яхя бин Абу Мансур** сыяктуу Маварауннахр жана хурасандык окумуштуулар иштешип, орто кылым илим-билимине чоң салым кошушкан.



**Ал-Харезмий.**

**Мухаммад ибн Муса ал-Харезмий** (783–850) Харезм жергесинде төрөлүп бойго жеткен. Башталгыч сабатты жана түрдүү

тармактагы билимди ал өз ата журту Харезм жана Мавараун-нахр шаарларында көптөгөн устаттарынан алган. Андан соң ал халифа Маамундун доорунда (813–833) «Байт ул-хикмада» башчы болуп иштеген. Өз заманынын белгилүү математиги, астроному жана географы катарында илимге чоң салым кошкон. Ал-Харезмий 20 дан ашуун чыгармалар жазган. Алардан ону гана бизге чейин жетип келген. Математикага тиешелүү **«Ал-жабр вал-мукобала»сы** таанымал.

Жадагалса «*алгебра*» термини ошол китептин «*ал-жабр*» деп айтылган кыскача атынын өзүн билдирет. Харезмий аты болсо математика илиминде «алгоритм» термини түрүндө өз колдонулушун тапты. Анын «*Ал-жабр*» чыгармасы кылымдар бою муундан-муунга өтүп жер өлчөө, арык казуу, имарат тургузуу, мурасты бөлүү жана башка түрдүү эсеп-кысап иштеринде ченемсиз кызмат кылган. ***Харезмий***дин бул чыгармасы **XII кылым**да эле Испанияда латын тилине которулган жана кайра иштелип чыккан. Харезмийдин арифметикалык чыгармасы индия цифраларына негизделген ондук эсептөө системасынын Европада, жадагалса бүткүл дүйнөгө таралышында эбегейсиз чоң мааниге ээ болгон. Мекендешибиз Харезмий ал-жабрды өз алдынча илим даражасына көтөрүп, алгебра илимине негиз салды жана тарыхта өзүнөн өчпөс из калтырды.

**Ахмад ал-Ферганий.** «Байт ул-хикма»да эмгектенген окумуштуулардын дагы бири улуу астроном, математик жана географ ***Абул Аббас Ахмад ибн Мухаммад ибн Касир ал-Ферганий*** (797–865). Фергана өрөөнүндөгү Кува шаарында төрөлгөндүктөн Чыгышта ***Ал-Ферганий***, Европада ***Алфраганус*** аты менен таанылган. Ал астрономия, математика жана география илими менен алектенген. Көптөгөн илимий жана практикалык чыгармалар жазып калтырган. Дамашктагы обсерваторияда асман телолорунун кыймылын жана ордун аныктоо, жаңыча *зиж* (астрономиялык жадыбал) жаратуу иштерине жетекчилик кылган. **832–833-жылдар**да Сириянын түндүгүндө Синжар



**Ахмад ал-Ферганийдин айкели. Фергана шаары.**

чөлү менен ар-Ракка аралыгында жердин меридианынын бир даражасынын узундугун өлчөөдө катышкан.

**861-жыл**да **ал-Ферганий**дин жетекчилигинде Нил дарыясынын жээгинде курулган байыркы гидрометр – дарыя агымынын деңгээлин өлчөгүч **«Микёс ан-Нил»** курулушу жана анын деңгээли кайра калыбына келтирилди.

Биздин мезгилге чейин Ахмад Ферганийдин сегиз чыгармасы сакталган болуп,  алардын арасында ***«Көктөгү кыймылдар жана жалпы асман илими»*** китеби да бар. Бул китеп **XII кылым**да эле *латын* жана байыркы *еврей* тилдерине которулуп, ал мусулман Чыгышында гана эмес, Европа мамлекеттериндеги астрономия илиминин өнүгүүсүн да баштап берген. Европада таанымал болгон окумуштуунун наамы **XVI кылым**да Айдагы кратерлердин бирине берилген.

Эгемендүүлүк жылдарында Ахмад ал-Ферганийдин баалуу илимий мурасы элибизге кайтарылды. **1998-жылы октябр**да окумуштуу Ахмад ал-Ферганийдин туулгандыгынын 1200 жылдыгы белгиленди. Фергана шаарында ал-Ферганий атындагы бак жаратылып, ага улуу окумуштуунун айкели орнотулду.

**** Орто кылымдар Чыгыш тарыхында далилденгендей, маданият жана таалим-тарбия, медицина, адабият, искусство жана архитектура тармактарынын теңсиз жогорулашы, илимий мектебинин пайда болушу, жаңыдан-жаңы талантуу муундар ташкыны пайда болушу жана бойго жетиши – алардын бардыгы биринчи орунда экономика, айыл-кыштак жана шаар кожолугунун тез өсүшү, кол өнөрчүлүк жана соода-сатыктын жогору даражада өнүгүшү, жолдор курулушу, жаңы кербен жолдорунун ачылышы жана бул алгачкы салыштырмалуу туруктуулуктун камсыздалышы менен түздөн-түз байланыштуу болгон.***

**Ислам Каримовдун 2014-жылы 16-майда Самаркандда болуп өткөн «Орто кылымдар Чыгыш ойчулдары жана даанышмандарынын тарыхый мурасы, анын заманбап цивилизациянын өнүгүшүндөгү ролу жана мааниси» темасындагы эл аралык конференциянын ачылышы аземинде сүйлөгөн докладынан.**

IX кылымдын экинчи жарымында халифаттын бийлиги аяктап, Саманийлер башкаруусунун туруктуу болушу менен маданий турмуштун өнүгүүсү үчүн кең жол ачылды.

Маварауннахрдын маданий турмушунда жандануу доору башталат**. Бухара, Самарканд, Үргөнч, Марв, Балх, Нишапур** сыяктуу борбордук шаарларда китепканалар, китеп дүкөндөрү курулган. Маварауннахр жана Харезм дүйнөлүк илим жана маданияттын өнүгүүсүнө чоң салым кошкон улуу даанышмандарды өз кучагында тарбиялап өстүрүп-өнүктүрдү.

**1004-жылы** түзүлгөн **«Дорул хикма ва маориф»** (Акылмандуулук жана агартуучулук үйү) – «Маамун академиясы»нын негизин **Абу Наср ибн Ирак** (X кылым, 1034-ж.), **Абулхайр ибн Хаммар** (991–1048), **Абу Сахл Маасихий** (970–1011), **Абу Райхан Беруний** (973–1048), **Абу Али Ибн Сина** (980–1037) жана башкалар түзгөн.

**1017-жылы** ***Махмуд Газнавий*** Харезмге бастырып киргенден соң **«Дорул хикма ва маориф»** үйүнүн ишмердүүлүгү токтотулуп, даанышмандардын көпчүлүгү **Газна** шаарына мажбурлап алып кетилген.

**1997-жылы 11-ноябр**да Өзбекстан Республикасы Президентинин «Харезм Маамун академиясын кайрадан түзүү жөнүндөгү» буйругу чыкты. **2006-жылы күздө** Республикабызда **«Харезм Маамун академиясынын»** 1000 жылдыгы белгиленди.

**2014-жылы май** айында Самарканд шаарында Орто кылымдарда Чыгыш дүйнөсүндө жашап чыгармачылык кылган улуу окумуштуу жана ойчулдар илимий мурасын терең талдоо жана байкоо, анын заманбап цивилизация тарыхында туткан орду жана ролуна баа берүү максатында «*Орто кылымдар Чыгыш окумуштуулары жана ойчулдарынын тарыхый мурасы, анын заманбап цивилизациянын өнүгүүсүндөгү ролу жана мааниси*» темасында эл аралык конференция өткөрүлдү. Анда элүүгө жакын мамлекеттерден өкүлдөр келишкен жана катышкан. Конференциянын натыйжасында тиешелүү документтер кабыл кылынды.

**Абу Наср Фарабий. (873-950)** Арис суусунун Сырдарыяга кошулган жеринде жайгашкан Фараб шаарында туулган. Ал алгач киндик каны тамган шаарында, соң Самарканд, Бухара жана


Багдадда билим алган. Өмүрүнүн аягында Халаб жана Дамашк шаарларында жашаган. Фарабий *астрономия, философия, медицина, музыка, логика, тил таануу, тарбиялык билимдер* жана *адабият* тармагында чыгармачылык кылган.



**Абу Наср Фарабий.**

Ал 160 тан ашуун чыгрма жазып, орто кылымдар илим жана маданиятына чоң салым кошкон. Алардын арасында *«Аристотелдин «Метафизика» чыгармасына түшүндүрмө», «Музыка китеби», «Бакталайга жетүү жөнүндө», «Жандуу дүйнөнүн мүчөлөрү жөнүндө», «Адилеттүү адамдардын шаары»* жана башка көптөгөн чыгармалары өзгөчө мааниге ээ болгон. Окумуштуунун илим алдындагы кызматтарынан бири анын грек даанышмандарынын чыгармаларын баяндагандыгы жана аларды жаңы идеялар менен байыткандыгында. Ал орто кылымда толук жетишкен илимдер классификациясын жаратты. Фарабий грек философиясын терең билгени анда чыгармалар жазганы жана дүйнөгө таратканы менен заманасынын илимдерин мыкты өздөштүрүп, илимдер өнүгүүсүнө чоң салым кошкондугу үчүн Фарабий Чыгышта Аристотелден кийинки ири даанышман – «*Экинчи мугалим*» (*Муаллим ус-соний*) жана «*Чыгыш Аристотели»* аты менен даңкталды. Кээ бир тарыхый булактарда жазылышынча, **Фарабий** 70 тен ашуун тилди билген. Даанышман калтырган мурас жалаң Чыгыш мамлекеттеринде гана эмес, Европада да тарады жана социалдык философия таанымына сезилерлүү таасир көрсөттү.

**Абу Али ибн Сина.** 980-жылы Бухарага жакын жердеги Афшана кыштагында жергиликтүү кызмат ээсинин үй-бүлөсүндө дүйнөгө келген. Мектепти аяктагандан соң, устаты Абу Абдуллахтан логика, философия, астрономия жана фикх илимдерин үйрөнөт. Он алты жашынан баштап түрдүү илимдер боюнча Чыгыш жана Батыш окумуш-



**Абу Али ибн Сина.**

туударынын илимий чыгармаларын өз алдынча үйрөнөт. Айрыкча ал медицина илиминин байыркы даанышмандары **Гиппократ** жана **Гален**, о.э, орто кылымдагы Чыгыштын улуу дарыгери жана даанышманы **Абу Бакр ар-Раазий** (865–925)дин чыгармаларын терең үйрөнгөн.

**Ибн Сина** он жети жашында эле белгилүү дарыгер жана окумуштуу болуп жетишет. Ал амир Нух ибн Мансурду дарылап айыктыргандан соң, саманийлердин сарай китепканасынан пайдаланууга уруксат алат. Ибн Сина тагдырдын буйругу менен Үргөнчтөгү *Харезм Маамун академиясы* окумуштуулары катарында чыгармачылык кылат. **Ал 1037-жылы** дүйнөдөн кайтат жана сөөгү **Хамадан**га коюлат.

*** Абу Али ибн Сина Чыгышта «Шайх ур-раис», Батышта болсо «Авиценна» наамы менен даңкталган.**

**Ибн Сина** 450 дөн ашуун, ошонун ичинен медицинага тиешелүү 43 чыгарма жазган. Анын 5 томдук *«Ал-конун фит-тиб»* («Медицина мыйзамдары») аттуу чыгармасында оорулардын келип чыгуу себептери жана шарттары, диагностика, дарылоо усулдары, дары алынуучу өсүмдүктөр жана дары-дармектердин касиеттери, диета, инсан саламаттыгы үчүн дене тарбиянын мааниси өңдүү медицина илиминин эң орчундуу маселелерине өзүнчө көңүл бурган. Анын *«Ал-конун фит-тиб»* чыгармасы XII кылымда эле латын тилине которулуп, **XVII кылым**га чейин Европа медицинасында негизги колдонмо катары пайдаланылган.


**Абу Райхан Беруний.**

**Абу Райхан Беруний.** (973–1048) Харезмдин Кат шаарында төрөлүп, Үргөнчтө билим алган. Харезмшах **Абул Аббас Маамун II** сарайында топтолгон окумуштуулар менен биргеликте Мамун академиясында чыгармачылык кылган. Харезм ***Махмуд Газнавий*** тарабынан басып алынгандан соң, Беруний башка окумуштуулар менен бирге Газна шаарына алып кетилет жана өмүрүнүн ая-

гына чейин ошол жерде чыгармачылык кылат. Беруний **1048-жылы Газна**да дүйнөдөн кайтат.

Беруний астрономия, география, математика жана тарых илимдери боюнча 160 тан ашуун чыгармалар жазган. Анын «*Байыркы элдерден калган эстеликтер*», «*Индия*», «*Минералогия*», «*Геодезия»* сыяктуу ири чыгармалары ошолор катарында. Ал өзүнүн астрономияга тийиштүү чыгармаларында Коперниктен дээрлик беш кылым мурда Жер Күндүн айланасында айланышы жөнүндөгү ойду орто кылымдарда биринчи болуп алга сүргөн. **Беруний** жердин шар түрүндө экенин негиздеп берген. Ал **1029** жылдыздын координаттары жана жылдыз чондуктары белгиленген жылдыздар жадыбалын жана дүйнөнүн географиялык картасын түзгөн. ***Беруний*** европалык окумуштуулардан 450 жылдай алдын Америка материги жөнүндө ой жүгүрткөн, өз чыгармаларында бир нече жолу жазган. *Беруний*дин батыш жарым шарында чоң кургактык бар экендиги жөнүндөгү пикири XV-XVI кылымдарда өз тастыгын тапты. ***Беруний** Жер айланасы узундугун өлчөөдө жаңы усул – математикалык усулду иштеп чыкты**.** Ал биринчи болуп* Жер шары глобусун жараткан. Берунийдин илимий жана философиялык мурасы дүйнөлүк илим жана маданияттын казынасына кошулган чоң салым болду.

**** …эгер Европа Кайра жаралуу доорунун натыйжалары катары адабият жана искусство чыгармалары, архитектура берметтери, медицина жана инсанды таануу жолунда жаңы жаратуулар ишке ашкан болсо, Чыгыш Кайра жаралуу доорунун өзгөчө касиети, алгач, математика, астрономия, физика, химия, география, фармакология, медицина сыяктуу так жана табигый илимдердин, ошондой эле, тарых, философия жана адабияттын өнүгүүсүндө пайда болду.***

**Ислам Каримов**

**1.** «Байт ул-хикма» кайсы шаарда түзүлгөн? «Байт ул-хикма» жөнүндө Өзбекстан улуттук энциклопедиясынан кошумча маалыматтар алып дептериңе жаз.

**2.** Эмне үчүн IX–XII кылымдарда өлкөбүздө илим-билим жогору деңгээлде өнүктү?

**3.** Муса ал-Харезмий жана Ахмад ал-Ферганий математика илиминде ээлеген орду эмнелерден турат?

**4.** «Маамун академиясы» кайсы жылдарда иш жүргүзгөн? «Маамун академиясы» жөнүндө Өзбекстан улуттук энциклопедиясынан кошумча маалыматтар алып дептериңерге жаз.

**Жадыбалды Маварауннахр жана Харезмдин даанышмандары темасы боюнча маалыматтар менен толтур.**

| Улуу даанышмандар | Жашаган, чыгармачылык кылган доору | Кайсы илимдердин өнүгүшүнө салым кошкон | Жазган чыгармалары |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 27-§. АДАБИЯТ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Түркий жазма адабият, «Араб жана араб эместердин устаты», «Кутадгу билиг», «Девану лугатит-түрк», «Хибат ул-хакайик».***

**Түркий жазма адабият. X-XII кылымдарда** Маварауннахр жана Чыгыш Түркстанда түркий калктардын илгертен бери келе жаткан оозеки адабияты менен бир катарда, жазма адабият пайда болгон. Бир катар ири чыгармалар жаратылды. Алардын эң барктуусу **Юсуф Хас Хажибдин** (Жусуп Баласагын, XI кылым) *«Кутадгу билиг»*, **Махмуд Кашкарий**дин *«Девани лугатит-түрк»*, **Ахмад Югнакийдин** *«Хибат ул-хакайик»*, **Ахмад Яссавий**дин *«Хикмат»* сыяктуу чыгармалары болгон.

Бул мезгилде түркий адабий тили эски өзбек жана уйгур тилдеринин пайда болуусунда да маанилүү баскыч болду.

**Махмуд аз-Замахшарий. Абулкасым Махмуд аз-Замахшарий 1075-жылы** Харезмдин Замахшар кыштагында дүйнөгө келген. Илимге болгон тырышчаактыгы аны Бухара, Марв, Нишапур, Исфахан, Египет, Багдад, Герат жана Меккеде жашап, араб тили жана адабиятын, диний илимдерди, сулуу жазуу өнөрүн, араб макалдары жана үрп-адаттарын терең үйрөнүүсүнө

себеп болгон. Ал аймактын географиясына тиешелүү маалыматтарды чогулткан.

Махмуд Замахшарий түрдүү илимдин тармактарына тиешелүү 50 дөн ашуун чыгармалар жаратты. Айрыкча, анын араб тили фонетикасы жана морфологиясына байланыштуу *«Ал-Муфассал»*, Курани Каримди чечмелөөгө таандык «Ал-Кашшаф» чыгармасы мусулман дүйнөсүндө белгилүү. Замахшарий *«Араб жана араб эместердин устаты», «Харезм сыймыгы»* деген ардактуу наамдар менен даңкталган. Ал көп чыгармаларын Меккеде жазганы үчүн *«Жаруллах»* («*Аллахтын кошунасы*») деген ыйык наамга ээ болду. Каирдеги дүйнөгө даңкы кеткен Ал-Азхар диний университетинин студенттери азыр да «Ал-Кашшаф»тын негизинде Курани Каримди үйрөнүшөт. Ал, о.э, тарыхтагы биринчи көп тилдүү сөздүк – арабча-фарсча-түркий сөздүктүн негиздөөчүсү болгон. ***Махмуд Замахшарий*** **1144-жыл**да Харезмде дүйнөдөн кайткан. **1995-жылда Өзбекстанда** ***Махмуд Замахшарий***дин **920 жылдыгы** кең белгиленди.

**Юсуф Хас Хажиб.** Түркий жазуучу, даанышман жана мамлекет башкаруучусу болгон ***Юсуф Хас Хажиб*** (XI кылым) «*Кутадгу билиг»* дастанынын автору. Ал караханийлердин борбордук шаарларынан болгон **Баласагын**да туулган. ***Юсуф*** бул жерде араб, фарсий тил жана андагы адабияттарды мыкты үйрөндү. Философия, логика, математика жана башка билимдерди толук ээлеп, мамлекет иштери, башкарма эрежелери менен кызыкты. ***Юсуфтун*** *өмүрү* жана чыгармачылык жолу жөнүндөгү маалыматтар аябай аз. ***Юсуф Хас Хажиб*** жөнүндө маалымат берүүчү жалгыз булак "*Кутадгу билиг*" дастаны эсептелет. Ал **1069-жыл**да «*Кутадгу билиг»* («*Жыргалга жетектөөчү билим*») чыгармасын **Баласагын**да жаза баштады жана **1070-жыл**да **Кашкар**да бүтүрдү. Чыгарманы караханийлер өкүмдарларынан болгон **Табгач Бугрохан**га *тартуулайт*. «*Кутадгу билиг»* **Табгач Бугрохан**га макул болуп, ***Юсуф****ка* «*Хас Хажиб*» (эшик агасы) даражасын берет. Ошондон баштап жазуучуну ***Юсуф Хас Хажиб*** деп аташкан.

Чыгармада адам жана анын социалдык мааниси, жашоодогу орду жана милдети ар жактан анализ кылынат. "*Кутадгу билиг*"де жөнөкөй эл, эмгекчил инсан айрыкча сый менен

сүрөттөлөт. “*Кутадгу билиг*”де ахлак, адеп, бектик жана сүйүү сыяктуу маселелер жөнүндө насаат сөздөр айтылат. Ал илим жана билимге бакыттын ачкычы деп карайт. Ошондуктан өз дастанын “*Кутадга билиг*” деп атайт. Анда илим жана билимди уюштуруп, аалымдарды улуулайт, мамлекет башчыларын илимпоздорунан билим алууга жана алардын сунуштары менен иш көрүүгө чакырат.

**Махмуд Кашкарий.** **XI кылым**да жашап чыгармачылык кылган. **Махмуд Кашкарий** өмүрү жана чыгармачылык жолу жөнүндө жетерлүү маалымат сакталып калбаган. Аалымдын толук аты **Махмуд Кашкарий ибн Хусайн ибн Мухаммад**. Социалдык келип чыгышы тарабынан караханийлер санжырасына тиешелүү болгон. Жаш кезинен башталгыч илим алып, **Кашкар**, **Бухара, Самарканд, Марв, Нишапур** шаарларында билим алган. Ал араб, фарс, түркий сыяктуу 7-8 тилди толук ээлеген. **1056-1057-жылдар**да мамлекеттеги ички каршылыктар натыйжасында аалым өз мекенин таштап кетип, 15 жыл бою айланасындагы боордош элдер арасында жүрүүгө мажбур болгон. Ошол жылдарда түркий элдер жашаган өлкөлөрдү кезип, бул жерлердеги түркий уруулар, алардын келип чыгышы жана аталышы, жайгашуусу, үрп-адаттары, айныкса, тил касиеттерин абдан үйрөнөт. Соң Багдадга барып, **1072-жылы** дүйнөгө атактуу чыгармасы «*Девану лугатит -түрк»* («Түркий сөздөр жыйнагы»)тү жазып бүтүрдү.

***Махмуд Кашкарий****дин* бул чыгармасы ошол доордогу Орто Азия элдери тарыхы, турмушу, маданияты, үрп-адаттары, адабиятын үйрөнүүдө эң сейрек учуроочу булак эсептелет. «*Девану лугатит-түрк»* чыгармасы алгачкы универсалдуу сөздүк болуп, өз авторун дүйнөгө энциклопедиялык аалым катарында таанытты. Бул чыгармада аалым түркий уруулар жана элдер тилдериндеги сөздөрдүн маанисин араб тилинде түшүндүрүп берет. ***Махмуд Кашкарий*** чыгармасы, өз айтуусу боюнча, “*мурда эч ким түзбөгөн жана эч кимге маалым болбогон бөлөкчө бир тартипте*” түзүлгөн. Ошондуктан, ***Махмуд Кашкарий*** түркий элдеринин маданияты, этнографиясы жана фольклорунун биринчи изилдөөчүсү эсептелет. «*Девану лугатит-түрк»*түн баалуулугу, аалым ага дүйнө картасын да кошкондугунда.

**Ахмад Югнакий.** **XII кылым**да түркий тилде чыгармачылык кылган акын жана даанышмандардан бири ***Ахмад Югнакий*** эле. ***Ахмад Югнакий****ден* жалгыз адабий мурас «*Хибат ул-хакайик»* («*Хакикатлар тухфаси*») сакталып калган. Ал түркий адабий тилдин кымбаттуу жана баалуу эстелиги эсептелет. Өз чыгармасында ***Юсуф Хас Хажиб*** *сыяктуу* илим-билим, аалым жана окумуштууларды улуулайт, агартууну жактайт, адамдарды илимдүү жана билимдүү болууга чакырат.

***Югнакий*** өзүн акын эмес, адеп мугалими деп эсептеген. Өзгөчө ахлак китеби болгон бул чыгармага Кураны Карим жана Хадиси шариф маанилери сиңдирилген. Ал Ислам дини ахлагын үгүттөө, жеткилең инсанды тарбиялап жетиштирүү максатында жазылган.



**1.** Түркий жазма адабияттарынан эң баалууларын айт.
**2.** Түркий адабий тили кайсы тилдердин пайда болушунда чоң мааниге ээ экендигин айтып бер.
**3.** Махмуд Замахшарий каерде туулган жана ал кандай ат менен улууланган?
**4.** «Кутадгу билиг» чыгармасы ким тарабынан жазылган?
**5.** *Махмуд Кашкарий* жана анын «*Девану лугатит-түрк»* чыгармасы жөнүндө айтып бер.
**6.** Эмне үчүн Ахмад Югнакий өзүн акын эмес, адеп мугалими деп эсептеген?


**Төмөнкү жадыбалды адабият өкүлдөрү жөнүндөгү маалыматтар менен толтур:**

| Жазуучулар | Качан жашаган? | Кайсы наамдар менен улууланган? | Жазган чыгармалары |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 28-§. ДИНИЙ БИЛИМДЕРДИН ӨНҮГҮҮСҮ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Хадис, сөз илими, фикх, дин, софизм, тарикат, идеология.***

**Имам ал-Бухарий.** Дүйнөлүк илим окумуштуулары менен бир катарда бул доордо ислам илиминин өнүгүүсүнө мавараун-нахрлык хадис таануучу уламаларынын да кызматы чоң болгон.



Самаркanddагы Имам ал-Бухарий эстелиги.

Бул маселеде айрыкча **Мухаммад ибн Ысмайыл ал-Бухарий** (810–870) жана анын замандашы, шакирти **Абу Иса Мухаммад ат-Термезий** (824–894)дин салымы өтө чоң.


**Имам ал-Бухарий** ислам илимине таандык жыйырмадан ашуун чыгарма жаратты. Анын бир эле *«Ал-жоме ас-сахих»* аттуу чыгармасына **7275** хадис киргизилген.

**1998-жылы октябр**да улуу даанышман Имам ал-Бухарийдин туулгандыгынын **1225 жылдыгы** белгиленди. Самаркандга жакын жердеги **Хартаң** кыштагында *«Имам ал-Бухарийдин эстелик комплекси»* курулган. 4 томдук *«Ал-жоме ас-сахих»* китеби алгачкы жолу өзбек тилине которулуп, окуучуларга тартууланды.



*** Хадис (арабча; рабаят, накыл сөз) – Ислам désinде Курандан кийинки ыйык жазма булак, Мухаммад пайгамбар(с.а.в. )дын жасаган иштери жана көрсөтмөлөрү жөнүндөгү топтолгон маалыматтардын жыйнагы.**

**Абу Мансур ал-Маатуридий.** Тил илиминин өсүп-өнүгүшүнө чоң салым кошкон улуу даанышман **Абу Мансур ал-Маатуридий** (870–944) Самаркандга жакын жердеги Маатурид кыштагында дүйнөгө келген. Ал-Маатуридий исламдык адеп-ахлак эрежелери, руханий-моралдык жогорулоо сырларынан таалим берүүгө багытталган бир топ чыгармалар жазган. Алардан *«Китоб ат-Тавхид»* («Аллахтын жалгыздыгы») жана *«Таавилот ахл ас-сунна»* («Суннийлик каада-салттарынын баяны») аттуу чыгармалары гана сакталып калган. Аларда диний илимдин, исламдык үрп-адаттар, инсандын өсүп-өнүгүшүндө дүйнө карашынын калыптануусунун



Абу Мансур ал-Маатуридий эстелиги. Самарканд.

мааниси чечмеленген. Ал-Маатуридий 944-жылы Самаркандда көз жумган.

Эгемендүүлүктүн шарапаты менен диний каада-салттарыбыз кайра калыбына келтирилип жаткан Мекенибизде **2000-жылы ноябрда Имам ал-Маатуридий**дин туулгандыгынын **1130 жылдыгы** белгиленди. Самаркандда **ал-Маатуридий**ге арналып эстелик комплекси курулду, чыгармалары өзбек тилинде басып чыгарылды.

***Ислам ааламында «Мусулмандардын ынанымын түзөтүүчү» деген бийик урматка татыктуу болушу бул улуу инсандын терең илимдүү жана эр жүрөктүүлүгүнөн кабар берет.***

***Ислам Каримов. «Жогорку руханият– жеңилгис күч».***

**Бурханиддин ал-Маргынаний.** Белгилүү фикх (укук таануучу) аалымы **Бурханиддин ал-Маргынаний 1123-жылы** Рыштанда (Фергана өрөөнү) дүйнөгө келген. Ал-Маргынанийдин эң баалуу чыгармасы төрт томдук «*Хидая*» болуп саналат. «*Хидая*» ислам укук таануучулугу боюнча жазылган чыгарма болуп, бир канча кылымдар бою мусулман мамлекеттериндеги укук таануучулар үчүн теориялык да, практикалык да колдонмо милдетин өтөп келген. Китеп бир канча тилдерге которулган. Азыркы күндө да маанилүү булак катарында пайдаланылып келе жатат.

Ошондуктан окумуштуу уламалар гана эмес, жөнөкөй калк арасында да “*хидаят сарбаны жолунун башчысы*” деп чоң урмат тапты. Бурханиддин *вал-милла* (ислам дининин далили) деген сыймыктуу наамга ээ болду.

2000-жылы ал-Маргынанийдин 910 жылдыгы белгиленди. Маргылан шаары борборунда **Бурханиддин Маргынаний** эстелиги тургузулуп, ошол жерге анын символдук күмбөзү орнотулду.

**Дин.** IX–XIII кылымдын руханий турмушунда ислам дини маанилүү орун ээлеген. Бул мезгилде мусулман Чыгышында кең таркалып, дүйнөлүк дин даражасына көтөрүлгөн ислам дини элдин турмушунда өзгөчө мааниге ээ болгон. Маварауннахр эли ислам динин кабыл алып, шарият көрсөтмөлөрүн аткарууга,

араб тили жана жазуусун үйрөнүүгө киришти. Борбордук шаарларда көптөгөн мечит жана медреселер курулду.

**XII кылым**да Бухаранын Дарвазаи Мансур көчөсүндө укук таануучулар үчүн атайын *«Факихтер медресеси»* курулган. Мындай жогорку окуу жай негизинен ислам дини окуусунун негизги булактары: Кураны карим, Хадиси шариф жана араб тилин терең үйрөнүүгө абдан көңүл бурган. Шарият эрежелерин ар тараптуу терең үйрөтүүдө *«Тафсир»* – Кураны Каримдин түшүндүрмөлөрү абдан бай жана пайдалуу булак болгон. Фикх илими (ислам укук тануучулугу) адеп-ахлак жана шарият эрежелери жөнүндө толук түшүнүк берген.

Ислам дини окуусунун өнүгүүсү жана үгүттөө иштеринин кеңейүүсүндө, айрыкча Бухара шаары борборго айланган. Бухара медреселеринен көптөгөн укук таануучу окумуштуулар, казыйлар, имамдар жетишип чыккан. Ошондуктан **Бухара IX кылым**дан баштап *«Куббат ул-ислам»* – *«Ислам дининин күмбөзү»* аты менен даңкталат.

**Суфизм.** Суфизм орто кылым мусулман Чыгышында кең таркалган. Бул окуу алгач VIII кылым ортосунда пайда болгон. Суфизм окуусунун негизинде инсандын иш-аракеттери жана анын инсан катары жетилүүсү турат. Маварауннахрдын түрдүү өлкөлөрүндө анын ар түрдүү агымдары, багыттары пайда болгон. Түркстанда **XII кылым**да *Яссавия*, **XII кылымдын** аягында Харезмде *Кубравия*, **XIV кылым**да Бухарада *Накшбандия* жана башкалар келип чыгат.

*** Суфизм (софийлик) – Мусулмандарды адалдыкка, аруулукка, теңдикке, инсандык кадыр-баркын түшүрбөөгө чакыруучу, ар кимди өзүн адал эмгеги менен жашоого, башкалардын эмгегинен пайдаланбоого үгүттөөчү билим.**

*** Тарикат – суфизм эрежелерине амал кылып жашоо, б.а. жеткилең инсан даражасына жетишүүнү көрсөтүүчү жол.**

Маварауннахрда кеңири жайылган суфизм *Яссавия агымы* болуп, ага *Ахмад Яссавий* негиз салган. Агымдын негиздери Яссавийдин белгилүү *«Хикмат»* чыгармасында баяндалат. Ахмад Яссавийдин оюнча, *шариятсыз тарикат (агым),*

*тарикатсыз илим-билим (маърифат), ал эми илим-билимсиз акыйкат болбойт.* Алардын ар бири экинчисин толуктайт жана өркүндөтөт. Яссавийдин окуусунун негизинде жеткилеңдикке жана көрпендечиликтен баш тартуу аркылуу жетишүү идеялары алга сүрүлгөн. Ага бул жалган дүйнөнүн ырахат-жыргалынан кечип, өзү менен өзү жалгыз, кудайга сыйынуу жана анын жолунда азап тартып, машакаттуу мээнет тарта алган адам гана жете алат. Кыскасы, Яссавия окуусунда машакаттуу эмгек жана азап-тозок шарият жолунда болушуна жана көрпендечиликтен баш тартууга үндөөсүнө карабай, адамзат шариф (жогорку)тик даражада улууланат. Инсандын ар кандай мал-дүйнөдөн жана байлыктан өйдө турушу баса белгиленет.

Суфийлик окуусунун улуу өкүлдөрүнөн дагы бири **Нажмиддин Кубра** (1145–1221) эле. Ал Харезмде *«Кубравия»* агымына негиз салган. Яссавия окуусунан айырмаланып, Кубравия окуусу жарык дүйнөнүн жыргалчылыктарынан баш тартууну четке кагат. Жеткилеңдик жолунда жүргүзүлгөн азаптуу эмгек жараяны учурунда бул дүйнөнүн жыргалынан баш тартпоо идеясы алдыга коюлат. Кубравия окуусунда элге жана Мекенге болгон сүйүү күчтүү болуп, ар кандай оор учурларда да көпчүлүк менен бирге болуу, Мекенди коргоо жана анын эгемендүүлүгү үчүн күрөшүүгө үндөйт.

Суфизм **XIV кылым**да накшбандия окуусунда андан да күчөйт. Ага **Бахауддин Накшбанд** негиз салат. Ал **1318-жылы** Бухарага жакын жердеги **Касры Хиндуван** кыштагында кездемеге гүл басуучу көл өнөрчүнүн үй-бүлөсүндө туулган. Жаш кезинде окуу жана билим алуу менен бирге кымкап кездемеге гүл басканды кылдат үйрөнүп, ата кесиби оймочулукту ээлейт.

**Кожо Бахауддин** *«Хаятнаама»* жана *«Далил ал-аашыкийн»* аттуу чыгармаларын жазып, өз агымын жаратат. Накшбандия агымы Маварауннахр, Хурасан жана Харезмде кеңири жайылган. Накшбандия агымы адамдарды адал, ак ниет жана таза болууга, өз эмгеги менен күн кечирүүгө, муктаждарга жардам берүүгө, дили ак жана кичи пейил болууга үндөйт. Анын «Көңүлүң Аллахта, колуң иш менен алек болсун» («Дил ба ёр-у даст ба кор») деген накыл сөзү Накшбандия агымынын турмуштук маңызын туюнтат. Ал көрпендечилик идеясын четке кагып,

эмгекчилдикке, адилдикке жана билимдүү болууга үндөгөн. Накшбандия окуусунун өнүгүшүнө акыркы кылымдарда Алишер Наваий, Абдурахман Жаамий, Кожо Ахрар сыяктуу улуу даанышмандар чоң салым кошушкан.

Эгемендүүлүктүн шарапаты менен **Ахмад Яссавий, Бахауддин Накшбанд, Нажмиддин Кубра** сыяктуу ата-бабаларыбыздын куттуу ысымдары кайра калыбына келтирилди, зыярат жайлар абат кылынды. Чыгармалары басмадан чыгып, алардын баа жеткис руханий мурастарын азыркы муун пайдаланууда. Анткени исламдык таалим-тарбиянын негизинде ата-бабаларыбыз өркүндөп-өсүп, өздөрүнөн өчпөс тарыхый мурас калтырышкан.

**1.** Маварауннахрлык хадис таануучу уламалардан кимдерди билесиң?
**2.** Ал-Маатуридий кандай чыгармалар жазган?
**3.** Руханий турмушта Ислам дининин мааниси эмнеде деп ойлойсуң?
**4.** Суфизм кандай окуу?
**5.** Яссавия окуусунун негизинде кандай көз караш басымдуулук кылат?
**6.** Кубравия агымындагы патриоттук идеяларды түшүндүр.
**7.** Накшбандия агымы инсандарды эмнеге үгүттөгөн?

## 29-§. АРХИТЕКТУРА, КӨРКӨМ ӨНӨР ЖАНА МУЗЫКА

**Таяныч түшүнүктөр:** ***архитектура, көркөм өнөр, оймочулук, каллиграфия, шашмакам.***



**Вабкент мунарасы (XII кылым).**

**Архитектура.** Орто кылымдык коомдун социалдык-саясий түзүлүшү жана ислам дини идеологиясы маданий турмуштун бул тармагына да күчтүү таасирин тийгизди. **Самарканд, Бухара, Үргөнч, Термез, Өзгөн** жана **Марв** сыяктуу шаарларда бул мезгилде көптөгөн сарай, мечит, медресе, мунара, музей жана кербен сарайлар курулду. Бухара шаарындагы Ысмайыл Саманий мавзолейи, *Намаз-*

*гах* мечити, *Минараи калан*, *Вабкент* жана *Жаркоргон мунаралары* жана көптөгөн башка имараттар ошол доор архитектурасынын үлгүлөрү эле. Бул эстеликтер өзүнө таандык архитектуранын өнүккөндүгүнөн белги берет.



**Жаркоргон мунарасы (XII кылым).**

Бул мезгилде оюлган таш, бышкан кыш жана сууга чыдамдуу курулуш материалдарынан түрдүү суу курулуштары – суу сактагычтары – данакер, көпүрөлөр, сардабалар жана кудуктар курулат. Мындай курулуштардын өлчөөлөрү математикалык жактан өтө так иштелип чыккан. Мисалы, **X кылым**да Нурата тоо кыркасындагы Пастаг тоо капчыгайы тосулуп, курулган **Ханбанди** суу сактагычына 1,5 млн. метр куб суу топтолгон. Тогоон гранит ташы жана сууга чыдамдуу курулуш материалынан курулган. Бул суу сактагычты курууда суунун вертикаль жана горизонталь басым күчү жана бул аймактардагы тез-тез болуп туруучу жер титирөөлөр күчү да эсепке алынган. Бул, **XVII кылым**дын атактуу француз физиги **Блез Паскаль** тарабынан суунун басым күчү жөнүндөгү мыйзамды ачуусунан 7 кылым илгери маварауннахрдык ойлоп табуучуларга белгилүү экендигинин талашсыз далили болуп турат.



**X кылым суу сактагычынын тогоону – Ханбанди.**

**X кылым**дан баштап курууучулукта түркүктүү имараттар кеңири тарала баштайт. *Жалгыз түркүктүү* жана *кош түркүктүү* имараттардын түп түркүктөрүнөн тарта устун жыгачтары жана жоон жыгачтарына чейин аларды бириктирүү ыкмасы менен курулуп, түркүктөрдүн арасы чийки кыш же кесек (гувала) менен урулган. Мындай ыкмадагы имараттарды куруу азыркы учурга чейин сакталып келүүдө. **Афрасияб, Варахша, Бухара** жана **Пайкенд** шаар урандыларында казып ачылган турак жай калдыктарынан белгилүү болгондой, X–XI кылымдарда да

пакса жана чийки кыштан курулган имараттар шаар курууда негизги орунду ээлеген.

**Оймочулук жана каллиграфия (көркөм жазуу).** IX–XII кылымдын баштарында курууучулук менен бирге жыгач жана башка материалдарга оймо салуучулук өнөрү да бир кыйла өнүгөт. Имараттардын маңдайы, эшиги жана дубалдын айрым бөлүктөрү түрдүү мазмундагы сөздөр менен капталган. Бул мезгилде көркөм жазуу элдик өнөрдүн маанилүү жана кең таралган тармактарынын бири эле. Али китеп басып чыгаруу ойлоп табылбагандыгы, кол жазма китептерден нуска көчүрүү колдо гана аткарылгандыгы үчүн, көркөм жазуу өнөрү бир кыйла өнүккөн. Түрдүү ыкмаларда көркөм жазуу менен даярдалган көркөм жазуунун үлгүлөрү оймо-чиймелерде да турмуштук мазмун жана эстетикалык дит берүүчү каражат катары иштетилген.

**Музыка өнөрү.** IX–XIII кылымдын баштарында музыка өнөрү да абдан өнүгө баштаган. Майрамдар, тойлор, элдик тамашалар жана башка салтанаттар, шексиз түрдө күү жана ырсыз өтпөгөн. Бул мезгилде музыканттар уд, танбур, кобуз, рубаб, сыбызгы, сурнай, керней, кошнай жана цитра сыяктуу түрдүү кылдуу, урма жана үйлөмө музыка аспаптарынан кең пайдаланышкан.

Элдик күүлөрдүн негизинде кийинчерээк тажик, өзбек элдеринин классикалык күүлөрү «*Шашмакам*» үчүн негиз болгон *«Раст», «Хусраваний», «Бода», «Ушшак», «Зерафканда» «Бузрук», «Сипахан», «Наво», «Баста», «Тарона»* сыяктуу жаңыжаңы күүлөр жаратылды. Музыка өнөрү поэзия жана музыка таануу илими менен тыгыз байланышта өнүккөн.

*** Шашмакам – (фарсча – алты жана макам) – өзбек жана тажик элдери музыкалык мурасында борбордук орун туткан классикалык күүлөр жана ырлар жыйнагы.**

**1.** IX-XII кылымдарда архитектурадагы жетишкендиктер жөнүндө айтып бер. Алар жөнүндө кошумча маалыматтар тап.

**2.** Оймочулук жана каллиграфия өнөрү кандай өнүккөн?

**3.** «Шашмакам» деген эмне?

# V БӨЛҮМ.
# АМИР ТЕМУР ЖАНА ТЕМУРИЙЛЕР ДООРУНУН ТАРЫХЫ

## 30-§. XIV КЫЛЫМДЫН ОРТОЛОРУНДАГЫ МАВАРАУННАХРДАГЫ СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ КЫРДААЛ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***саясий бытырандылык, саясий күрөш майданы, мамлекет эгемендүүлүгү үчүн күрөш, сарбадарлар.***

**Саясий бытырандылык.** XIV кылымдын 50–60-жылдарында Маварауннахр 10 го жакын өз алдынча бектиктерге бөлүнүп кеткен. Ал жердеги акимдер өздөрүн чексиз өкүмдар деп жарыялашкан. Мамлекеттеги ар бир вилаят өз алдынча өкүмдарлыкка ажыралып, алар ортосунда жаңжалдар күчөп кетти жана кандуу салгылашууларга айланды. Саясий бытырандылык, өз ара салгылашуу жана жаңжалдар экономикалык кризиске себеп болуп, мамлекет калкын, жадагалса дыйкандардын чарбасын кедейлетти.

Мунун үстүнө Чыгыш Түркстан жана Жетисууда түзүлгөн Монголстан хандары бир нече жолу Маварауннахрга жортуул жасап, аларды талап-тоношкон. Алардын жортуулдары, баскынчылыгы жана зордук-зомбулугуна каршы элдик кыймылдар башталган.

Мына ушундай өз ара ички согуштар күчөгөн, монголдор зордук-зомбулугуна каршы эмгекчил элдин кыймылы башталган бир мезгилде мамлекетте жаңы саясий күч бышып жетилип жаткан эле.

**Амир Темурдун жаштык мезгили.** Амир Темур Кеш вилаятындагы Кожоилгар кыштагын(Яккабаг району)да **1336-жылы 9-апрел**де төрөлгөн. Анын толук аты **Амир Темур ибн Амир Тарагай ибн Амир Баркул**. Амир Темурдун апасы **Такина хатун** Кеш журтунун абройлуу айымдарынан (бек ага) бири болгон. Анын атасы Амир Тарагай Барлас уруусунун аксакалдарынан болуп, ата-бабалары Кеш жана Насаф аймагында өз мүлктөрүнө ээ болгон жана бул өлкөдө акимдик кылган.

**Амир Темур**дун балалыгы ата журту Кеште өткөн. **Амир Тарагай** уулун жаштыгынан ак сөөктөргө жараша окуткан

жана ар тараптан билим берген: улуу-кичүү менен мамиле илимин, аңчылык кылуу жана аскердик илимдерди үйрөткөн. Жаш Темурду жети жашында эле медресеге окууга беришкен. Ал медресеге келгенде алиппени толук билген. Он эки жашынан баштап балалык оюндарынан танып, кийинчерээк өз теңкурлары менен аскердик оюндар менен машыккан. Амир Темур балалык кезинен эле чабандоздук жана аңчылыкка ышкыбоз болуп, жаадан бутага ок атуу, ат чаптырып түрдүү аскердик оюндар менен алек болууну жактырган. Ошентип Амир Темур тулпарларын эң жакшысын ажырата ала турган уста чабандоз жана эр жүрөк баатыр болуп чоңоёт. Анын айланасына балалык чактагы достору жана мектептештери топтолуп бирге машыгып, мелдештерге катышкан, бара-бара аскердик топторго биригишкен. Кийинчерээк алар Амир Темурдун катарлаштарына айланып, анын кошуунунда колбашчылык даражаларына чейин көтөрүлүшкөн.

Ошентип, Амир Темур өз заманынын окумуштуу жана билимдүү өкүмдарларынан болуп жетишет. Медицина, математика, астрономия, архитектура жана тарых илиминен да кыйла кабардар болгон. Амир Темур менен бетме-бет маектешүүгө жетишкен улуу араб философу Ибн Халдундун айтымында, Амир Темур түрк, араб, перс элдеринин тарыхын терең үйрөнгөн, диний, илимий жана философиялык илимдердин эң татаал жактарына чейин жакшы өздөштүрө алган адам болгон.

Өзүнүн алгачкы аскердик ишмердүүлүгүн Амир Темур кол астындагы аскерлери менен айрым вилаят амирлерине кызмат кылуудан баштаган. Алардын өз ара күрөштөрүндө катышып, каармандык көрсөткөн жана салгылашууда чыныккан. Согуштук тажрыйба жана жоомарттык Амир Темурдун кадыр баркын ашырып, анын даңкы бүткүл Кашкадарыя өрөөнү, негизинен Кеш аймагына жайылган.

Амир Темурдун Чыгатай хандарынан Казагандын небереси, Амир Хусайндын карындашы Улжай Түркан агага үйлөнүүсү себеп Амир Темур менен Балх акими Амир Хусайндын ортосунда союз пайда болот.

**Амир Темурдун саясий күрөш майданына кирип келиши.** **XIV кылымдын 50-жылдары аягын**да Маварауннахрда амирлердин өз ара күрөшү күчөп, мамлекетте саясий баш аламандык күч алат. Монголстан хандары Маварауннахрдагы оор

саясий абалдан пайдаланып, бул өлкөдө өз бийлигин орнотууга аракет жасайт. **Туглук Темур** 1360–1361-жылдары Мавараүннахрга удаалаш эки жолу бастырып кирет. Мавараүннахр бектери бириге албастан, элди өз жайынча таштап кетишкен. Амур Темурдун аталаш тууганы, Кеш аймагынын өкүмдары **Амир Ажы Барлас** Хурасанга карай качат.



**Жаангер Амир Темур.**

24 жаштагы Амир Темур башкача жол тутат. Темур өз журтун монголдордун баскынынан коргоо үчүн көп ойлоп, Туглук Темурдун алдына барууну чечет. Натыйжада Туглук Темурдун буйругу менен Кеш вилаятынын даругасы (акими) болуп дайындалат.

Ошентип, Амир Темур саясий күрөш майданына кирип келди. Кийинчерээк, өзүнүн бул иш-аракетин Темурбек калкты монголдор тарабынан талап-тонолуудан сактап калуунун жалгыз жолу – терең ойлонгон план 100 миң кишилик кошуундан күчтүү деп түшүндүрөт.

*** Даруга – монголчо «көзөмөлчү», «шаардын башчысы» деген маанини билдирет. Монголдор мамлекетинде жергиликтүү акимдердин алдындагы улуу каандын өкүлү. Даруганын милдетине төмөнкүлөр кирген: калкты каттоодон өткөрүү; жергиликтүү элден кошуун чогултуу, почта байланыштарын жолго коюу, салык жыйноо, топтолгон салык төлөмдөрүн улуу каан сарайына жеткирүү.**

**Туглук Темур** уулу **Илязкожону** Мавараүннахрдын өкүмдарлыгына дайындап, Монголстанга кайтып кетет. Илязкожо менен Амир Темурдун мамилеси келишпейт. Ошол себептен ал Мавараүннахрдын көрүнүктүү амирлеринен бири, Балх акими Хусайн менен союз түзүп, монголдорго каршы күрөш алып барат. **1363-жылы** Амударыянын сол жээгинде, **Кундуз** шаары жанында жалпы душман үстүнөн жеңишке жетишет. Кийинки эки жыл ичинде союздаштар Илязкожо башчылыгындагы жета

аскерлери менен бир нече жолу салгылашат. Акыры **1364-жылдын аягын**да алар монголдорду Маварауннахрдан кууп чыгышат.

Бирок Маварауннахрды колдон чыгарууну каалабаган ***Илляскожо*** **1365-жылдын жазын**да дагы Маварауннахр үстүнө кошуун тартат. Эки ортодогу салгылашуу **1365-жыл 22-май** күнү Ташкент менен Чыназ ортосундагы Чырчык дарыясынын жээ–гинде болот. Тарыхта ал *«Ылай салгылашуусу»* наамы менен аталат. Анткени ошол күнү күчтүү жамгыр жаап, согуш талаасы баткакка айланган, атүгүл аттар да ылайга батып калган.

Салгылашууда Амир Темурдун кошууну жеңишке аракет кылып, душман кошуунунун оң канатына какшаткыч сокку берип жаткан бир маалда Хусайн өз аскерлерин душмандын сол канатына таштабай, салгылашуу майданын таштап кетет. ***Амир Темур*** чегинүүгө мажбур болот.

Бул жеңиштен соң **Илязкожо** эч кандай каршылыкка учурабай, **Хоженд** жана **Жызак** шаарларын ээлеп, **Самаркандга** жортуул жасайт. Самаркандда куралдуу кошуун болбосо да, калк шаардын коргоосун өз колуна алат. Узак убакка чейин монголдор бийлигине каршы көтөрүлгөн бул элдик кыймыл тарыхта *Сарбадарлар кыймылы* аты менен даңкталган.

**Самарканд сарбадарлары.** Сарбадарлар кыймылы XIV кылымдын 60-жылдарында Маварауннахрда монгол хандарынын чабуулу натыйжасында пайда болгон. Самарканд сарбадарларына мударрис **Мавланзаада Самаркандий**, кол өнөрчү **Абу Бакр Калавий** жана шаар көчөлөрүнөн биринин аксакалы, көзгө атар мерген **Хурдаки Бухарий**лер жетекчилик кылышкан. Сарбадарлар монголдорго Самарканд шаарында катуу сокку беришкен. Мунун үстүнө, Илязкожонун жылкыларынын арасында жугуштуу оору тарап, аттары кырыла баштайт. Айласыз калган Илязкожо оболу Самаркандды, андан соң бүткүл Маварауннахрды таштап чыгып кетүүгө мажбур болот. Сарбадарлар бай мүлк ээлеринин мал-мүлктөрүн бир бөлүгүн конфискациялап, кембагалдарга бөлүштүрүп беришет. Бул болсо бийлик катмарынын кескин наразылыгына себеп болгон.

Сарбадарлар башчылыгындагы самарканддыктардын монголдор ханы **Илязкожонун** үстүнөн жеңиши жана шаардагы баш аламандык жөнүндөгү кабар **Амир Темур** менен **Амир**

**Хусайнга** да барып жетет. **1366-жылдын жазында** алар Самаркандды көздөй жол алышат жана шаарга жакын жайгашкан Канигил деген жерге келишет. Бектер элдик күрөшчүлөрдүн жетекчилери менен сүйлөшүүлөр жүргүзөт. Жолугушуунун биринчи күнү бектер алар үчүн чоң урмат көрсөтүшөт. Бирок эртеси күнү **Абу Бакр Калавий** менен **Хурдаки Бухарийлер Амир Хусайндын** буйругу менен дарга асылат. Мындан кеч кабар тапкан **Амир Темур Мавланзааданын** өмүрүн ***Амир Хусайндан*** сурап алат жана аны куткарып калат.

*** Сарбадарлар (фарсча сар – баш; дар – дар; башын дарга тиккендер) – XIV кылымда Иран жана Орто Азияда монголдор зулумуна каршы калк козголоңу катышуучулары. Козголоңдо кең калк аламаны катышышкан. Сарбадарлар максатына жетишүүсү үчүн азаттык жолунда дарга асылууга да даярбыз деген девиз менен күрөш алып барышкан.**

**1.** Эмне себептен Маварауннахрда саясий бытырандылык күчөдү?
**2.** Амир Темурдун жаштыгы жөнүндө эмнелерди билип алдың?
**3.** Амир Темур кандай кырдаалда саясий күрөш майданына кирип келди?
**4.** «Ылай салгылашуусу» жөнүндө сүйлөп бер.
**5.** Сарбадарлар кимдер, алар кимдерге каршы күрөшүшкөн?
**6.** Амир Темур жөнүндө кандай китептерди окудуң?

**Төмөнкү жадыбалды толтур. Ушул даталарда кандай окуялар болуп өттү?**

| | |
|---|---|
| **XIV кылымдын 50–60-жылдары** | **1363-жыл** |
| **1336-жыл 9-апрель** | **1365-жыл 22-май** |
| **1360–1361-жылдар** | **1366–1370-жылдар** |

## 31-§. АМИР ТЕМУР – БОРБОРЛОШКОН МАМЛЕКЕТТИН НЕГИЗДӨӨЧҮСҮ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Амир Темур бийлигинин башталышы, жогорку бийлик символу, борборлошкон мамлекет, Маварауннахр менен Хурасандын бириктирилиши.***

**Амир Темурдун бийликке келиши.** XIV кылымдын 60-жылдарында Маварауннахрда өкүм сүргөн оор саясий жана экономикалык абал өлкөнү бириктирип, күчтүү бир мамлекет түзүүнү талап кылган эле. Амир Темур өз заманынын мындай талабын башка амирлерге караганда жакшыраак түшүнгөн. Ошондуктан да ал борборлошкон мамлекет түзүүгө киришкен. Мындай максатты ишке ашыруу үчүн ал аксакалдар, аскер башчылары, соодагерлер жана шаар кол өнөрчүлөрүнүн өкүлдөрүнө таянган. Амир Темур бул улуу максатты ишке ашырууну оболу ички карама-каршылыктарга каршы күрөштөн баштаган.

**1370-жылы жазын**да Амир Темур бүт кошууну менен күчтүү душман – Балх өкүмдары Амир Хусайнга каршы жортуулга чыгат. Кошуун Термездин жанындагы Бия кыштагына жеткенде анын алдына атактуу уламалардан **Саййид Барака** келет. **Саййид Барака Амир Темур**дун иш-аракетин колдоп-кубаттап, ага Жогорку бийлик символу болгон табл менен асаба тартуу кылып, анын улуу келечегин алдын-ала айтат. Бул окуя, сөзсүз, саясий мааниге ээ болчу. Анткени *табл* менен *асаба*, мусулмандар адатына көрө, таж-так символу болуп, аны жогорку даражадагы руханийдин колунан алуу тез арада анын таажытакты жана салтанат ээси болуусунун белгиси эле.

**Амир Темурдун** кошууну **Балхка** жетип баргыча жолдон көптөгөн жаңы күчтөр келип кошулган. Бул мезгилде **Амир Хусайндын** көпчүлүк амирлери андан кете баштаган. Салгылашууда Амир Хусайндын кошууну жеңилет, эки күндүк курчоодон соң, **1370-жылы 10-апрел**де Балх шаары Амир Темурга багынат. **Амир Хусайн** өлтүрүлөт. Эртеси күнү болуп өткөн курултайда Амир Темурдун бийлиги расмий таанылып, ал *Маварауннахрдын амири* деп жарыяланат.

**Борборлошкон мамлекеттин түзүлүшү.** Мамлекетти са-

ясий жана экономикалык жактан чыңдап, көптөн бери уланып келаткан ички бытырандылыкты жоюу, тынчтыкты орнотуу максатында Амир Темур **1370-жылы июль** айында Самаркандда курултай чакырган. Курултайда борбордук мамлекет системасын калыптандыруу жана кошуун түзүү маселелери талкууланат. **Самарканд** мамлекет борбору деп жарыяланган. Самаркандда бекем дубалдар, чептер жана сарайлар куруу башталган. Бул имараттар Самарканд монголдор тарабынан талкалангандан 150 жылдан кийинки, биринчи жолу курулган жалпы мамлекет аймагындагы имараттар эле.

Амир Темур мамлекетте мыйзам жана тартип иштерин жолго коёт. Атайын кошуун түзүп, ага чоң артыкчылыктар берет. Ал ири аскердик бөлүктөрдүн башчылары жана сыпахсаларларды дайындады. **Амир Темур** такка отургандан кийин Чыгатай улусунун бардык жерлерине өзүн жетекчи деп билди. Амир Темур Сырдарыянын төмөнкү бассейниндеги жерлерди, Ташкент вилаятын, Фергана өрөөнүн жана Харезмди өз карамагына алды. Амир Темур **1372-жыл**дан баштап Харезмге беш жолу согуштук жортуул жасаган, Харезм **1388-жылы** гана толук баш ийдирилген.

**1381-жылы** *Герат, Сеистан, Мазандарон* ээленген. Кийин *Сарахс, Жам, Кавсия, Сабзавар* шаарлары да согушсуз Амир Темурга баш ийди жана анын карамагына өттү. Ошентип, Амир Темур Маварауннахр, Хурасан жана Харезмди бириктирип, ири борборлошкон мамлекет түздү. Бул чоң өлкөдө жашоочу элдердин биригүүсү алардын тагдырына оң таасирин тийгизген.



**1.** Амир Темур менен Амир Хусайндын ортосундагы чырчатак кандай аяктады?

**2.** 1370-жылдын 11-апрелинде өткөрүлгөн курултайдын тарыхый мааниси эмнеден турат?

**3.** Самарканд шаарын кайрадан курууда Амир Темурдун кызматы жөнүндө эмнелерди билип алдың?

**4.** Маварауннахр кандай жол менен бириктирилди?

**5.** Харезм жортуулдары жана анын натыйжасы жөнүндө сүйлөп бер.

**6.** Бул мезгилде Амир Темурдун тарыхый кызматы эмнелерден турган?

## 32-§. АМИР ТЕМУР МАМЛЕКЕТИНИН ТҮЗҮЛҮШҮ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***мамлекет башкаруусу, суюргал жерлер, кошуундун түзүлүшү, аскердик жортуулдар, «Темур түзүктөрү».***

**Мамлекеттик башкаруу.** Жаангер Амир Темур өз заманынын талабынан келип чыгып мамлекетти башкарууну өркүндөттү, ага жаңыча дух жана мазмун берди. Мамлекеттин курамдык түзүлүшү аскердик-саясий тартиптерге негизделген болсо да, коомдун өнүгүүсү, бардык социалдык катмарлардын кызыкчылыгын камсыздоо көздө тутулган эле.

Амир Темур мамлекетинин башкаруучулук түзүлүшү эки бөлүктөн: **сарай** жана **вазирлик** (канцелярия)тен турган. Сарайды Жогорку өкүмдар өзү башкарган. Аткаруучу бийлик — канцелярияны деванбеги (премьер-министр) башкарган. Деванда аскердик вазир, мүлкчүлүк жана салык иштери боюнча вазир, сарай сарп-каражаттары боюнча каржы вазири иш алып барган. Булардан тышкары чек аралар жана баш ийдирилген мамлекеттерди башкаруу менен иш алып баруучу үч вазир болуп, алар деванбегиге эсеп (отчет) берип турушкан.

Тышкы жана ички кырдаалда окуялардан кабардар болуп туруучу миң жөө, миң атчан чабармандары болгон. Бүтүн мамлекет бойлоп бир күндүк жол аралыгында жамканалар уюштурулган. Ар бир жамда 50-200 баштан ат-араба кармалган. Жаангер мамлекетти башкарууда өзүнүн жакындарына таянган.

Жаангер мамлекеттик башкаруу ишинде ислам мыйзам-эрежелерине негизделген. Анын Курааны карим жана Хадиси шарифтерге мамилеси чын жүрөктөн жана жогорку даражада болгон. Пайгамбарлардын мууну, ислам дини уламаларына болгон урматы чексиз эле. Мамлекетти күчтөнтүүдө да дал ушундай кишилерге таянып иш жүргүзгөн.

**Суюргал жерлер.** Амир Темур чоң мамлекеттин курамындагы өлкөлөрдү негизинен төрт улуска бөлүп, уулдары, неберелери жана кызмат көрсөткөн амирлерге суюргал иретинде тартуу кылган. Мавараунnахрдан тышкары өз кол астындагы бардык аймактарды жана мамлекеттерди Амир Темур өлүмүнөн бир аз мурда уул жана неберелери ортосунда төмөнкүдөй

бөлүштүргөн: Хурасан, Грузия, Мазандаран жана Сеистан (борбору **Герат**) – **Шахрух**ка, Батыш Иран, Азербайжан, Ирак жана Армения (борбору **Табриз**) – **Мираншах**ка, Персия, б.а. Ирандын түштүк бөлүгү (борбору **Шераз**) – **Умаршайх**ка, Ооганстан жана Түндүк Индия (борбору **Газна**, кийинчерээк **Балх**) – **Пирмухаммад**га суюргал кылып берилген.

Улустар борбордук бийликке баш ийсе да, бирок кандайдыр бир деңгээлде эркин болушкан. Улус башкаруучуларынын өз алдынча мамлекет вазирлери, аскердик кошууну болгон. Алардын борбордук бийликке баш ийүүсү хыраж (салык)дын бир бөлүгүн Самаркандга жиберип туруу жана жогорку башкаруучунун согуштук жортуулунда өз кошууну менен катышуу же талап кылынган аскерди жиберип туруу милдети болгон.

**Кошуундун түзүлүшү.** Амир Темур мамлекеттин көз карандысыздыгы жана коргонуу жаатындагы ички жана сырткы саясатында негизинен кошуунга таянган. Ошон үчүн да кошуун жетекчилерин тандоо жана аларды тарбиялоо, аскердик бөлүктөр жана алардын жайгашуу тартиби, аскер жана сарбаздардын куралдануусу жана ички тартип маселелерине өтө олуттуу көңүл бурган.

Жаангер тартиптүү кошун түзүүгө, салгылашуу убагында кошуун бөлүктөрүн чебердик менен башкарууга, салгылашуу тагдырын чече турган жайларга аскердик күчтөрдү тездик менен багыттоого, тосмолорду жана тоскоолдорду усталык менен жок кылууга, кошуундагы кужүрмөн рухту жогору даражада кармап турууга жетишкен.

Амир Темур кошуунуна чарбадарлар катары жергиликтүү калктан да аскер топтойт. Аскердик бөлүктөрүн вилаяттардан топтоо менен ***тавачы*** мансабындагы адамдар иш алып барган. Кошуунда аскердик күчтөрдүн негизин түзгөн атчан аскерлер менен бир катарда жөө аскерлер да кызмат кылган. Амир Темур кошууну сан жагынан анык түзүлгөн, анын кужүрмөн тартиби өнүгүп барган, өз заманынын алдыңкы курал жана техникасы менен камсыздалган, бөлүктөр бири-биринен кийим-кечек, желек жана туулары менен айырмаланган. Мындай айырмалануу салгылашууда кошуунду башкарууга ыңгайлуу болгон.

Амир Темурдун аскердик кошууну ондук аскердик бирикмелердин негизинде түзүлгөн согуштук бөлүктөрдөн турган.

Армия **түмөн** – он миңдик, **хазора** – миңдик, **кошуун** – жүздүк жана **айл** – ондук бөлүктөргө бөлүнгөн. Амир Темур он миңдик аскерди башкаруу үчүн **түмөн агасы**, миңдик бөлүк үчүн **мирихазора**, жүздүктөр үчүн **кошуунбашы** жана ондуктар үчүн болсо **айлбашы** өңдүү аскердик чиндерди белгилеген.

Жаангер Чыгышта биринчилерден болуп кошуунга от чачар куралды – замбиректи алып кирген. Тоолуу аймактарда салгылашуу аракеттерин алып баруучу атайын аскердик бөлүк жана бөлүнмөлөр уюштурулган. ***Ибн Арабшах***тын күбөлүк беришинче, Жаангердин кошуунунда аялдар бөлүнмөлөрү болуп, алар эркектер менен бир катарда турган, эрдик жана туруктуулуктун үлгүлөрүн көрсөтүшкөн.

**Салгылашууга кирүү усулу.** Согуштук жортуул мезгилинде алдыда *кабарчылар*, алардын арасынан *жасоол* бөлүгү, андан соң *маңдай* – авангард бөлүк барган. Алдыңкы аскердик топ менен кошуундун негизги бөлүктөрү аралыгында болсо кол башчынын туруу жайы (штабы) жана анын айланасында резерв бөлүктөр жайгаштырылган болуп, ал *«изофа»* деп аталган.

Амир Темур кошуунунун негизги согушчан бөлүгү *борбор*, оң – *бурангар* жана сол – *жувангар* канаттарынан турган. Ар бир канаттын алдында бирден кошумча коргоочу алдыңкы *авангард* тобу, ал эми айланасында болсо бирден коргоочу аскердик бөлүктөр – *канбулдар* болгон. Ошонун негизинде аскердик кошуун жети бөлүк – *колдордон* турган. **Шарафиддин Али Яздий** кошуунду жети колго – бөлүккө бөлүп жайгаштыруу тартибин биринчи жолу Амир Темур пайдаланган деп жазат. Бул топтор салгылашууда эркин аракеттенип, кол башчыга гана баш ийген.

Амир Темур салгылашуунун жаңы усулдарын колдонгон. Мисалы, согуш учурунда кошуундун канаттарын душмандын чабуулунан коргоо жана өз кезегинде душмандын күчтөрүн капталынан айланып өтүп, ага арттан сокку берүү максатында түзүлгөн – канбулдун колдонулушу болгон.

**Кошуундун түзүлүшү.** Амир Темурдун ар бир аскердик жортуулуна түрткү болоорлук себеп бар болгон. Бул себептер – өз мамлекетинин чек араларын чыңдоо, сырткы душмандардан коогоо, кербен жолдорун түрдүү жол тосоорлордон тазалоо,

чыккынчы, саткын, алдамчыларды жазалоо, баш ийбегендерди моюн сундуруу, өзүнүн саясий таасирин кеңейтүүдөн турган болгонун тарыхый булактардан билип алуу мүмкүн.

Амир Темурдун жардамында **Токтомуш Алтын Ордо**нун тактысын ээлейт. Кийинчерээк Токтомуш чыккынчылык жолуна кирет. Ал Амир Темурга каршы ачыкчасына күрөшкө өтөт. Натыйжада Амир Темур Токтомушка каршы үч жолу кошуун тартууга мажбур болот.

Соңку айыгышкан салгылашуу **1395-жылы 15-апрел**де Түндүк Кавказда **Тарак** (Терек) дарыясы боюнда болот. Мында Амир Темурдун кошууну душманга каршы аттан түшүп, аларга жаадан ок атуу усулун колдошкон. Ок жана кылыч соккусуна чыдай албаган Токтомуштун кошуунунун катары бузулуп, артка чегинет жана чачылып кетет. Токтомуш саналуу гана аскерлери менен качып токойзарларга кирет жана артынан куугунга алган аскерлерден жашынат. Россия тарыхчылары **Б.Д.Греков** жана **А.Ю.Якубовский**лердин айтымында Амир Темурдун Токтомуш үстүнөн ийгиликтүү жеңиши бир гана Орто Азия үчүн эмес, бүткүл Чыгыш Европа, ошондой эле Орус княздыктарынын биригүүсү үчүн да чоң мааниге ээ болгон.

Амир Темур өз мамлекетинин түштүк чек араларын чыңдоо жана кеңейтүү максатында **Иран, Азербайжан, Ирак, Сирияга** үч жолу жүрүш кылат. Бул жортуулдар тарыхта *үч жылдык, беш жылдык* жана *жети жылдык согуштар* деген ат алган. Амир Темур өз ыктыяры менен багынган, салык *(моли омон)* төлөгөн шаарларга тийбеген, кошуундарды мындай шаарларга киргизбеген. **1398–1399-жылдар**да Индияга жортуул жасайт жана Делини ээлейт.

Кең көлөмдүү аскердик согуштардын натыйжасында Жаангер Амир Темур мамлекетинин чек арасы Осмон-түрк мамлекетинин чек арасына барып жеткен. Амир Темур Осмон-түрктөр султаны **Баязид Йылдырым** менен мамилелерди жакшылоо максатында болгон. Ортодогу карама-каршылыктарды дипломатиялык жол менен чечүү максатында төрт жолу кат алмашуу–нун демөөрчүсү болгон. Ал эми Султан Баязид ар жолу кайсарлык кылып, менсингени, жадагалса, Амир Темурдун атына ар түрдүү ылайыксыз сөздөрдү жазганы тарыхый булактарда белгиленген. Баязид *каракоюндар, музаффарийлер, жалайи-*

*рий*лердин Амир Темурга каршы кыймылдарын колдоп-кубаттаган. Ушундай себептерден улам эки мамлекеттин ортосунда кагылышуу болушу айкын болуп калган.

Амир Темур менен Султан Баязид аскерлеринин ортосундагы чечүүчү салгылашуу **1402-жылы 20-июл**да Анкарага жакын Чубук деген жерде болгон. Бул салгылашуу тарыхта *«Анкара салгылашуусу»* деп аталат. Көпкө созулган айыгышкан салгылашууда Жаангердин күчтөрү түрк кошуунун талкалайт. Султан Баязид туткунга алынат.

Баязиддин үстүнөн жетишилген улуу жеңиш менен Амир Темурду Франция, Англия, о.э. Кастилия жана Леон королдору куттуктап, ага өз куттуктоо каттарын жиберишкен. Анткени, Жаангер эми гана өнүгүп жаткан Европага чоң кооп салып турган Осмонтүрк мамлекетине сокку берип, бүткүл Европанын куткаруучусуна айланган эле.

Кичи Азиядан Самаркандга кайткан Амир Темур **1404-жылдын 27-ноябрын**да 200 миң кошууну менен Самарканддан Кытайга каршы жортуулга чыгат. Бирок Кытайга жасалган жортуул Амир Темурдун кокусунан болгон өлүмү **(1405-жыл 18-февраль)** себеп ишке ашпай калды.

**«Темур түзүктөрү».** Амир Темур өзү тирүү кезинде анын согуштук өнөрү жана мамлекетти башкаруу усулуна таандык атайын чыгарма жаратылып, ал «**Темур түзүктөрү»** аты менен белгилүү болду. Анда мамлекетти башкарууда кимдерге таянуу керектиги, бийлик ээлеринин ишмердүүлүгүнүн тартиби — тутуму жана милдеттери, вазир жана кошуун башчыларын дайындоо тартиптери белгилеп берилген. Амир Темурдун *«... мамлекеттик иштердин тогуз үлүшүн кеңеш жана иш-чара менен, калган бир үлүшүн кылыч менен ишке ашырдым», «Күч – адилеттүүлүктө»* деген сөздөрү анын мамлекетти акылдуулук жана адилеттүүлүк менен башкарганынан кабар берет.

Ошентип, Амир Темур мамлекетти башкаруу жана аскердик тармакта өзүнө мүнөздүү усул жаратып, ушунун негизинде өзү түзгөн мамлекет менен дүйнө элдерин таң калтырды.

**1.** Амир Темур мамлекети кандай башкарылган?

**2** Амир Темур мамлекети доорундагы улустар жөнүндө эмнелерди билип алдың?

**3.** Суюргал жерлер кимдерге, эмне үчүн берилген?

**4.** Амир Темур  кошууну кандай тартипте түзүлгөн? Чынгызхандын кошуунунан эмнеси менен айырмаланган?
**5.** Амир Темур кандай усулда салгылашууга кирген?
**6.** «Темур түзүктөрүндө» эмнелер баяндалган?

**Төмөнкү жадыбалды Амир Темурдун мамлекеттик башкаруусу темасына тиешелүү маалыматтар менен толтур.**

| Мамлекеттик башкаруу | Улустар | Кошуундун түзүлүшү | Салгылашууга кирүү усулу |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 33-§. АМИР ТЕМУРДУН ТЫШКЫ САЯСАТЫ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Чыгыш жана Батыш өлкөлөр менен мамилелер, дипломатиялык байланыштар, элчилердин келүүсү, Улуу Жибек жолунда соода мамилелери.***

**Тышкы саясат.** Амир Темур бийлиги менен Византия, Түркия, Индия, Испания, Франция, Англия, Алтын Ордо, Монголия, Кытайга окшогон мамлекеттер экономикалык, саясий жана маданий байланыштар орнотту. Амир Темур бийлигинин тышкы саясаты өз алдына мамлекет коопсуздугун камсыздоо; кошуна мамлекеттерде өз таасирин бекемдөө; Түркия, Индия, Кытай, Венеция, Испания, Франция жана Англия менен экономикалык, элчилик, маданий байланыштарды орнотуу жана өнүктүрүү сыяктуу милдеттерди койгон.

**XIV кылымдын аягында** түзүлгөн белгилүү бир эл аралык кырдаал себеп Амир Темурдун мамлекети, Түркия, Египет жана Алтын Ордо эң кудуреттүү мамлекеттер катары саясий майданга чыгышты. Бул доордо Амир Темурга Монголия, Алтын Ордо жана Египет менен союздаш Осмон-түрктөрү каршы турушкан.

**Монголия менен мамилелер.** Мавараунназр монголдор баскынынан куткарылып, мамлекетте Амир Темурдун бийлиги орнотулду, бирок анын чек аралары али тынч эмес эле. Монголияда улус бектеринин козголоңдору жана алардын Ташкент вилаяты менен Фергана өрөөнүнө талоончулук чабуулдары болуп турчу. Түндүк тарапта Ак Ордодо Жөжи улусунун таажы-тактысы үчүн күрөш күчөгөн, алардын Харезм

өкүмдарлары менен кошулуп, Бухара, Чаржоу жана Каршы аймактарына кылган талоончулук жортуулдары уланып турган.

Буларды жок кылбай туруп, Амир Темур өз мамлекетинин коопсуздугун камсыздай албайт эле. Жазма булактар күбөлүк бергендей, Амир Темур бул маселени келишүүлөр жолу менен чечүүгө аракеттенди. Бирок пайдасы болбогон. Аны курал аркылуу чечүүгө аргасыз болгон. Амир Темур **1371-1390-жылдар**да алып барган жети жолку аскердик жортуулунан соң Монголияга тынчтык орнотуу жана аны өз таасир чөйрөсүнө киргизүүгө жетишкен.

**Египет менен байланыштар.** Амир Темур менен Египет султаны ***Баркук*** ортосундагы расмий байланыштар **1385-жыл**дан башталган эле. **1386-1405-жылдар**да Амир Темур менен Египет султандары, о. э. алардын Сириядагы жетекчилери ортосунда болжол менен 25 жолу кат жана элчилер алмашуусу болгон. Амир Темур Египет султаны ***Баркук*** менен достук мамилелери орнотулушун, соодагер жана сатуучулардын жайбаракат барды-келдилерди ишке ашыруулары, мындан кийин ортодо эч кандай чыр-чатак жана душмандык аракеттери болбостугу жөнүндөгү сунуштарын билдирип, элчилерин жөнөткөн эле. Бирок, ***Султан Баркук*** Амир Темур жөнөткөн элчилерди өлтүрүп, сунуштарын кабыл албады. Кийинчерээк Амир Темур Султан Баязидди жеңгенден соң, Египет өзүнүн баш ийгендигин билдирген.

**Алтын Ордо менен мамилелер.** **Токтомуш** Алтын Ордонун тактына Амир Темурдун жардамы менен келген болсо да, анын Маварауннахрдагы талоончулук жортуулдары күчөгөн. Мындан тышкары, Токтомуш Египет, Ирак жана Түркия менен аскердик союз түзүп, Амир Темурга сокку берүүгө аракет кылган. **1384-жыл**да Токтомушхандын элчиси Египет султаны ***Баркук*** менен жолугушуп, Амир Темурду жок кылууну сунуштайт. Мындай сунушка ошол жылы Египетке келген Түркия жана Сивас элчилери мамлекеттери Амир Темурга каршы болгон аскердик союзга кошулушун айтышкан. Түркия, Египет жана Алтын Ордонун өз ара жакындашуусу Амир Темурдун бийлигине олуттуу кооп туудурган. Ошон үчүн Амир Темур бул аскердик союздун аракетке келишине жол койбоду. Амир Темур

союздаштарды бирден катардан чыгаруу саясатын колдонду. **1395-жыл**да Токтомушханга, **1402-жыл**да Йылдырым Баязидге кыйраткыч сокку берди.

**Кытай жана Индия менен мамилелер.** Чыгыштын эң чоң мамлекеттеринен Кытай менен мамилелер Амир Темур доорунда бир кыйла олуттуу болгон эле. Буга Кытай өкүмдарларынын чоң мамлекеттик саясаты себеп болгон. Мин императорлору Кытайга кошуна болгон мамлекеттерди Кытайга көз каранды мамлекеттер деп эсептеген. Амир Темурдун элчилери жана соодагерлери алып барган белектерди болсо **олпоң** деп аташкан. Темур да Кытайдын элчилерине ошого жараша мамиледе болгон. ***Клавихо***нун маалыматтарына караганда, **1404-жыл**да Самаркандга келген Кытай императорунун элчилери башка мамлекет элчилеринен жогоруга отургузуп коюлган экен. Амир Темурдун буйругу менен алардын орду алмаштырып коюлган.

**Эл аралык саясий кырдаал.** Жаангер Амир Темур дүйнөнүн саясий турмушуна да таасир көрсөткөн. Белгилүү болгондой, бул мезгилде, бир жактан, султан Баязиддин Балкан жарым аралы мамлекеттерине карата кысымы күчөп, бүтүндөй Европага коол туудуруп жаткан эле. Экинчи жактан, Баязиддин өзү Батышты көздөй бара жаткан күчтүү атаандаш – Амир Темурдун күчтүү кысымына дуушар болгон. Мындай саясий кырдаалда Баязидге каршы күчтөрдүн белгилүү бир деңгээлде биригүүсү табигый абал эле.

Оболу, Баязидден жеңилип, өз жер-мүлктөрүнөн ажыраган Кичи Азия мамлекеттеринин бийлик өкүлдөрү Амир Темурдан колдоо сурап, анын Карабактагы ордосуна барып, орношушат. Атүгүл, Византия жана Галатадагы Генуя акиминин өкүлү, Франциянын королу о.э. Султания шаарынын католик миссионерлери жардам сурап Амир Темурга кайрылышкан. Мунун эсесине алар согуштук жүрүштө ага жардам берүүсү жана Константинополь менен Перанын Баязидге төлөп келген бажысын мындан ары Амир Темурга төлөөгө убада беришкен. Мындай сунушка Амир Темур макул болгон. Анткени Түркиянын деңиз боюндагы таянычынан ажыратуу үчүн ага деңизден колдоо керек эле. Ушинтип, XIV кылымдын аягы жана XV кылым баштарында султан Баязидге сокку берүү үчүн ыңгайлуу саясий кыр-

даал пайда болду. Бул абалдан Амир Темур кылдаттык менен пайдаланды.

**Элчилик байланыштары.** Анкарага жакын жердеги түрктөрдүн 160 миңдик кошууну үстүнөн жетишкен ийгиликтүү жеңишинен соң Амир Темурдун Батыш Европа мамлекеттери менен болгон мамилелеринин мазмуну түптөн өзгөрдү. Эми Амир Темур алар менен достук мамилелерди чыңдап, өз ара соода-сатык байланыштарын жолго коюу маселелерине көңүл бурган.

Амир Темур **1402-жылдын жайын**да Франция жана Англияга атайын элчилер аркылуу Карл VI жана Генрих IV түн наамына кат жолдогон. Элчилер Парижге **1403-жылы** май айында жетип барган. Элчилер эки мамлекеттин соодагерлери үчүн эркин соода мамилелерин алып барууну камсыздоо жана эгерде король о.э. герцогдор ыраазы болсо, бул эркин сооданы тийиштүү келишимдер менен бекемдөөнү сунуштайт.

Франция королу Карл VI 1403-жылы 15-июнда Амир Темурга жөнөткөн жооп катында белгилүү болгондой, Амир Темурдун сунуштары Франция тарабынан кабыл алынган.

Ошол эле мезгилде Амир Темурдун Англия королу **Генрих IV** менен жүргүзгөн дипломатиялык мамилелеринде батыш вилаяттардын акими **Мираншах** активдүү катышкан. Батыш Иран, Ирак, Азербайжан, Арменияны өз ичине алган мүлктөрдүн акими Мираншах Амир Темурдун жашы улгайып калган мезгилинде Батыш Европа өкүмдарларынын көңүлүн өзүнө бурган. Бул мезгилде ал Европа мамлекеттери менен өз ара соода байланышын жандантуу максатында христиан попторуна колдоо көрсөтүп, соодагерлердин коопсуздугун камсыздоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырган. Ошол себептүү Батышта **Мираншах** тез арада «*католик агымынын демөөрчүсү*» катары таанымал болгон.

Кастилия (Испания) королу **Генрих III** Чыгыш менен абдан кызыгып калган. **1402-жылдын жазын**да баштап Испаниянын элчилери Амир Темурдун Кичи Азиядагы сарайына жиберилген. Элчилерге Амир Темур жана Баязиддин күч-кудурети, байлыгы жана аскердик кошуунунун санын билүү о.э. алардын кол астында жашап жаткан элдердин үрп-адаттары, дини жана мыйзамдары жөнүндө так маалыматтарды чогултуу тапшырыл-

ган. Чыгыш жана Батыш мамлекеттери элчилери катары Испаниянын элчилери да Амир Темур тарабынан кабыл алынган, королдун атына жазылган атайын каттар жана тартуулар менен күзөтүлгөн. Аларга кошуп Амир Темур өзүнүн **Мухаммадказы** аттуу өкүлүн Испанияга элчи кылып жиберет. **Генрих III 1403-жылы** Амир Темурга экинчи жолу атайын элчилерин жиберет. Ага **Клавихо** жетекчи болуп дайындалат. **1403-жылы 21-май**да Испаниядан жөнөп кеткен элчилер Самаркандга келишкен. Испания элчилери Самаркандда Амир Темур тарабынан салтанаттуу түрдө күтүп алынып, аларга чоң урмат-сый көрсөтүлгөн.

**Клавихо** башчылык кылган Испания элчилери **1404-жылы** сентябрь-ноябрь айларында Самаркандда болушкан. Амир Темурдун Кытайга карай жортуулу себеп башка көп мамлекеттердин элчилери менен бир катарда Испания элчилери да **1404-жылдын 21-ноябрын**да Самарканддан жөнөтүп жиберилет. Клавихо Испанияга **1406-жылы март** айында кайтып барган. Клавихонун сапардан алган таасирленүүлөрү *«Улуу Темур тарыхы» жана «Темурдун ордосу», «Самаркандга саякат күндөлүгү»* аты менен испан тилинде басылып чыккан.

**Тышкы соода.** Амир Темур өз мамлекетинин борбору **Самарканд** шаарынын айланасында пайда болгон жаңы бир топ айылдарды Чыгыштын белгилүү шаарлары **Димишк** (Дамаск), **Миср** (Египет), **Багдад, Султания** жана **Шераз** аттары менен атаган. Анткени Самарканд чоңдугу, кооздугу жана тегерегинин абат кылынгандыгы жагынан дүйнөдөгү эң ири шаарлардан да жогору туруусу зарыл эле.

Тышкы соодада да Самарканд чоң орунду ээлеген. Самаркандда дүйнөнүн башка мамлекеттеринен, алсак, Хурасандан минералдар, Индия жана Синдден жакут (рубин), акак (алмаз), Кытайдан атлас, чай, жыпар жыттуу заттар ж.б. товарлар, башка мамлекеттерден алтын, күмүш алып келинген. **Клавихо** Кытайдын борбору Ханбалыктан 800 төөлүү соода кербени келгенин өз күндөлүгүндө жазып кеткен. Бул мезгилде Амир Темур жана анын жергиликтүү акимдери Кытай жана Индиядан Орто Азия аркылуу Жакынкы Чыгыш жана Европа мамлекеттерине баруучу эл аралык соода жолу – Улуу Жибек жолунда со-

ода кербендеринин коопсуздугун камсыздоо боюнча маанилүү иш-аракеттерди жасашкан. Чыгыш менен Батыштын ортосунда соода-сатык жана элчилик мамилелери кеңейген. Бул болсо Амир Темур мамлекетинин тышкы экономикалык жана элчилик мамилелеринин туруктуулугуна алып келген.

**1.** Амир Темур мамлекети менен кайсы мамлекеттер экономикалык, саясий жана маданий байланыштар орнотушту?
**2.** Амир Темур тышкы саясатта өз алдына кандай милдеттерди койгон?
**3.** XIV кылымдын аягында кайсы мамлекеттер эң кудуретүү мамлекеттер катары саясий майданга чыкты?
**4.** XV кылымдын башындагы эл аралык саясий кырдаал кандай эле?
**5.** Европа өкүмдарлары эмне үчүн Амир Темур менен дипломатиялык байланыштар орнотууга аракет кылышты?
6. Эмне үчүн Мираншах Батышта «католик агымынын демөөрчүсү» деген ат менен белгилүү болду?
**7.** Эмне үчүн Амир Темур Самарканд айланасындагы кыштактардын атын Чыгыштын белгилүү шаарларынын аталышы менен атады?

## 34-§. АМИР ТЕМУРДУН ДҮЙНӨЛҮК ТАРЫХТАГЫ ОРДУ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Амир Темурдун Мекенибиз жана дүйнөлүк тарыхтагы орду, Амир Темур дүйнөлүк жана улуттук тарыхчылардын жазуусунда, эгемендүүлүк жылдарында Амир Темурдун элесинин кайра калыбына келтирилиши.***

**Амир Темурдун Мекенибиз жана дүйнөлүк тарыхтагы орду.** Амир Темур 35 жыл бою мамлекетти башкарган. Индия жана Кытайдан Кара деңизге чейин жана Арал деңизинен Перс булуңуна чейинки өтө чоң аймакты өз ичине алган улуу мамлекетти түздү. Мындан тышкары, Кичи Азия, Сирия, Египет жана Төмөнкү Волга, Дон бойлору, Балхаш көлү жана Или дарыясы, Түндүк Индияга чейинки мамлекеттерди өзүнө баш ийдирген. Ал бир гана Маварауннахр жана Түркстандын гүлдөп-өсүүсүн камсыз кылбай, баш ийдирилген мамлекеттердин шаарларын

да кайра курдурду. **Багдад, Дербент** жана **Байлакан** шаарлары ушулардан болуп саналат. Кербен жолдоруна рабаттар, чептер, көпүрөлөр, шаарларда мечит жана медреселер курдурду, бак-дарактар жаратты. Эң маанилүүсү, Иран, Азербайжан жана Ирактагы бытырандылык жана башаламандыкты жоюп, Чыгыш менен Батышты байланыштыруучу байыркы кербен жолдорун кайра калыбына келтирди. Муну менен Маварауннахр, Ыраакы жана Жакынкы Чыгыш мамлекеттеринин экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө, элдер жана мамлекеттердин бири-бири менен жакындашуусуна чоң салым кошту. Амир Темур Европанын Франция, Англия жана Кастилия өңдүү ири королдуктары менен түздөн-түз соода жана дипломатиялык мамилелер орнотту.

Саясий бытырандылык жоюлуп, борборлошкон мамлекеттин пайда болушу көп жакшы натыйжаларга алып келди. Мамлекеттин өндүрүү күчтөрүн жана монголдордун бир жарым кылымдык эзүүсү натыйжасында оор абалга туш болгон экономиканы кайра калыбына келтирүүгө шарт түзүлдү. Ошол эле учурда чарбачылыктын негизи болгон сугарма дыйканчылыкта белгилүү бир өзгөрүүлөр болду. Жаңы-жаңы каналдар казылды, сугат аянттары кеңейтилди. Кол өнөрчүлүк, ички жана тышкы соода өнүктү, илим жана маданият гүлдөп өстү, шаарлар кооз болуп, элдин саны көбөйдү.

**Амир Темур дүйнөлүк жана улуттук тарыхчылардын жазуусунда.** Жаангер Амир Темур белгилүү мамлекеттик ишмер, чебер колбашчы катары Өзбекстанда мамлекеттүүлүктүн түзүлүшүнүн өнүгүшүндө маанилүү орун ээлейт. Тарыхый булактарда Амир Темур Жаангер деген ат менен бир катарда *«Дүйнөнүн ээси»* (Sohibi jahon) о.э. *«Адилеттүүлүктүн ээси»* (Sohibi adl) аттары менен да улууланат, даңкталат. Эл аралык ЮНЕСКО уюмунун демилгеси менен 1996-жылы Амир Темурдун туулган күнү кең көлөмдө белгиленди жана ушул жыл «Амир Темур жылы» деп жарыяланды.

*Амир Темурдун негизги тарыхый кызматы дал анын бийлиги мезгилинде Европа жана Азия континенттери алгачкы жолу өздөрүнүн бир геосаясаттык майданда жашап жатканын сезишкендигинде.*

*Бул, айрыкча, бүгүн өтө маанилүү. Анткени адамзат түшүндү, биз бардыгыбыз бири-бирине катуу байланган, өз*

*ара байланыштуулукта жашайт экенбиз, демек, эми жаңы жана коопсуз дүйнөлүк тартипти орнотуу үчүн мүмкүнчүлүк пайда болду.*

**И.А.Каримов, Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти**

**1402-жыл**да дүйнөгө, айрыкча, Балкан жарым аралы о.э, элдер жана мамлекеттерге коркунуч салган Түркия султаны ***Баязид I Йылдырым*** кыйратылгандан кийин, француздар Амир Темурдун алтындан айкелин куйдуруп, астына «Европанын куткаруучусу» деп жаздырып коюлган экен. Бүгүн бул улуу затты улуу жаратман, улуу мамлекет ишмери, мыкты кол башчы, илим жана маданияттын демөөрчүсү катарында бүтүн дүйнө тааныды. Мамлекет ишмерлери, аалым, акылдуу кишилер азирети жаангер жөнүндө жакшы пикирлерди айтып жатышат, анын өмүрү жана эмгегине жогору баа берүүдө.

Европа аалымдарынын Амир Темурдун өздүгүнө жана анын эмгегине кызыгуусу XVI кылымдан башталган эле. **1553-жылы** Италиянын Флоренция шаарында италиялык аалым ***Перондино***нун «*Скифиялык Тамерландын улуулугу*» чыгармасы басылып чыкты. Бул Европалык аалымдардын Амир Темур жөнүндөгү биринчи илимий изилдөөлөрү эле. Ушул кылымда испан тарыхчысы ***Перо Мексика***нын «*Улуу Темур тарыхы*» чыгармасы басмадан чыкты. **1582-жылы** Севилияда белгилүү Испания элчиси ***Клавихо***нун «*Эстеликтери*» басмадан чыкты. Англис драматургу ***Христофор Морло***нун «*Улуу Темур*» аттуу сахна чыгармасы да ушул кылымда жаратылды. Ошондон бери улуу Жаангерге аталган чыгармалар токтободу. Азыркы убакка келип Амир Темур жана Темурийлер жөнүндө 33 мамлектте 500 дөн артык чет элдик изилдөөчүлөрдүн чыгармалары басмадан чыккан.

Советтер союзу доорунда Амир Темурдун өздүгү жана эмгегине адилетсиздик менен жандашып, бир жактуу баа берип келинди. Ошого карабастан, **1968-жыл**да философ аалым ***И.М.Моминов***дун «*Амир Темурдун Орто Азия тарыхында туткан орду*» чыгармасынын басмадан чыгышы жамаатчылыктын бул темага кызыгуусун дагы да күчөтүп жиберди. Чыгарма кескин сынга учурады. Бирок, ***И.М.Моминовд***ун Амир Темур-

дун өздүгүн үйрөнүү демилгеси менен чыгышы бул анын илимий баатырдык жана жогору патриоттук сапаттарынын жаркын баяны болду.

*...мындай өздүктүн пайда болушу доордун, замандын талабы, Чыгатай улусунун зулуму, майда феодал бектеринин ырайымсыз эзиши, монгол хандары, Алтын Орда бектеринин Маварауннахрга токтоосуз баскынчылык жүрүштөрү, азапталган, жексен болгон, 150 жыл бою чет эл өкүмдарлыгынан алдан тайган мамлекеттин, элдин эгемендикке жетишүү талабы эле. Бул тарыхый зарылдык Темурда, анын колбашчыларында анык көрүндү, Темур мамлекет башкаруучусу катары маалым даражада бул зарылдык талабын өзүндө көрсөттү жана Маварауннахрда эркин борбордук бириккен мамлекет түздү, мамлекет талаптарына жооп берди.*

**И.М.Моминов**

**Эгемендүүлүк жылдарында Амир Темур элесинин кайра калыбына келтирилиши.** Өзбекстан Эгемендүүлүккө жетишкенден соң Өзбекстандын биринчи президенти ***Ислам Каримовдун*** аракети менен Амир Темурдун дүйнөлүк тарыхта туткан орду өз жайына коюлду. Өзбекстанда анын эмгегин үйрөнүүгө жана аны жалпылаштырууга кең жол ачылды. Амир Темурдун наа-мы Өзбекстанда түбөлүктөштүрүлдү. Көптөгөн шаар жана кыштактардагы чоң көчөлөр, майдандар, жамаат чарбалары, мектептер, кино театрлар жана башкалар анын наамы менен аталат.

***Ислам Каримовдун*** демилгеси жана көрсөтмөсүндө Ташкент, Самарканд, Шахрисабз жана башка шаарлардын борбордук майдандарында Амир Темурга эстелик орнотулду. **1995-жыл**да *Эл аралык Амир Темур фонду* уюштурулду. **1996-жыл**да Ташкенттеги Амир Темур багында *Темурийлер доору музейи* ачылды, “*Амир Темур*” ордени уюштурулду.

**2017-жыл 30-июн**да Өзбекстан Республикасы Президенти ***Ш.М.Мирзиёев*** “Камолот” жаштар социалдык аракетинин IV курултайында окуган докладында жаштарга аскердик таалим-тарбия бере турган курсанттар мектептерине “***Темурбектер мектеби***” деп наам берүү сунушун алдыга сүрдү жана ушул сунуш жаштар тарабынан жылуу кабыл алынды.

**1.** Амир Темурдун Мекенибиз жана дүйнө тарыхында тут-кан орду жөнүндө өз ойлоруңду айт.

**2.** Амир Темур кандай наамдар менен улууланган?

**3.** Кайсы окуядан соң Амир Темурдун абрюю Европада артып кеткен? Эмне үчүн дал ушул окуядан соң деп ойлойсуң?

**4.** Европа окумуштууларынын Амир Темурдун өздүгү жана иштерине кызыгуусу качандан башталган?

**5.** И.М.Моминовдун китеби неге сынга кабылган деп ойлойсуң?

**6.** Эгемендүүлүккө жеткенден соң Амир Темурдун наамын түбөлүктөштүрүү үчүн аткарылган иштер жөнүндө кошумча маалымат чогулт. Амир Темур жөнүндө кандай китептерди окугансың? Алардын мазмунун айтып бер.

## 35-§. ТЕМУРИЙЛЕР ДООРУНУНДАГЫ САЯСИЙ ЖАРАЯНДАР

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Карама-каршы күч (оппозиция), мамлекет бийлиги үчүн күрөш, Шахрух бийлигинин орношу.***

**Бийлик үчүн күрөш.** Жаангер **1405-жылдын 18-февралында** Кытайга карай жасаган жүрүшү учурунда, ызгаардуу кышта, Отрар шаарында каза болду. Амир Темур каза болгондон соң, анын бир канча он жылдар бою өзүнүн аракеттери натыйжасында түзгөн ири мамлекети ыдырай баштайт. Мунун негизги себеби мамлекеттин курамындагы жерлер жана элдер бири-биринен алыс аралыктарда жайгашкан болуп, аларды борбордон туруп башкаруу кыйын эле. Мындан сырткары алардагы карама-каршы күчтөр ажыралып чыгуу үчүн ушундай ыңгайлуу шартты күткөн эле.

Мамлекеттин ыдыроосуна Амир Темурдун мураскорлору ортосундагы бийлик үчүн узак жылдарга созулган өз ара чыр-чатак жана согуштар да себеп болгон.

Амир Темур өлүмүнөн мурда бийлик мураскору деп небереси **Пирмухаммадды** (Кабул, Кандахар жана Индия вилааттарынын өкүмдары) дайындаган болсо да, бирок Мираншахтын уулу **Халил Султан Мырза** ээн баштык менен **1405-жылдын 18-мартында** Самаркандды ээлеп, өзүн Маварауннахрдын башкы өкүмдары деп жарыялайт. Пирмухаммаддын жолун тосуп,

анын пландарын бузуу максатында жадагалса Амударыянын оң жагындагы жерлерди да өз бийлигине кошуп алат.

Халил Султан чоң атасынан калган казыналар аркылуу Жаангердин кадырлуу сарай кызматкерлери жана башка асылзаадаларды өзүнө каратып алган болсо да, көп убакыт өтпөй Амир Темурдун эң жакын амирлери, вилаят акимдери жана шаазаадалардын кескин наразылыгына, карама-каршылыгына туш болот. Биринчи болуп Түркстан жана Фергана акими амир **Худайдат** менен **Шайх Нуриддин** Халил Султанга каршы баш көтөргөн. Жадагалса Халил Султандын өз иниси **Султан Хусайн Мырза** Амударыянын сол жээктериндеги вилаяттарда өз бийлигин орнотуу максатында агасына каршы баш көтөрөт. Өз кезегинде Амир Темур бийлигинин мыйзамдуу муроскору Пирмухаммад Амударыядан кечип өтүп, Халил Султанга каршы Насаф жакка кошуун тартат. Маварауннахрда башталган өз ара династиялык күрөштөр мына ушинтип күч алат.

Натыйжада Хурасанда **Шахрух**, Балх, Газна жана Кандахарда **Пирмухаммад**, Батыш Иран жана Азербайжанда Мираншахтын уулдары **Умаршайх Мырза** менен **Абу Бакр Мырза**лар чексиз аким болуп алышат. Сырдарыядан түндүктө жайгашкан вилаяттар: Түркстан, Сарбан, Отрар, Сайрам амир **Бердибек**тин кол астында калат. Оротөбө менен Ферганаinto амир **Худайдат Хусайний** ээлеп алган. Ал эми Харезмди болсо Алтын Ордонун атактуу амирлеринен **Идику** басып алган. **Пирмухаммад 1407-жылы 22-феврал**да вазири Пир Али Таз башчылыгындагы каршы күчтөрдүн колунан каза болот. 1408-жылы 22-апрель күнү Каракоюндуу түркмөндөрдүн уруу башчысы **Кара Юсуф** менен болгон салгылашууда Мираншах өлөт. Азербайжан жана Ирак вилаяттары темурийлердин колунан кетет.

**1409-жыл**дын жазында Маварауннахрда кырдаал ого бетер курчуйт. Амир Худайдат Оротөбө жана Шахрухия шаарларын оңой эле колго киритип, Самарканд жакка кошуун тарат. **Шеразга жакын жердеги** Зарафшан дарыясы боюнда болуп өткөн салгылашууда **Халил Султан**дын кошууну жеңилет, өзү болсо туткунга түшөт.

**Шахрухтун бийлигинин орношу.** Бул мезгилде Хурасандагы амирлер козголоңун бастырууга үлгүргөн Шахрух эми бүткүл көңүлүн Маварауннахрга каратат. Анткени ал ата меке-

нинде болуп жаткан окуяларга көңүлкош боло албаган. **1409-жылы 25-апрел**де ал Амударыядан өтүп, Самарканды көздөй жортуул жасайт. Беш жылга созулган өз ара согуш жана карама-каршылыктар элдин нараазычылыгына себеп болгон эле. Ошондуктан да темурийлер жана амирлер ортосундагы күрөштү токтотуу максатында Шахрух баштаган аракет мамлекет калкынын көпчүлүк катмарлары тарабынан колдоого алынган. Ошондуктан, Мавараузннахрдагы баш аламандыкка чек коюлуп, Мавараuннахр жана Хурасанда Шахрух өз бийлигин орнотот жана мамлекетте тынчтык жана бейпилдик өкүм сүрө баштайт.

Шахрухтун узак жылдар бою бийлик жүргүзүүсүндө Амир Темур мамлекетинин негизги бөлүгү анын кол астында сакталып калса да, бирок бул улуу мамлекет эки өлкөгө бөлүнгөн эле. Алардын бири Амударыянын түштүгүндө жайгашкан Шахрух бийлик жүргүзгөн мамлекет болуп, анын борбору Герат (Хират) шаары эле. Экинчиси болсо Амударыянын түндүгүндө Мавераuннахр жана Түркстан аймагында Улукбектин бийлиги астындагы мамлекет болуп, анын борбору Самарканд эле.

**1.** Амир Темур мамлекетинин ыдыроо себептери эмнеде?
**2.** Сен Халил Султандын иш аракетине кандай баа бересиң?
**3.** Шахрух Мырза качан Самаркандга жортуул жасады, эмне үчүн аны эл колдоп-кубаттады?
**4.** Ойлонуп көр, мамлекеттин ыдырашы ошол жерде жашаган элдердин турмушуна кандай таасир көрсөттү?

## 36-§. МЫРЗА УЛУКБЕКТИН ӨКҮМДАРЛЫГЫ ДООРУНДАГЫ МАВАРАУННАХР

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Улукбектин саясий майданга чыгышы. Улукбектин ички жана тышкы саясаты, Улукбек трагедиясы.***

**Улукбек – Мавараuннахр өкүмдары.** **1409-жылы Шахрух** Самарканддан Гератка кайтып келе жатып он беш жаштуу **Мырза Улукбек**ти Мавараuннахр жана Түркстанга аким кылып дайындайт. Улукбек (1394–1449) Мавараuннахр менен Түркстандын акими деп жарыяланган болсо да, чындыгында

анын бийлигинин чек аралары баштап Самарканд, Бухара жана Насаф вилаяттары менен гана чектелген. Анткени Шахрух тарабынан Ферганадан Өзгөнгө чейин – **Амирак Ахмад**га, Гисары-Шадман болсо Мухаммад Жахангирге берилген эле. Ал эми Түркстан Шайх Нуриддиндин колунда эле. Ошол убакта ал Улукбекке да, Шахрухка да баш ийбейт эле. Ошондуктан да мамлекет тынч эмес болчу.



**Мырза Улукбек.**

Шайх Нуриддин Түркстан менен канааттанбайт. **1410-жылы** 20-апрелде Самарканд жакынында **Кызылрабатта козголоңчу** союздаштар менен Мырза Улукбектин кошууну ортосунда салгылашуу болот. Салгылашууда Улукбек жеңилип, Калифке чегинет. Шахрух Самаркандга жетип келип, Шайх Нуриддин козголоңун бастырат. 1412-жылдан баштап Маварауннахр жана Түркстанды толук башкаруу 18 жаштагы Улукбектин колуна өтөт. Улукбек 1414-жылы Фергана жана Кашкарды ээлейт.

**1413-жылы** Шахрух тарабынан Харезм Алтын Ордо хандарынан кайтарып алынгандан соң, Улукбек мамлекетинин батыш жана түштүк чек араларынын коопсуздугу турукташкан болсо да, бирок анын түндүк-батыш жана түндүк-чыгышы али да болсо тынч эмес эле. Ошол себептүү Улукбек Кыпчак Талааларында башталган өз ара карама-каршылыкка да, Монголстанда күч алган ички күрөштөргө да олуттуу көңүл бурууга жана аралашууга мажбур болгон.

Улукбек атасынын ыраазылыгы менен 1425-жылы эрте жазда Монголстанга жортуул баштайт. Ысык-Көлгө жакын жерде болуп өткөн салгылашууда Улукбек монголдор үстүнөн жеңишке жетишет жана жергиликтүү каршылаш күчтөрдү жоюп, мамлекеттин чыгыш чек араларын чыңдайт. Колго киргизилген олжолор арасында эки бөлүк нефрит ташы да бар эле. Кийинчерээк бул нефриттен Амир Темурдун мавзолейи үчүн мүрзө ташы жасаттырылат.

Монголстанда болгон бул согушта Улукбектин жеңишинин урматына Жызак жакынындагы Жыланөттү капчыгайынын

ичинде хижрий **828 (1425)-жылы** Улукбек тарабынан аска ташка ойдуруп жаздырылган өзүнө мүнөздүү «зафарнаама» (Жеңиш каты) азыркы күнгө чейин сакталган. Кыпчак Талааларына каршы жортуулунда Улукбектин иши оңунан келбейт. Атасы Шахрухтун чоң кошуун менен жетип келүүсү гана Улукбекти кырсыктан сактап калган.

**Бийлик үчүн күрөш**. Шахрух **1447-жылы 12-март** күнү небереси **Султан** Мухаммаддын козголоңун бастыруу убагында Рай аймагында ордуна мураскор белгилөөгө үлгүрбөй ааламдан өтөт. **Шахрухтун** өлүмүнөн соң дароо Хурасан жана Маварауннахрда темурий шаазаадалар ортосунда бийлик үчүн күрөш дагы күч алган. Мамлекеттин ичинде туруктуулук болбой, социалдык-саясий кыйынчылыктар пайда болгон. Адат боюнча бийликке Шахрухтун туңгуч уулу **Улукбек** келиши керек эле. Бирок бийликти Байсунгурдун уулу **Алауддавла** ээлейт. Бийлик үчүн дагы күрөш башталат.

Өз башымча шаазаадалар **Улукбек**ке каршы аракет баштайт жана **1447-жылы** жазда **Алауддавла** Улукбектин чоң уулу **Абдуллатиф**тин кошуунун талкалап, өзүн туткунга алат. Улукбек Алауддавла менен тынчтык келишимин түзүүгө мажбур болот. Буга ылайык, **Абдуллатиф** азаттыкка чыгат, **Улукбек** болсо Герат жана Хурасандан баш тартат. Көп өтпөй келишим бузулат. 1448-жылы жазда **Улукбек** менен **Абдуллатиф**тин 90 миң кишилик бириккен кошууну Гератка карай жортуул жасайт. Тарнабка жакын жердеги салгылашууда **Алауддавла**нын кошууну талкаланат, Герат колго алынат. **Улукбек** Хурасанда **Абдуллатиф**ти калтырып, өзү Самаркандга кайтат. Анткени, Маварауннахрда Улукбекке каршы козголоң башталган эле.

**Абдуллатиф**, чоң атасы Шахрухтун Гераттагы тактына олтурууга жетишкен болсо да, анда атасына каршы ичи каралык пайда болот. Жеңиш жөнүндөгү айлана-чөйрөгө жиберилген кабарларда Абдуллатифтин аты иниси Абдулазизден кийин тилге алынышы, Ыктыяриддин калаасындагы казынаны Улукбек тарабынан алып коюлушу өтө өзүмчүл, мал-дүйнөгө өч Абдуллатиф үчүн шылтоо болот. Ал атасынын душмандары менен жашыруун түрдө тил бириктирип, Улукбекке каршы тымызын иш жүргүзө баштайт. Абдуллатиф Гератта бар болгону он беш күн акимдик кылат. **Абулкасым Бабурдун** кошууну шаарга

жакындашып келе жатканынан кабар таап, борборду согушсуз бошотуп, Маварауннахрды көздөй качат. Улукбектин буйругу менен Балхка аким болуп дайындалган соң, вилаятта *«тамга»* салыгын жокко чыгарып, соодагерлерди өзүнө оодуруп алат. Атасынан наараазы болгон амирлерди айланасына чогултат. Жадагалса, Абулкасым Бабур менен байланышып, аны биргеликте Улукбекке каршы күрөшүүгө үндөйт. Ошентип, Абдуллатиф өз атасына каршы ачыктан-ачык душмандык жолуна өтөт.

**Улукбек трагедиясы.** Мамлекеттин биримдигин сактап калуу үчүн Улукбекте өзүнүн козголоңчу жана айлакер уулуна каршы жүрүш жасоодон башка аргасы калбайт. Бирок мамлекетте саясий кырдаал татаалдашып, Улукбектин абалын ого бетер кыйындаштырат.

Гераттан Самаркандка кайтып келе жатып Улукбек алды жактан Кыпчак Талаасы көчмөндөрүнүн чабуулуна туш болот. Абулхайрхан башчылыгындагы көчмөндөр ошондо Ташкент, Шахрухия, Самарканд жана Бухаранын айланасындагы айыл-кыштактарды талап-тоноп, шаар айланасындагы падыша жана бийлик төбөлдөрүнүн бактарын, эс алчу жайларын кыйратышат. Эки жактан келген душмандар менен болгон кагылышуулар натыйжасында Улукбектин кошууну катуу бүлгүнүүгө учурап, начарлап калат. Ошол мезгилде Самаркандда убактылуу аким кылып калтырылган Улукбектин кичүү уулу Абдулазизге каршы Самарканд амирлеринин наараазылыктары күчөп, Улукбек аны бастырууга мажбур болот.

Атасынын кыйын абалда калганын күзөтүп турган Абдуллатиф ыңгайлуу шарттан пайдаланып, баш көтөрөт жана Амударыядан кечип өтүп, Термез, Шахрисабз жана Хузарды оңой эле ээлеп алат. Андан соң Самаркандды көздөй жол тартат. **1449-жылы октябр**да *Дамашк кыштагы* жанында катуу салгылашуу болот жана бул салгылашууда Улукбек жеңилип калат. Самарканд амири **Мираншах Кавчин** шаар дарбазаларын жаап, Улукбекти шаар ичине киргизбей коёт. Ал Шахрухияга да кире албайт жана Абдуллатифке багынууга мажбур болот. Шаар казыйы **Шамсиддин Мухаммад Мискин**дин каршылыгына карабастан, Абдуллатиф караөзгөй уламалардын жашыруун фатвасын чыгартып, атасынын өлтүрүлүшүн уюштурат. **1449-жылы** Мырза Улукбек 55 жашында кайгылуу өлүм табат.

Ошентип, Улукбек Мавараннахрды кырк жыл башкарган. Бул мезгилде мамлекеттин саясий турмушунда кескин күрөштөр болгонуна карабай, мамлекетти чыңдоого, анын биримдигин сактап калууга жана маданий турмуш деңгээлин жогорулатууга, өнүктүрүүгө аракет кылды.

1. Улукбектин Мавараннахр өкүмдары болушу кандайча болгон?
2. Улукбек эмне үчүн жана каерлерге согуштук жортуулдар жасаган?
3. Шахрухтун өлүмүнөн кийин кандай окуялар болуп өттү?
4. Улукбектин трагедиялуу тагдыры жөнүндө сүйлөп бер.
5. Улукбек 40 жылдык бийлигинде мамлекетти башкарууда эмнелерге көңүл бурду?
6. Атасын өлтүргөн Абдуллатиф жөнүндө сенин пикириң кандай?

## 37-§. ТЕМУРИЙЛЕР МАМЛЕКЕТИНИН КРИЗИСКЕ ЖҮЗ БУРУШУ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Саясий туруксуздук, мамлекеттин талкалануусунун башталышы, Хурасандагы абал.***

**Саясий туруксуздук.** Улукбек өлгөндөн кийин, арадан бир нече күн өтүп, **Абдуллатиф** бийлик үчүн атаандашынан кутулуу максатында өз иниси **Абдулазиз**ди жана атасына берилип кызмат кылган амирлерди өлтүртүп, темурийлердин Мавараннахрдагы бийлигин биротоло ээлеп алды. Мамлекет атуулдары тарабынан өз атасын өлтүргөн («падаркүш») деп наалатталган Абдуллатиф жана анын жактоочулары бийликте узак мезгил тура албады. Арадан алты жарым ай өтүп-өтпөй Абдуллатифке каршы сарайда тымызын иш-аракет уюштурулуп, ал өлтүрүлгөн. Анын башы Регистан аянтында Улукбек медресесинин маңдайына асып коюлду.

Каршылаш күчтөр Самаркандда Шахрухтун небереси **Мырза Абдуллахты**, Бухарада Мираншахтын небереси **Абу Сайидди** өкүмдар деп шайлашат. Натыйжада алардын ортосунда бийлик үчүн дагы күрөш башталат.

Мавараннахр жана Хурасанда дайыма болуп турууучу өз ара күрөштөр Кыпчак Талаасындагы өкүмдарлар үчүн абдан кол келди. **1451-жылы Абулхайрхан** чоң кошуун менен **Абу Сайиддин** жардамы жана катышуусунда Ташкент, Чыназ жана Жызак

аркылуу Самаркандга Мырза Абдуллахка каршы жүрүш кылат. Шераз кыштагы жанындагы Булунгур суусу боюнда салгылашуу болот. Согушта Мырза Абдуллах жеңилет жана салгылашууда курман болот. Ошентип, Абулхайрхандын жардамында Абу Сайид Самаркандды ээлеп, Маварауннахрга аким болуп алат.

Хурасан бул мезгилде Шахрухтун небереси Абулкасым Бабурдун кол астында эле. Бул мезгилде Хурасанда саясий бытырандылык пайда болуп, ал он бир бөлүккө бөлүнүп кеткен эле. Алардын ортосунда өз ара тынымсыз согуштар болуп турган. **1457-жылы Абулкасым Бабур** өлгөн соң, абал дагы кыйындашат. Хурасанда да, Гератта да бийлик үчүн күрөш жүрүп, бирок алардын эч кимиси мамлекетти башкара ала турган күчкө ээ эмес эле. Мындай ыңгайлуу абалдан пайдаланган **Абу Сайид 1457-жылы** Гератта бийликти ээлеп, эки бөлүккө бөлүнгөн өлкөнү бириктирүүгө жетишет. Бирок аймак акимдеринин эркин бийликке умтулуусун, бытырандылыкты жої албайт. Айрыкча Абулкасым Бабурдун өлүмүнөн соң Харезмди ээлеп алган Умаршайх Мырзанын урпагы Султан Хусайндын козголоңу баарынан да көбүрөөк тынчсыздандырган.

**1469-жылы** эрте жазда **Абу Сайид** Азербайжан, Батыш Иран жана Иракка чейинки болгон вилаяттарды ээлеп турган түркмөндөргө каршы салгылашууда курман болот. Атасынын өлүмүнөн соң Абу Сайиддин мураскорлору Султан Хусайн менен беттешүүгө батына албай, Маварауннахрга кайтып кетишет. **1469-жылы 24-мартта Султан Хусайн** Хурасандын акими катарында салтанаттуу түрдө Гератка кирип келет. Натыйжада Темурийлер мамлекети дагы эки эркин бөлүккө: Султан Хусайн бийлиги астындагы Хурасан жана Абу Сайид уулу **Султан Ахмад** бийлиги астындагы Маварауннахрга бөлүнүп кетет.

**Бытырандылык.** Маварауннахрда Абу Сайиддин уулдары: эң биринчи **Султан Ахмад** (1469–1494), кийин **Султан Махмуд** (1494–1495) жана дагы кийинчерээк Махмуддун уулу **Султан Али** (1498–1500) өз алдынча бийлик жүргүзүштү. Бирок Маварауннахрда бытырандылык дагы да күч алат. Бул убакта Маварауннахр өз ара чырдашып жаткан темурий шаазаадалар башчылык кылып турган көп вилаяттарга бөлүнүп кеткен. Мамлекеттин, эл-журттун башына түшкөн чоң кыйынчылык мезгилде дин уламаларынан бири **Кожо Убайдуллах Ахрар**

мүшкүлдөрдү жоюу жолунда бир нече жолу демилге көрсөткөн. **1454-жылы** Герат акими Абулкасым Бабур Маварауннахрга чабуул жасап, Самаркандды курчоого алганда, Кожо Убайдуллах Ахрар жаңжалга олуттуу түрдө аралашып, атаандаштарды бири-бири менен жараштырат.

**Султан Хусайн жана Алишер Наваий.** Султан Хусайн Байкара Амударыянын түштүгүндөгү жерлерде бийлик жүргүзгөн. Ал өз курамына Хурасан, Харезм о.э. Чыгыш жана Түндүк Иран вилаяттарын бириктирген. Ал дээрлик 40 жыл өкүм жүргүзгөн темурийлердин соңку ири өкүмдары болуп, анын доорунда шаазаада жана амирлердин баш аламандыгына карабастан мамлекеттин чарбалык жана маданий турмушу жогорулаган. Хурасандын өсүп-өнүгүүсүндө өз заманынын ишкер жана акылдуу өкүмдары Султан Хусайн менен бир катарда улуу акын жана мамлекеттик ишмер Алишер Наваийдин да кызматы өтө чоң болгон.

**Алишер Наваий 1441-жылы** Гератта төрөлгөн. Анын ата-бабалары темурийлер сарайында кызмат кылган. Султан Хусайн менен Алишер бир мектепте окушкан. Алар балалык чагынан Хурасан өкүмдары Абулкасым Бабур кызматында болушкан. Анын өлүмүнөн соң 12 жыл бою башка-башка шаарларда жашашкан. Хусайн бул мезгилде башта Харезмде, соң Хурасандын Обивард, Ниса, Мешхед жана башка аймактарында жер кезип жүрүп, күч топтоп Абу Сайидке каршы козголоң көтөрөт. Алишер Наваий бул жылдары Мешхед жана Гератта окуйт.  Ошол мезгилдерде эле ал акындык таланты менен чоң атак-даңкка жетишкен. Жаштыгынан Султан Хусайн менен жакын болгон Алишер өзүнө карата Абу Сайиддин жаман ниети барлыгын сезип калган соң, Самаркандга барып, бир аз убакыт ошол жерде жашоого мажбур болгон. Самаркандда илим-билим жана поэзия менен алектенет. Бул жерде ал таанымал окумуштуу, философия, логика, укук, араб тили, адабият жана ыр дүйнөсүнүн курч билимдүү өкүлү **Фазлуллах Абуллайс Самаркандий**ден сабак алат. **1469-жылы** Султан Хусайн Гератты ээлегенден соң, Наваийди өз алдына чакырат. Алишерди ал алгач *мөөр* (печать)*чүлүк* кызматына, кийинчерээк болсо *вазир* кылып дайындайт.

Султан Хусайндын бийлиги доорунда Алишер Наваий өлкөдө бекем борборлошкон мамлекеттин пайда болушу, ай-

мактардын гүлдөп-өсүүсү, кыштактарда дыйканчылык, шаарларда кол өнөрчүлүк жана сооданын кең өнүгүүсү жолунда кызмат кылган. Алишер Наваий адабият, искусство жана илимдин өнүгүүсүн, элдин бейпил-тынч жашоосун жактаган.

Бирок Султан Хусайндын мемлекети Алишер ойлогондой өнүкпөйт. Суюргал тартибине негизделген бул мамлекетте, бир жактан вилаят өкүмдарлары, жадагалса бийлик мураскорлору **Бадиуззаман** менен **Музаффар Хусайн Мырза** козголондору болуп өтөт. Экинчи жактан, зордук-зомбулук натыйжасында Герат жана анын вилаяттарында элдик козголоңдор башталган. Үчүнчүдөн, өз таламдарын көздөгөн ач көз сарай жетекчилери арасында баш аламандык, түрдүү жалган жалаа, ушак-айыңдарды ырбатышып, бул саздакка Султан Хусайнды да батырышат. Мындай абал, шексиз түрдө, башкы вазир кызматында турган акылман Наваийди сарайдан, ал тургай борбордон ыраакташына алып келет.

Ошентип, XV кылымдын экинчи жарымындагы туруксуз саясий кырдаал себеп Темурийлер империясы кризиске жүз бурду.

1. Өз атасынын өлүмүн уюштурган Абдуллатифдин тагдыры кандай аяктады?
2. Султан Абу Сайид кандай жол менен Маварауннахрда бийликти ээледи?
3. Хурасандагы кырдаал кандай эле?
4. Султан Абу Сайид Герат тактысын качан, кандай ээлеген, кайсы салгылашууда курман болгон?
5. Маварауннахрдын тынчтыгы жолундагы Кожо Убайдуллах Ахрардын кызматы эмнеде болгон?
6. Султан Хусайн Байкара жана Алишер Наваий жөнүндө эмнелерди билип алдың?

## 38-§. СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛГЕРИЛӨӨ ЖАНА ЖАРАТУУЧУЛУК

**Таяныч түшүнүктөр:** ***экономикалык турмуш, кол өнөрчүлүктүн түрлөрү, ички жана тышкы соода, акча мамилеси, жерге ээлик кылуу, салык түрлөрү***

**Кол өнөрчүлүк.** Маварауннахрдын **Самарканд, Бухара, Ташкент, Шахрухия, Термез, Шахрисабз, Каршы** жана баш-

ка көптөгөн шаарлары кол өнөрчүлүк борборлоруна айланды. Шаарларда кол өнөрчүлүк маалелеринин саны көбөйүп, өнөр-кесип менен байланыштуу болгон жаңы-жаңы эс алуучу жайлар, кооз көчөлөр, базар түйүндөрү, үстү күмбөздүү базарлар пайда болду. Көптөгөн шаарларда зергерлик, жезчилик, ийне жасоо, соот жасоо, айнекчилик, ташты иштетүү, кен иштетүү сыяктуу кол өнөрчүлүк көчөлөрү болгон.

Шаарларда жип, жибек, жүн жана кенептен түрдүү гүл менен кооздолгон, түстүү жана жука, назик жана катуу кездемелерди токуп чыгарышкан.

XV кылымда темир буюм, курал-жарак жана аспаптар жасоо жогорку даражага көтөрүлөт. Металл буюм жасоочулардын көпчүлүгү үй-тиричилик буюмдары, курал-жарактар жана аспаптар жасоочу темирчилерден эле. Алардын арасында мык жасоочу, такачы, зым созуучу, бычакчы өңдүү түрдүү буюмдарды жасоочу усталар болгон.

Шаарларда, айрыкча Самарканд менен Launch Гератта зергерлик өнүккөн. Шаар зергерлери арасында алтын, күмүш жана жез куймаларынан түрдүү жасалгалар жана кымбат баалуу буюмдар жасоочу жана аларга назик табит менен көрк берүүчү усталардын саны көбөйө баштаган. Адатта оймо-чиймелер чегилген кымбат баалуу буюмдар байлыктын белгиси эсептелип, жогорку катмар адамдарына гана таандык болгон.

Орто кылымдын кол өнөрчүлүгүндө карапачылык (чоподон буюм жасоо) өтө өнүккөн көп багыттуу тармакка айланат. Ал кесечилик, кумурачылык жана дандырчылык өңдүү бир канча тармактарга бөлүнгөн. Бул мезгилде ташты кесип, ага оймо-чиймелер, кооз жазууларды түшүрүү өнөрү да аябай өнүккөн. Самаркандда Бибиханым жамааттык мечитинде Куранды коюу үчүн орнотулган чоң таш китеп койгуч, Гөрү Амирдеги нефриттен жасалган мүрзө ташы, Шахизинда (Шайхизинда) жана башка жерлердеги эстеликтерге түрдүү оймолор, кооздоп жазылган аяттар, ода (мактоо) сөздөр жана тарыхый тиркемелер жазылган.

Самарканд кол өнөрчүлүгүндө айрыкча, кагаз иштеп чыгуу өзгөчө орунду ээлеген. Самарканд кагазы орто кылым Чыгыш каллиграфия(көркөм жазуу)сында абдан атагы чыгып, анын белгилүү бир бөлүгү чет өлкөлөргө чыгарылган.

**Куруучулук, жыгач оймочулугу.** Бул мезгилде өлкөнүн

ири аймак-шаарлары, атап айтканда Самарканд жана Гератта курулуш иштери кеңири өнүгүп, курууучулардын ролу жогорулай баштайт. Кыш терип, имараттарды тургузгандар *«банно»*, имаратты көрктөп-коооздоп жасалгалагандар *«устат»* деп аталышкан.

Бул мезгилде жыгач оймочулугу да өнүгө баштаган. Чебер жыгач усталары жыгач оймочулугу менен алек болушкан. Алар гүлдүү оймолуу эшиктер, тор тосмолор, түркүк, чай иччү столдор, отургучтар жана башка көптөгөн буюмдар жасашкан. Гөрү Амир жана Шахизинданын аяттар жазылган оймо-чиймелүү эшиктери XV кылымдагы элдик усталардын жыгач оймочулук өнөрүндөгү эң сейрек үлгүлөрүнөн болуп саналат.

**Соода байланыштары.** XV кылымда Темурийлер алыскы жана жакынкы кошуна өлкөлөр: Кытай, Индия, Тибет, Иран, Орусия, Волга бою жана Сибирь менен үзгүлтүксүз соода-сатык жүргүзүп турушкан. Чет өлкөлөр менен өз ара соода-сатыкты кеңейтүүдө темурийлердин кошуна мамлекеттер менен алып барган элчилик байланыштары чоң роль ойнойт. **Улукбек** менен **Шахрух** Кытай менен үзгүлтүксүз түрдө элчилер алмашып турушкан. Алардын заманында Тибет жана Индия менен да жакшы коңшучулук мамилелери орнотулган.

**Акча мамилеси.** Экономикалык өнүгүү белгилүү даражада ошол мезгилде жүргүзүлгөн акча реформасы менен да байланыштуу эле. **Улукбек 1428-жылы** мамиледеги *фулусий акчаны* реформалаган. Улукбек жеңил салмакта согулган жана мамиледе жүргөн эски тыйын акчага тыюу салды. Эски тыйындарды жаңысына алмаштырып, ички сооданын фулусий акчаларына болгон керектөөсүн канааттандыруу үчүн бир мезгилдин өзүндө ал Бухара, Самарканд, Каршы, Термез, Ташкент, Шахрухия жана Андижан шаарларында акча жана тыйын чыгаруучу устаканаларды курдуруп, бирдей салмактагы оор фулустарды жасатып, мамилеге киргизди. Эл арасында *«фулуси адлия»* же *«адилеттүү чака»* аталышы менен белгилүү болгон Улукбектин мындай жаңы фулустары ички майда соода үчүн кең жол ачты. Ошону менен бирге Улукбек тышкы соодадан мамлекет казынасына түшө турган байлыкты көбөйтүү максатында *тамга салыгын* бир кыйла жогорулатты.

Ошентип, Улукбектин заманында мамлекетте ички жана

тышкы сооданын өсүшү кол өнөрчүлүк товарларынын көлөмүн ашырды, өнөр-кесиптик тармактардын өнүгүүсүндө негизги факторлордон бирине айланды.

**Дыйканчылык жана чарбачылык.** Мамлекетте тез-тез болуп турган ички өз ара согуштарга карабастан, XV кылымда да Маварауннахр жана Хурасан айыл-кыштактарында көрктөндүрүү иштери кыйла жолго коюлган. Жеке менчиктүү дыйкандардын чөл жерлердеги жаңы жерлерди өздөштүрүү, каналдар казып, бак-дарактар отургузуп көрктөндүрүү жана кароосуз калган таштанды жерлерди сугарып, жакшыртуу өңдүү эмгектери колдоп-кубатталат. Жадагалса, мындай дыйкандар бир-эки жыл бою бардык салык жана төлөмдөрдөн бошотулган.

Чарбанын экономикалык турмушунда негизинен жайлоо чарбачылыгы: *жылкычылык, төөчүлүк* жана *бодо малчылык* маанилүү орунду ээлеген.

*** Тамга – соода салыгы; соодагерлерден алына турган салык.**
*** Фулус – жезден жасалган майда тыйын акча.**

**Жерге ээлик кылуу.** XV кылым аралыгында Маварауннахр жана Хурасанда мурдагыдай эле жер жана мүлктүн төрт формасы болгон: *«мүлкү деваний»* – мамлекеттик жерлер, *«мүлк»* – менчик жерлер, *«мүлкү вакф»* – медресе жана мечиттерге тийиштүү жерлер жана *«жамаат жерлери»* болгон. Сугат жерлердин эң чоң бөлүгү мамлекеттин мүлкү эсептелген. Бул жерлерге мурдагыдай эле мамлекеттин өкүмдары султан же амирлер ээлик кылышкан.

Темурийлер доорунда мамлекеттик жерлерди *«суюргал»* түрүндө тартуу кылуу кең таркалган эле. Суюргал ээсинин көз карандылыгын күчөтүү максатында борбордук бийлик кээде алардын кол астындагы жер аянттарын кыскарткан же алардын укуктарын чектеп, эгерде баш ийбесе суюргал укугунан ажыратылган жана ал башка адамга берилген.

Бул мезгилде башкы өкүмдар тарабынан ири менчик мүлк ээлерине көрүнүктүү эмгеги үчүн *тархандык жарлыгын* берүү салтка айланды. Бул жарлыкты алган мүлк ээлери бардык салык,

төлөм жана милдеттемелерден бошотулган. Тархандык жарлыгы адатта амир, бек, сарай төбөлү, сайид жана башка жогорку катмар өкүлдөрүнө берилчү. Мындай жарлыкты алган менчик ээсинин атына «тархан» даражасы кошуп айтылчу.

XV кылымда да мурдагы мезгилдердеги сыяктуу абдан көп жер жана суу мечит, медресе, зыярат жай, мавзолей жана мазарларга бириктирилип, мындай жерлер «мүлкү вакф» деп аталган. Адатта жер жана суудан тышкары көптөгөн дүкөн, ишкана, тегирмен, суужуваз, базар түйүндөрү, кербенсарайлар да вакф кылынып, алардан түшкөн киреше мечит, медресе, табыптар үйү жана намаз окулчу жайларды оңдоо, кооздоо, жабдуу, мутавалли, мударрис, табып жана окуучуларга берилчү жардам пул, ошондой эле лангаркана (мусаапыркана) жана шыпааканалардын күндөлүк каржылары үчүн сарпталган.

**Салык түрлөрү.** Сугарма дыйканчылык жерлеринен алына турган негизги салык **«хыраж»** деп аталган. Хираж түшүм же акча түрүндө төлөнгөн. Салык түшүмгө жана жердин өнүмдүүлүгүнө карай белгиленген. Алсак, дарыя, булак же канал суулары менен сугарылган сугат жерден хыраж түшүмдүн үчтөн бир бөлүгү (33%) өлчөмүндө алынган. Сугарылбай турган жерлерден түшүмдүн алтыдан бир (16,5%) бөлүгүнөн сегизден бир (12,5%) бөлүгү өлчөмүнө чейин салык өндүрүлгөн.

Менчик жерлердин бир бөлүгүнөн **ушр**, же түшүмдүн ондон бир бөлүгү (10%) өлчөмүндө салык алынган. Мындай жерлер адатта заманасынын илим-билим берүүдө жана маданий турмушунда чоң кадыр-баркка ээ болгон белгилүү инсандарынын карамагында болгон. Мал чарбачылыгында кырктан бир, же 2,5% өлчөмүндө зекет алынган.

Негизги салыктардан тышкары эмгекчи калк бегор иштеринде да катышкан. Бегорго катышкан ар бир киши иштөө үчүн керектүү курал-жарак жана жетерлик тамак-ашты өзү менен бирге алып келүүгө тийиш болгон.

**1.** Темурийлер доорунда кол өнөрчүлүктүн кандай түрлөрү өнүккөн?

**2.** Жыгач оймочулугу, кагаз иштеп чыгаруунун өнүгүүсүнө мисалдар келтир.

**3.** Соода мамилелери кандай жолго коюлган эле?

**4.** Улукбектин акча реформасы жана анын натыйжалары жөнүндө эмнелерди билип алдың?

**5.** Темурийлер доорунда дыйканчылык кандай өнүккөн?

**6.** Темурийлер доорунда жерге ээлик кылуунун кандай түрлөрү болгон?

> *** Бегор – жергиликтүү калкка жүктөтүлгөн сарай, жамаатык имараттар, коргонуу жана сугаруу курулуштарын жана жол курулушу иштеринде жалпы түрдө иштеп берүү милдеттемеси, ыйык массалык ашар.**

**7.** Темурийлер доорунда кандай салык түрлөрү болгон?

**8.** «Тархан» жарлыгы жөнүндө айтып бер.

**Жогорудагы теманын негизинде төмөнкү жадыбалды толтур.**

| Кол өнөрчүлүктүн түрлөрү | Соода байланыштары | Жерге ээлик кылуу | Салыктын түрлөрү |
|---|---|---|---|
| | | | |

## АМИР ТЕМУР МАМЛЕКЕТИНИН КАРТАСЫ



# VI БӨЛҮМ. XIV-XV КЫЛЫМДАРДА ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТТЫН ЗАМАНБАП ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ РОЛУ ЖАНА МААНИСИ

## 39-§. ТААЛИМ СИСТЕМАСЫ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***Жалпы медресе (Madrasai umumiy), Жогорку медресе (Madrasai oliya).***

**Медреселердин ишмердүүлүгү.** Темур жана темурийлер доорунда медресе жогорку маалымат бере турган борбор милдетин аткарган. Мавараунннахр жана Хурасанда негизинен мамлекеттин жана бай адамдардын каражатына курулган көптөгөн медреселер бар эле. Медреседе дин илими менен бирге светтик (дүйнөлүк) илимдер: мыйзамчылык (фикх), логика, математика (riyozat), геометрия (handasa), астрономия, медицина, тарых, география, адабият, поэзия (ilmi aruz), араб тили жана анын морфологиясы (qofiya) окутулган. Медреседе эң мыкты адистер сабак беришкен. Аларга өзүнчө иш акы төлөнчү.

**1404-жыл**да Сараймүлкханым Самаркандда өз кооздугу, даражасы менен ошол доордогу башка имараттардан өзгөчөлөнүп тура тургандай кылып медресе курдурган болчу. Анда өз мезгилинин белгилүү окумуштуулары мугалимдик (mudarrislik) кылышкан.

Герат аймагынын өзүндө эле 36 медресе болуп, бул медреселерде жана ушул аймакта жайгашкан чакан хужраларда билим алуу үчүн түрдүү мамлекеттерден студенттер келишчү.

Гераттын айланасында жайгашкан амир Ферузшах медресеси жана ханакахы өзгөчө таанымал болчу. Инжил дарыясынын боюнда жайгашкан Ихласия медресеси жана Халасия ханакахы Хусайн Байкаранын бийлиги доорунда курулган.

Окутуу сыноо негизине алып барылып, ар айлык сыноодо билими бош студенттер түшүрүп калтырылып, окууну жалаң гана күчтүүлөр улантышкан.

Улукбектин указы менен **1417-жылда** Бухарада, **1420-жылда** Самаркандда, **1433-жылда** Гыждуванда медреселер курулган. Жадагалса Бухара медресесинин дарбазасына *«Билим алуу ар бир мусулман аял жана эркектин бурчу»,* деген чакырык оюп жазып коюлган. Мавараунннахрдын бул үч байыркы шаарларын-

да курулган илим алуу жайлары, мисалы, Самарканд медресеси өз заманынын университети эле.

**Улукбек медресеси.** **1420-жылы** ачылган Самарканд медресеси эки кабаттуу, элүү хужралуу болгон. Ар бир хужра үч бөлүмгө: казнак (кампа), жатакана жана дарсканаларга бөлүнгөн. Медреседе ошол замандын көрүнүктүү окумуштууларынан **Шамсиддин Мухаммад Хавафий** жетекчи мударрис болгон. Орто кылымдын белгилүү илимпоздору **Казызада Румий, Гыясиддин Жамшид Кашааний, Мырза Улукбек** жана анын шакирти **Алауддин Али Кушчулар** түрдүү предметтерден сабак беришкен. Медересе ачылган күнү биринчи сабакты **Шамсиддин Мухаммад Хавафий** өткөн. Сабакка илимге умтулган 90 адам катышкан. Медреседе астрономиядан сабакты Казызада Румий берген. Медреседе жок дегенде 15–16 жыл окуп, анын программасы боюнча сабакты толук өздөштүргөн жана экзамендерде өз билимин көрсөтө алган окуучуларга **санад** (аттестат) жазып берилген.

Ошол доордо Самаркандда Улукбек медресесинен сырткары Ханым, Кутбиддин Садр жана Мухаммад Садр медреселери да болгон.

Медресе жана ханаках угуучулары илимдин түрдүү тармактарынан көптөгөн китептерди талдашчу. Амир Темур жана анын муундарынын сарайларында байыркы дүйнө жана орто кылымдын баалуу чыгармалары сакталып келе жаткан бай китепканасы бар эле. Самаркандда Амир Темур жана Улукбектин, Гератта Шахрух, Байсунгур, Хусайн Байкара жана Алишер Наваийдин бай китепканалары илим таратуу менен алек болчу.

1. Темур жана Темурийлер доорунда медресе кандай милдетти аткарган?
2. Медреседе кандай предметтер окутулган?
3. Медреседе окутуу системасы кандайча уюштурулган?
4. Улукбек медресесинин иши жөнүндө айтып бер.
5. Темурийлер доорундагы китепканалардын мааниси жөнүндө өз оюңду баянда.

## 40-§. ТАК ИЛИМДЕРДИН ӨНҮГҮШҮ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***илим-билим борборлору, математика жана астрономия илимдеринин өнүгүшү, окумуштуулардын илимий мурасы, Самарканд академиясы, обсерватория.***

***Илим-билим борборлору.*** XV кылымда Самарканд жана Гератта окумуштуулар, аалымдар, акындар, ырчылардын ири тобу куралган болчу. Илим жана көркөм өнөрдүн өнүгүүсүндө өз заманынын маданий чөйрөсүндө тарбияланып, жаштайынан эле белгилүү илимпоз катары атагы чыккан Улукбектин ролу жана салымы эбегейсиз зор. Улукбек өлкөнү башкаруу менен бирге илимий иштер менен да алектенген, окумуштуулардын талкууларында катышат. Улукбек өзүнөн мурда өткөн Ахмад Ферганий, Абу Наср Фарабий, Муса Харезмий, Абу Райхан Беруний жана Ибн Синанын чыгармаларын кунт менен окуп үйрөнгөн. Бул улуу ойчулдардын чыгармалары аркылуу ал байыркы грек окумуштуулары Платон, Аристотель, Гиппарх, Птоломейдин классикалык чыгармалары менен таанышат.

Астрономия жана математика тармагында жетишкен ийгиликтер Темурийлер мамлекетине даңк келтирди. Бул даңк биринчи орунда Улукбектин аты менен байланыштуу.

**Улукбек обсерваториясы.** Самаркандда өз айланасына чогулган илимпоздордун түздөн-түз катышуусу жана жардамы менен **Мырза Улукбек 1424–1429-жыл**дары шаар жакынындагы Абырахмат суусунун боюнда обсерватория курдурган. Азырга чейин окумуштуулардын кызыгуусун ойготуп келе жаткан бул чоң имараттын бийиктиги 31 метр болчу.



**Улукбектин обсерваториясынын ички көрүнүшү.**

Гыясиддин Жамшид башчылыгында обсерваториянын негизги өлчөө аспабы – ири секстант орнотулган. Самарканд секстанты ошол мезгилде Чыгышта белгилүү болгон секстанттардын эң чоңу болуп эсептелген. Улукбек обсерватория алдында өз доорунун бай китепканасын да түзгөн. Бул китепканада

илимдин дээрлик бардык тармагына тийиштүү он беш миң том китеп сакталган.

Улукбектин активдүү катышуусу менен Улукбек обсерваториясы ошол доордун шартына жараша өркүндөтүлгөн астрономиялык аспаптар менен жабдылган жогорку даражалуу илим изилдөө борборуна айланат. Обсерваторияда Улукбек менен бирге белгилүү математик жана астрономдордон *«Афлотуни замон»* (Учурдун Платону) деп наам алган **Казызада Румий, Гыясиддин Жамшид Кашааний**, «өз доорунун Птолемейи» деген атак-даңкка ээ болгон **Али Кушчу** жана башка көптөгөн илимпоздор илимий күзөтүүлөр жана текшерүүлөр алып барган. Кыскасы, Улукбек Самаркандда бүтүндөй бир астрономия мектебин жараткан.

*** Академия – жогорку илим мекеме.**
*** Обсерватория – асман телолорун изилдөө үчүн атайын жабдылган илимий мекеме жана ошол мекеме жайгашкан имарат.**
*** Секстант – асман жарыткычтарынын бийиктигин белгилөө үчүн ылайыкталган күзгү – чагылткычтуу аспап.**

Обсерваторияда алып барылган күзөтүү жана текшерүүлөр натыйжасында **1018** туруктуу жылдыздын орду жана абалы аныкталып, алардын астрономиялык жадыбалы түзүлөт. Обсерваторияда алып барылган изилдөөлөрдүн натыйжалары негизинде математика жана астрономияга тиешелүү бир топ баалуу чыгармалар жаралат.

Улукбектин эң көрүнүктүү чыгармасы «Зижи жадиди Көраганий» (Көраганийдин жаңы астрономиялык жадыбалы) аттуу китеби болуп саналат. «Зижи жадиди Көраганий» негизинен эки бөлүктөн: кеңири кириш сөз жана 1018 туруктуу жылдыздын орду жана абалын аныктап берген жадыбалдан турат. Улукбектин астрономиялык жадыбалы ошол доордун ушуга окшош жадыбалдарынын арасында жогорку даражадагы тактыгы менен айырмаланып турган. Ошондой эле, Улукбектин жыл эсебин азыркы жыл эсептөөлөрү менен салыштырсак, болгону бир минута эки секундага айырмаланат. Бул, XV кылым үчүн өтө жогорку тактык болуп, азыркы мезгил өлчөөлөрүнө өтө жакын.

Улукбек «Тарихи арба улус» (Төрт улус тарыхы) аттуу тарыхый чыгарма жана музыка таануу илимине арналган 5 китепче да жазган. Улукбектин астрономия мектеби өз мезгилинин өзүнө мүнөздүү академиясы эле.

Француз философу, жазуучу жана тарыхчы окумуштуу **Вольтер** (1694–1778): *«Улукбек Самаркандда болуп, академияга негиз салды. Жер шарын өлчөөнү буюрду жана астрономиялык жадыбалдарды түзүүдө катышты»*, – деп жазган эле. Улукбектин астрономия мектеби орто кылымдар Чыгыш мусулман астрономиясынын өнүгүүсүнө чоң таасир көрсөттү.

**«Самарканд академиясы» – 1004-жылда Харезмде түзүлгөн «Даанышмандар үйү»нөн (Маамун академиясы) кийинки экинчи «Дар ул-илим» эле.**

**1.** XV кылымда кайсы шаарлар илим-билим борборлору болгон? Анын себеби эмнеде?

**2.** Улукбектин илим-билимди өнүктүрүү жолундагы салымы жөнүндө эмнелерди билип алдың?

**3.** Улукбек обсерваториясы жана анын илимий мааниси жөнүндө сүйлөп бер.

4. «Зижи жадиди Көраганий» чыгармасынын кандай мааниси бар?

5. Так илимдердин өнүгүүсү кандай натыйжаларга алып келиши мүмкүн эле?

## 41-§. АДАБИЯТ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***классикалык адабияттын өкүлдөрү, тарыхчылар.***

***Классикалык адабияттын өкүлдөрү***. Орто Азия элдеринин адабияты көркөм ыкма жагынан өнүп өсүп, жаңы чокуларга көтөрүлдү. Прозада да, поэзияда да көптөгөн баалуу көркөм жана лирикалык чыгармалар жаратылды. Орто Азия элдери, атап айтсак, өзбек жана тажик адабияты ортосунда өз ара мамилелер, байланыштар кеңейди жана бекемделди. Котормо адабият пайда болду. Көркөм адабияттын өсүүсү менен тыгыз байланышкан түрдө адабият таануу да өнүктү, баалуу чыгармалар жазылды.

**Дурбек** тарабынан кайра иштелген *«Жусуп менен Зулайка»* дастаны, ташкенттик акын Атаийдин деваны ошол мезгилдин көркөм адабиятынын берметтери болгон.

Бул мезгил өзбек акындары ичинен *Лутфий* (1366–1465) өзгөчө орун ээлейт. Наваийге чейинки өзбек поэзиясында Лутфийге тең келе турган эч ким болгон эмес. Ал түркий тилде гана чыгарма жаратып калбай, фарс тилинде да поэмалар жазган. Лутфийдин чыгармачылыгында чындык жана адилеттүүлүктү сүйүү, мээримдүү жана кайрымдуу болууга үгүттөө, илим жана искусствону урматтоо идеялары басымдуулук кылган.

XV кылымдын көркөм адабиятынын өнүгүүсүндө ири мамлекеттик ишмер, улуу акын, ойчул, акылман **Алишер Наваий (1441-1501)** жана улуу фарс-тажик акыны **Абдурахман Жаамий (1414-1492)**дин салымдары абдан зор болгон. Наваий бүт ишмердүүлүгүн жана чыгармачылыгын инсандын бак-таалайы үчүн күрөшкө, элдин тынчтыгына, өз ара согуштардын алдын алууга, көрктөндүрүү иштерине, илим-билим, маданият жана адабияттын өнүгүүсүнө арнады. Ал өзбек адабий тилин, өзбек классикалык адабиятын жаңы өнүгүү баскычына көтөргөн улуу сөз чебери болгон. Наваий отуздан ашуун ири көркөм чыгармаларды жаратты. *«Хамса», «Хазойин ул-маоний, «Махбуб ул-кулуб», «Лисон ут-тайр»* ушуларга мисал болот.

Өзбек элинин улуу акыны жана ойчулу Алишер Наваий өзүнүн ишмердиги жана чыгармачылыгы, ошондой эле баа жеткис чыгармаларында көтөргөн бийик гумандуулук идеялары менен дүйнөлүк адабияттын улуу өнөрпоздорунун катарынан татыктуу орун ээледи. Абдурахман Жаамий Алишер Наваийдин замандашы, устаты жана досу эле. Алардын достугу жана мамилелери өзбек жана боордош элдердин достугу жана шериктештигинин айкын белгиси болуп саналат.



**Алишер Наваий.**

***Эгерде бул улуу инсанды олуя десек, ал олуялардын олуясы, ойчул десек, ойчулдардын ойчулу, акын десек акындардын султаны болуп саналат.***

**Ислам Каримов. «Жогорку руханият – жеңилгис күч»**

**Тарыхчылар.** Тарых илиминин ири өкүлдөрүнөн бири ***Мирханд*** (1438-1498) болуп, анын чыныгы аты ***Мухаммад Хавандшах ибн Махмуд*** эле. Ал Балхта туулган болсо да, өмүрүнүн көп бөлүгүн Гератта өткөрдү. ***Мирханддын*** ата-бабалары келип чыгышы бухаралык болуп, фикх илиминде заманасынын жетишкен аалымдары катарында таанымал болгон. ***Мирханд*** жөнүндө маалыматтар аябай аз. Ал жөнүндөгү айрым маалыматтар небереси **Хандамир** тарабынан жазып калтырылган: «*Чоң атам мырза амир Хаванд Мухаммад жигиттик маалында түрдүү илимдерден билим берүү жана назик сапаттарды өөрчүтүү жолунда тырышкактык менен катуу эмгектенди... кыска убакыт ичинде билимде заманасынын аалымдарынын алдыңкыларынан болуп алды. Ал (көбүнчө) тарых илимин кесип кылды жана дүйнөнүн абалын жана эстеликтерин изилдөөгө киришет. Мыкты эс тутумун тез убакыт ичинде бул илимди ээлөдөн арылтты, бирок мүнөзү оюн-күлкү менен ичимдиктерге кошулууга жол бербеди, аларга азгырылбады... Сабак берүү жана илимге болгон кызыгуу анын айкын эскерүүсүндө көрүнбөгөн. Бирок (бул абал) ... үмүт жана кутулуунун ордосу, ошондой эле кең пейил Султан (Хусайн) азиретинин жакын досу (Амир Алишер Наваий)нун алдына барганга чейин жана анын түрдүү жардам-көмөк, колдоо жана ырайымдуулуктарын тапканга чейин уланды*».

***Мирханд*** *Алишер Наваийнин көрсөтмөсү* жана колдоосу менен «*Равзат уз-сафа*» («Бейиш багы») чыгармасын жазат. **Хандамирдин** айтуусу боюнча, бул чыгарма ***Мирханд*** тарабынан жазып бүтүлбөгөн. Чыгарманы **Хандамир** жазып түгөткөн. «*Равзат уз-сафа*» чыгармасында дүйнөнүн жаратылышынан баштап 1523-жылга чейинки Орто Азия, Жакын жана Орто Чыгыш мамлекеттеринде болуп өткөн социалдык-саясий окуялар кеңири баяндалган. ***Мирханд***дын бул чыгармасы Чыгыш мамлекеттеринде абдан чоң аброй тапкан. Дүйнө китепканаларында «*Равзат уз-сафа*» чыгармасынын көпчүлүк кол жазма нускалары бар. Европада ***Мирханд***дын чыгармасы көп убакытка чейин Чыгыш тарыхы боюнча маанилүү булак болуп кызмат кылган.

Мирханддын небереси Хандамир (1475-1535) да өз доорунун атактуу тарыхчысы эсептелет. Ал азирети Алишер Наваийнин шакирти эле. Хандамир 15-16 жашынан Алишер Наваий-

нин назарына түшөт жана анын өлүмүнө чейин улуу акындын жанында болуп, анын китепканасына башчылык кылат. Хандамир өзүн кең маалыматы, илимге умтулуусу менен улуу аалым жана даанышман акындын урматына ээ болот. Наваий Хандамир жөнүндө «*Мажолис ун-нафоис*» чыгармасында төмөнкүлөрдү жазып калтырган: *«Мавлаана Хандамир Мирханддын перзенти жана татыктуу жигит болуп эсептелет. Тарых илиминде тажрыйбасы бар».*

**Хандамир** көп иштеген аалым эле. Ал тарыхка байланыштуу онго жакын чыгармалар жазып калтырган. ***Хандамир*** өзүнүн өлбөс тарыхый чыгармалары менен көп кылымдык маданиятыбыздын казынасын байытты жана илимдин тарыхында өчпөс из калтырды. ***Хандамир*** өз чыгармаларында элибиздин өтмүш тарыхын жана окуяларын кооз сүрөттөгөн. Айрыкча анын «Хабиб ус-сияр» чыгармасы Орто Азия жана Хурасандын XV кылымдын аягы жана XVI кылымдын баштарындагы социалдык-саясий тарыхын үйрөнүүдө маанилүү жана баалуу булактардан бири эсептелет.

**1.** XV кылымда акын-жазуучулардан кимдер жашап-иштешкен?

**2.** Лутфий өзбек акындары ичинде кандай орун туткан? Ал жөнүндө кошумча маалыматтар чогулт.

**3.** Өзбек адабиятынын өнүгүүсүндө Алишер Наваийнин кызматы эмнелерден турат?

**4.** Мирханд жана Хандамир кайсы доор тарыхы жөнүндө чыгармалар жазып калтырышкан?

## 42-§. СҮРӨТ ӨНӨРҮ

**Таяныч түшүнүктөр:** ***китеп даярдоо өнөрү, сүрөт өнөрү, каллиграфия, сүрөтчүлүктүн Герат мектеби.***

**Китеп даярдоо өнөрү.** XV кылымда китеп даярдоо өнөрү, о. э. кол жазма чыгармаларын көчүрүп жазуу жана аны менен байланыштуу болгон катчылык, сүрөтчүлүк, мукабачылык жана оймо-чиймечилик да абдан жакшы өнүккөн эле.

Басмакана жана китептерди басмадан чыгаруу али пайда болбогон заманда китеп жаратуу жана анын нускаларын көбөйтүү оор эмгек жана көп убакыт талап кылган өтө татаал иш болгон.

*** Лаввахтык – көрүнүш чийүү**
*** Саххафтык – кагазга беттөө жана китепти мукабалоо**

Ар бир китеп кагазынан тартып мукабасына чейин, сыясынан тартып боёкторуна, жалтырак түстөрүнө чейин белгилүү бир эреже боюнча даярдалчу. Катчы (каллиграф) болуу үчүн көпкө чейин сабырдуу болуу жана кунт менен машыгуу, мыкты сабаттуу, көркөм диттүү, чыгармачыл киши болуусу керек эле. Чебер катчылар өз ыкмасы жана тилин шакирттерине үйрөтүшкөн. Ошондуктан катчылык салты улантылып жана өркүндөтүлүп турган. Белгилүү катчы **Мирали Табризий** (1330–1404) настаалык деп аталган жаңы усулдагы кат жазуу ыкмасын ачты. Жа–зуусу кооз катчылардан бири **Султаналы Мешхедий** (1432–1520) болгон. Султаналы тарабынан көчүрүлгөн 50 дөн ашуун китеп жана көптөгөн ырлар азыркы мезгилге чейин сакталып калган. Ал катчылык өнөрү түрлөрү жөнүндө атайын чыгарма да жазган. **Султаналы Мешхедий** *«Катчылардын кыбыласы»* («Киблат ул-куттоб») жана *«Катчылар султаны»* («Султон ул-хаттотин) деген наамдар менен атак-даңкка жетишет. Самарканд жана Гератта атайын сарай китепканалары түзүлгөн. Китепкана иштеринде китепкана даругасы же китепканачы башчылык кылган. Анын кол астында катчылар, оймо-чиймечилер, сүрөтчүлөр, чебер усталар жана мукабачылар буюртмаларды аткарышкан. Мисалы, Гератта Улукбектин иниси Байсунгурдун



**Сүрөтчү Махмуд Музаххиб тарткан Наваийдин сүрөтү.**

китепканасында кырк катчы жана бир нече оймо-чиймечи кол жазмалардан нускаларды көчүрүү жана аларды коздоо менен алек болушкан. 1429-жылы бул китепканада Абулкасым Фирдавсийдин белгилүү «Шахнаама» поэмасы көчүрүлүп, ал 20 даана түрдүү мазмундагы жана көрүнүштөгү түстүү миниатюралар менен кооздолгон.

Хусайн Байкара жана Алишер Наваий ордо китепканасын сейрек кездешүүчү китептер менен толуктоого демөөрчүлүк кылышкан.

**Сүрөт өнөрү. Камалиддин Бекзат (1455-1536)** XV кылым көркөм сүрөт өнөрүнүн көрүнүктүү өкүлү. Ал сүрөтчүлүктө *«Герат мектеби»* деп аталган жаңы бир чыгармачыл ыкманын негиздөөчүсү болду. Ал өз доорунда «Экинчи Моний» деп улууланган. Ал устат сүрөтчү катары Орто Азия, Иран, Азербайжан жана башка өлкөлөр көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүүсүнө зор таасир тийгизген. Бекзаттын чыгармачылыгы көп кырдуу мазмунга ээ болуп, ал тарыхый инсандардын (Хусайн Байкара, Шайбанийхан, Алишер Наваий) портреттеринен тартып, падыша сарайындагы салтанаттуу аземдер жана согуш майданындагы көрүнүштөрдү реалдуу жана таасирдүү кылып бере алган. Айрыкча, Дехлавийдин «Лейли менен Мажнун» поэмасына арналган лирикалык эпизоддору же Шарафиддин Али Яздийнин «Зафарнаама» чыгармасы үчүн тартылган согуш майданындагы кескин күрөш көрүнүшү тартылган миниатюралары өзүнө тартып, аябай таасирдүү чыккан.

Бекзаттын салттары кийинки доор сүрөтчүлөрүнүн чыгармачылыгына оң таасир көрсөттү. Анын чыгармачылыгы жана мурасы искусство таануучулар, сүрөтчүлөр тарабынан кеңири үйрөнүлөт. Бекзаттын атын түбөлүктөштүрүп, Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримовдун 1997-жыл 23-январдагы токтомуна ылайык, Камалиддин Бекзат атындагы Мамлекеттик сыйлык жарыяланды, Улуттук сүрөтчүлүк жана дизайн институтуна Бекзаттын аты берилди.

2000-жылдын ноябрында Ташкент, Самарканд шаарларында жана чет өлкөлөрдө ЮНЕСКОнун колдоосу менен Бекзаттын туулгандыгынын 545 жылдыгы кеңири белгиленди, Ташкент шаарында Бекзат атындагы эстели багы курулду. Ташкентте Темурийлер тарыхы мамлекеттик музейинде Бекзатка арнап Улуу Британия, Түркия, Индия, Азербайжан, Тажикстан жана Өзбекстандын искусство таануучу окумуштуулары катышуусунда эл аралык илимий конференция өткөрүлдү.



**Камалиддин Бекзат.**

Кыскасы, көркөм сүрөт өнөрү чыгармалары менен көркөм адабияттын өз ара тыгыз байланышта өнүккөндүгү, бири экинчисине натыйжалуу таасир эткенин көрсөтөт.



**1.** Китеп даярдоо өнөрү менен байланыштуу дагы кайсы өнөрлөр абдан жакшы өркүндөгөн эле? Эмне үчүн дал ушул өнөрлөр өркүндөгөн деп ойлойсуң?

**2.** Катчылык өнөрү жөнүндө кандай элеске ээ болдуң?

**3.** Китепканалардын өнүккөндүгүн мисалдар менен түшүндүр.

**4.** XV кылымда сүрөт өнөрү кандай сүрөттөрдөн турган?

**5.** Камалиддин Бекзат жөнүндө кыскача маалымат даярда.

**МАЗМУНУ**

Киришүү..................................................................................3

## I БӨЛҮМ.
## ОРТО КЫЛЫМДАРДА ЖЕРГЕ ЭЭЛИК КЫЛУУ МАМИЛЕЛЕРИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

1-§. Коомдук-саясий өзгөрүүлөр..............................................6
2-§. Алгачкы орто кылымдардагы харезм, хиянийлер, кидарийлер мамлекеттери..............................................................8
3-§. Эфталдар мамлекети. Эфталдар доорундагы социалдык -Экономикалык жана маданий турмуш....10
4-§. Орто азия элдери түрк каганаты доорунда .......................13
5-§. Батыш түрк каганаты.....................................................16
6-§. Жергиликтүү акимдиктердин пайда болушу........................18
7-§. VI–VII кылымдардагы маданий турмуш..........................22

## II БӨЛҮМ
## АРАБ ХАЛИФАТЫ ДООРУНДАГЫ МАВАРАУННАХР

8-§. Маварауннахрда араб халифатынын орнотулушу...........27
9-§. Маварауннахрда ислам дининин пайда болушу................31
10-§. Халифатка каршы элдин наразылыгы..........................33
11-§. Аббасийлер бийлиги доорунда хурасан жана мавараун-нахр...................................................................................38

## III БӨЛҮМ

## МАВАРАУННАХРДА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ТҮЗҮЛҮШҮ

12-§. Карлуктар, огуздар, тахырийлер....................................42
13-§. Саманийлер...................................................................46
14-§. Саманийлер доорундагы. Социалдык-экономикалык турмуш.....................................................................................49
15-§.Газнавийлер...................................................................53

16-§. Караханийлер ....................................................................55
17-§. Харезм мамлекети жана анын гүлдөп-өсүшү...................61
18-§. Харезмшах менен чыңгызхандын ортосундагы мамилелер..........................................................................................64
19-§. 19-§. Мухаммад харезмшахтын мамлекеттик коргонуусуна тиешелүү чаралары жана анын акыбети...................................67
20-§. Жалалидин мангубердинин харезм тактына отуруусу...71
21-§. Жалалиддин мангуберди чебер кол башчы......................74
22-§. Жалалиддин мангуберди ата мекендик баатыр...................78
23-§.Чыгатай улусунун түзүлүшү.............................................82
24-§. Социалдык-экономикалык турмуш................................84
25-§. Этникалык жараяндар жана өзбек элинин пайда болушу.........................................................................................88

## IV БӨЛҮМ. АТА-БАБАЛАРЫБЫЗДЫН ИЛИМИЙ МУРАСЫ ТҮБӨЛКТҮҮЛҮККӨ ТИЕШЕЛҮҮ ИДЕОЛОГИЯЛЫК КАЗЫНА

26-§. Маварауннахр жана харезмдин Маданий турмушу............91
27-§. Адабият.............................................................................98
28-§. Диний билимдердин өнүгүүсү.......................................101
29-§. Архитектура, көркөм өнөр жана музыка............................106

## V БӨЛҮМ. АМИР ТЕМУР ЖАНА ТЕМУРИЙЛЕР ДООРУНУН ТАРЫХЫ

30-§. XIV кылымдын ортолорундагы маварауннахрдагы социалдык-саясий кырдаал...............................................................109
31-§.Амир темур – борборлошкон мамлекеттин негиздөөчүсү..........................................................................................114
32-§. Амир темур мамлекетинин Түзүлүшү..........................116
33-§. Амир темурдун тышкы саясаты....................................121
34-§. Амир темурдун дүйнөлүк тарыхтагы орду........................126
35-§. Темурийлер доорунундагы саясий жараяндар.................130
36-§. Мырза улукбектин өкүмдарлыгы доорундагы маварауннхр...132

37-§. Темурийлер мамлекетинин Кризиске жүз бурушу..........136
38-§. Социалдык-экономикалык илгерилөө жана жаратуучулук..........139

## VI БӨЛҮМ.
## XIV-XV КЫЛЫМДАРДА ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТТЫН ЗАМАНБАП ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ РОЛУ ЖАНА МААНИСИ

39-§. Таалим системасы..........145
40-§. Так илимдердин өнүгүшү..........147
41-§. Адабият..........149
42-§. Сүрөт өнөрү..........153

*O‘quv nashri*

MUHAMMADJONOV ABDULAHAD RAHIMJONOVICH

# O‘ZBEKISTON TARIXI

**(IV ASRDAN XVI ASRGACHA)**

**7-SINF**

*O‘zbekiston Respublikasi Xalq ta’limi vazirligi tomonidan tasdiqlangan*

Qayta ishlangan uchinchi nashr
(qirg’iz tilida)

“Sharq” nashriyot-matbaa
aksiyadorlik kompaniyasi
Bosh tahririyati
Toshkent – 2017

Которгон *А. Зулпихорова, Г. Усмонова*
Редактору *А. Зулпихорова*
Корректору *Б. Кадырова*
Беттеген *А. Фозилова*

**Басманын лицензиясы AI № 201, 28.08.2011-ж.**

Басууга уруксат берилди: 30.01.2018. Форматы 60x90$^{1}/_{16}$. “Times New Roman” гарнитурасы. Офсеттик ыкма. Шартуу басма табагы 10,0. Эсеп басма табагы 10,7. Тиражы 720 нуска. 4773-сандуу буюртма.

**“SHARQ” басма-полиграфиялык**
**акционердик компаниясынын басмаканасы,**
**100000, Ташкент шаары, Буюк Турон көчөсү, 41-үй.**

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөткөн жадыбал

| № | Окуучунун аты, жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчи-синин колу | Окуу китебинин тапшыр-гандагы абалы | Класс жетекчи-синин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү критерийлердин негизинде толтурулат.**

| Абал | Окуу китебинин алгачкы жана пайдаланууга берилгендеги абалы. |
|---|---|
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби ысык бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, айрылбаган, беттеринде жазуу-чийүүлөр жок. |
| Канааттан-дырарлык | Мукабасы жакшы, кайра чийилген, четтери тытылган, окуу китеби-нин ысык бөлүгүнөн ажыраган абалы бар, пайдалануучу тара-бынан канааттандырарлык ремонттолгон. Ажыраган барактары кайра ремонттолгон, айрым беттеринде чийилген. |
| Канааттан-дырарлык эмес | Мукабасы чийилген, жыртылган, ысык бөлүгүнөн ажыраган ж-е тытылган жок, канааттандырарлык ремонттолгон. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз эмес, чийик, боёк такталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |



*O'quv nashri*

MUHAMMADJONOV ABDULAHAD RAHIMJONOVICH

# O'ZBEKISTON TARIXI

**(IV ASRDAN XVI ASRGACHA)**

**7-SINF**

*O'zbekiston Respublikasi Xalq ta'limi vazirligi tomonidan tasdiqlangan*

Qayta ishlangan uchinchi nashr
(qirg'iz tilida)

"Sharq" nashriyot-matbaa
aksiyadorlik kompaniyasi
Bosh tahririyati
Toshkent – 2017

Которгон *А. Зулпихорова, Г. Усмонова*
Редактору *А. Зулпихорова*
Техникалык редактору *Р. Бабаханова*
Корректору *Б. Кадырова*
Беттеген *А. Фозилова*

**Басманын лицензиясы АI № 201, 28.08.2011-ж.**

Басууга уруксат берилди: 30.01.2018. Форматы $60x90^{1}/_{16}$. "Times New Roman" гарнитурасы. Офсеттик ыкма. Шартуу басма табагы 10,0. Эсеп басма табагы 10,7. Тиражы 98 нуска. 4773 А-сандуу буюртма.

**"SHARQ" басма-полиграфиялык**
**акционердик компаниясынын басмаканасы,**
**100000, Ташкент шаары, Буюк Турон көчөсү, 41-үй.**